Ө. Б. СААЛАЕВ

# МАМЛЕКЕТ ЖАНА УКУК



9

## Кыргыз Республикасынын Герби




## Кыргыз Республикасынын Желеги



# Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик Гимни

*Сөзү: Ж. Садыков, Ш. Кулуевдики*

*Муз.: Н. Давлесов, К. Молдобасановдуку*

Ак мөңгүлүү аска-зоолор, талаалар,
Элибиздин жаны менен барабар.
Сансыз кылым Ала-Тоосун мекендеп,
Сактап келди биздин ата-бабалар.

*Кайырма:* Алгалай бер, кыргыз эл,
Азаттыктын жолунда.
Өркүндөй бер, өсө бер,
Өз тагдырың колуңда.

Байыртадан бүткөн мүнөз элиме,
Досторуна даяр дилин берүүгө.
Бул ынтымак эл бирдигин ширетип,
Бейкуттукту берет кыргыз жерине.

*Кайырма:*

Аткарылып элдин үмүт-тилеги,
Желбиреди эркиндиктин желеги.
Бизге жеткен ата салтын, мурасын,
Ыйык сактап, урпактарга берели.

*Кайырма:*

Ө. Б. СААЛАЕВ

# МАМЛЕКЕТ ЖАНА УКУК

Жалпы билим берүүчү орто мектептердин
9-классы үчүн окуу китеби

Биринчи басылышы

*Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги бекиткен*

«Билим-компьютер»
Бишкек – 2012

БИБЛИОТЕКА
СШ № 32
г. Бишкек

# КИРИШ СӨЗ

## ЖАРАНДЫК БИЛИМ БЕРҮҮНҮН МАКСАТТАРЫ ЖАНА МИЛДЕТТЕРИ

Азыркы мезгилде биздин коомубузда жарандык билим берүү чоң мааниге ээ болуу менен ага болгон талап өсүүдө. Алар жаңыдан өнүгүп келе жаткан Кыргызстандын саясый-экономикалык турмушунан ачык көрүнүп турат.

Кыргызстандагы жарандык билим берүү өзүнө саясый укуктук жана адеп-ахлактык билим берүүнүн элементтерин камтуу менен жарандардын саясый жана укуктук маданиятын жогорулатууга арналган. Жарандык билим берүү мектеп окуучуларынын коомдук турмушка аралашуу жана андагы маанилүү иштерди чечүүгө катышуусуна өбөлгө түзөт. Окуучулар мамлекет, коомдун түзүлүшү, уюштурулушу жана дөөлөттөрү, укук ж. б. тууралуу түшүнүгүн жогорулатуу менен коомдогу өз ордун таба билүү жөндөмдүүлүктөрүнө ээ болушат. Окуучулар мамлекеттик органдардын түзүлүшүн, иштөө тартибин, алардын ишин жөнгө салуучу мыйзамдар тууралуу маалымат алышат. Жарандык билим берүү өлкөнү демократиялаштыруунун зарыл бөлүгү гана болбостон, коомду өнүктүрүүгө жана тынчтыкты бекемдөөгө да салым кошот.

Ошентип, жарандык билим берүүнүн максаттары менен таанышалы:

- окуучуларды жарандардын саясый жана жарандык укуктары менен милдеттерин тааныштыруу. Ошондой эле ал укуктарды ишке ашырууга жардам берүү;
- КР мамлекеттик жана жергиликтүү деңгээлдеги башкаруунун түзүлүшү, башкаруунун жүрүшү менен тааныштыруу;
- окуучулар республикалык, жергиликтүү жана эл аралык деңгээлдердеги өкмөттүк эмес уюмдардын түзүлүшүн билишет;
- окуучулар бийлик органдары жана өз аймактарындагы жамааттар менен иштешүү үчүн сынчыл ойлоно билүүгө көнүгүшөт;
- коомдун өзүнчө уюмдашуусунун түрдүү жолдоруна сын көз караш менен баа берүүгө үйрөнүшөт;

- улутуна карабастан, башкалардын пикирин угуу, жамааттын ынтымактуу болушуна салым кошуу мүмкүнчүлүгүнө ээ болушат;

- өздөрү жашаган жамаатты башкарууга жигердүү катышууга демилге көтөрө алышат. Ошондой эле Европа кеңеши (Совет европы) иштеп чыккан жарандуулук түшүнүгүнүн принциптери да жарандык билим берүүнүн максаттарынан жана милдеттеринен болуп эсептелет.

Аларга:

- бирөөнүн укугуна жана эркиндиктерине шек келтирбестен, өз укугун жана эркиндиктерин пайдалана билүү;

- бийликтегилер менен башка жарандар жана алардын бирикмелери менен сүйлөшө билүү жөндөмдүүлүгү;

- мамлекет жана коом алдындагы юридикалык жана моралдык милдеттенмелерине, өзүңдүн тандаган чечимиңе жана кылган иштерине жоопкерчиликте болуу;

- социалдык чындыкка болгон сын мамиле, аны кайра түзүүгө болгон аракет кирет.

# АДАМ, КООМ, МАМЛЕКЕТ ЖӨНҮНДӨ ТҮШҮНҮК ЖАНА КЫРГЫЗСТАН МАМЛЕКЕТТҮҮЛҮГҮНҮН ТАРЫХЫ

## § 1. АДАМ ЖАНА ИНСАН ЖӨНҮНДӨ ТҮШҮНҮК

***Түшүнүктөр:***

- Адам биологиялык социалдык жандык.
- Инсан.
- Индивидуум.

***Тапшырма:***

- Маалыматтар картасын түзүү.
- Адам тууралуу маалыматтарды схема түрүндө көрсөтүү.
- Инсандын негизги сапаттары кайсылар?
- Эмне үчүн жарандык жигердүүлүк инсандын негизги сапаты болуп эсептелет?
- Инсан жана индивидуалдуулуктун өзгөчөлүктөрү.

### Адам биологиялык продукт катары

Окумуштуулар биздин заманга чейин эле адамдын эң маанилүү белгиси болуп анын коомдук жандык болгондугу эсептелет деген жыйынтыкка келишкен. Адам эмгектенүүнүн натыйжасында айбанаттардан бөлүнүп чыккан. Ал эми эмгек коллективдүү, демек, коомдук гана болушу керек. Адам башынан эле коомдук болгон. Коомдо эл менен болгон мамиледе эмгек гана адамдык жаңы сапаттардын: тилдин, ойлонууга жөндөмдүүлүктүн жана башкалардын жаралышына алып келген. Ар бир жаңы төрөлгөн бала коомдо гана адам боло алат. Кээде кичинекей балдар айбанаттардын арасында калган учурлар да болгон. Алар чоңойгондо эки буттап басканды, ойлонгонду, сүйлөгөндү, бир нерселерди пайдаланганды үйрөнгөн эмес. Эл арасында алар өздөрүн колго түшкөн айбанаттардай алып жүрүшкөн.

Адам – бул жаратылыштын **эң жогорку продуктысы.** Ал көптөгөн биологиялык керектөөлөргө ээ. М.: дем алат, тамактанат, уктайт, белгилүү бир жагымдуу чөйрөгө муктаж.

Биздин денебиз, каныбыз, мээбиз, жаратылышка таандык. Ошентип адам **биологиялык жандык** – бул адамдын анатомиясында жана физиологиясында адамдын организминдеги химиялык, мээ-нерв системасындагы ж. б. процесстерден көрүнүп турат. Адамдагы социалдык жана биологиялык кошулмалар бириктирилген.

Адамдын түз басышы, мээ түзүлүшү, өңү, колунун формасынын бардыгы, адамдын узак убакытка созулган коллективдүү эмгегинин натыйжасы болгон.

Ар бир баланын ойлонгонго мээси, үн чыгаруучу органдары бар, бирок ал коомчулукта гана ойлонгонго жана сүйлөгөнгө үйрөнө алат. Бардык жаныбарлар сыяктуу эле адамдар да өзүн сактап калуу инстинкти бар. Демек, адамдын биологиялык социалдык башаты, бири-бири менен органикалык жактан байланышкан жана ушундай биримдикте гана адам жан сактайт. Бул ажырагыс биримдик, **адам – бул социалдык жандык** деп атаганга мүмкүндүк берет.

Эми адамдар жаныбарлардан кандайча айырмаланат?

1. Адам эмгек куралын жасаганга жана колдонгонго жөндөмдүү.

2. Эң татаал түзүлүштөгү мээге ээ болот. Ойлоно алат, сүйлөйт.

3. Чыгармачылык менен эмгектенүүгө жөндөмдүү.

Адам жер жүзүндөгү тирүү организмдердин өнүгүшүндөгү звенону түзгөн биосоциалдык жандык.

**Инсан жөнүндө түшүнүк**

Жер жүзүндө бири-бирине коёндой окшош эки адамды таба албайбыз. Анткени ар бир адам кайталангыс, уникалдуу болуп, өзгөчөлөнүп турат. Бул инсандын өсүп-жетилүү өзгөчөлүктөрү менен байланышкан.

Эми инсандын бардык ички сапаттарына көңүл буралы. Алар баарыдан мурда инсандын акыл эсинен, жан дүйнөсүнөн, жүрүм-турумунан көрүнүп турат. Адам эмнени жакшы көрөт, баалайт, анын башка адамдарга болгон мамилеси кандай? Адамдар жакшылык кылууга, жардамдашууга жөндөмдүүбү? Мына ушунун баары инсандын негизги сапаттарын аныктайт.

Арстанбек Буйлаш уулу (1840–1882-жж. заманчы акын) инсандын эң маанилүү сапаттарын элге, Ата журтка кызмат кылуудан көргөн. Ошондуктан Арстанбек («Терме» деген

чыгармасында) «Ата журтту ардакташ – азаматтын белгиси» деп айтат.

Ошондой эле «сен жалпы элге кызмат кылганың менен кишисиң», деп белгилөө менен ар бир адамдын инсан катары ордун белгилеп кеткен:

Кайратың тоону бузса да,
Кашыгың көлдү сузса да,
Оозуңдан чыккан сөзүңө,
Зоо кууланып учса да,
Эл менен сен адамсың,
Элден чыксаң жамансың.

Арстанбек инсандын негизги сапаттары катары чындыкка, акыйкатка, калыстыкка, адамгерчиликке, боорукерликке, күйүмдүүлүккө, өзүн жөнөкөй тутууга, жоомарттыкка көңүл бурган. Терс жоосундарга кылыч болуп чабылган, арамдыкты оттой куйкалаган түздүккө, «эл камын ойлогон азаматтыкка» негизделген жамаатчыл, атуулдук күжүрмөн, айкөл жүрүм-турумду баарынан жогору койгон. «Инсан» түшүнүгүнө бир нече аныктамалар берилип жүрөт. Көбүнчө, «инсан» дегенде, анын социалдык сапаттарына көңүл бурабыз.

Тактап айтканда, «инсан» түшүнүгүнө адамдын индивидуалдуулугун билдирүүчү анын туруктуу касиеттери камтылат. Анын коомдогу иш-аракеттери, ушул касиеттерине жараша болот. Адамдык касиет баарынан мурда акыл-эстен, жан-дүйнө талабынан, жүрүм-турумдун түрдүү формаларынан көрүнөт. «Инсан» түшүнүгүнө адамга таандык болгон эң башкы нерсе – коомдук жан катары анын бардык ички сапаттарынын жыйындысы кирет.

Деги, инсан деген ким?

**Инсан** – бул өзүнүн социалдык ролдорун аткарууга толугу менен даяр индивид – адам. Инсан – бул биологиялык, индивидуалдык жана социалдык касиеттердин жыйындысы.

Ал эми **саясаттагы инсан** өзүнө тиешелүү интеллектуалдыктын-эмоциялуулуктун, эрктүүлүктүн, саясый ишмердүүлүктүн белгилерин жана сапаттарын камтыган адам.

Өзүнүн көз-карашын ачык айтуу, аны коргой алуу, берген убадасына бекем туруу үчүн адам өз алдынча ойлоно билүүгө, кайраттуу болууга тийиш. Адам өзү бир чечимге келе алабы, өзү жасаган кадамдары, иш-аракеттери үчүн жооп

бере алабы же бирөөнүн ыктыярына баш ийип жүрө береби – бул дагы чоң мааниге ээ.

Анткени инсан болуу – жекече жоопкерчиликте болгон, өз милдеттерин башка бирөөгө оодара салбаган, бирөөнүн артына жашынбай турган адам болуу дегенди билдирет.

Ар бир тирүү жан өзүнчө ажырагыс бүтүндүккө ээ. Муну биз **индивидуум** (латынча «бөлүнгүс») дейбиз.

**Индивидуум** – ар бири өз алдынча өмүр сүргөн, жекече жан (М.: жаңы төрөлгөн бала, иттин күчүгү ж. б.). Ар бир жандын өзүнө таандык индивидуалдуу өзгөчөлүктөрү бар. **Индивидуалдуулук** – бул жекече жандын кайталангыс өзгөчөлүктөрү. Ар бир адамдын кайталангыс сапаттары болот да, бул сапаттар анын индивидуалдуулугун билдирип турат. Индивидуалдуулук адамдын тышкы көрүнүшүнөн, турмушка болгон көз карашынан, жашоо мүнөзүнөн байкалат.

Жаңы төрөлгөн бала инсан боло албайт. Себеби андагы индивидуалдык өзгөчөлүктөр бардык эле тирүү жандыктарда бар. Жаңы төрөлгөн бала алардан өсүп-өнүгүү жана социалдык сапаттарга ээ болуу процессинде инсан болуп жетиле тургандыгы менен айрымаланат.

Баланын коом менен болгон мамилеси, анын бул коомдо ээлеген ордуна жараша түзүлөт. Алгачкы жылдары баланын коом алдында милдеттери болбойт. Ага чоң кишилер кам көрөт. Ошондуктан баланын иш-аракеттеринин баары анын өзү үчүн гана мааниге ээ. Кийинчерээк, мектепке бара баштаганда, баланын багыт алуусу өзгөрөт.

Окуучу болгондон кийин, анын ишмердиги өзү үчүн эле керек болбостугуна алгачкы жолу ишенет. Ал өз ишмердиги коомдун талаптарына ылайыкталаарын, коом анын эмгегин жыйынтыгына жараша баалай тургандыгын көрөт. Коомдо жалаң гана өзү үчүн жашоо мүмкүн эместигин түшүнөт.

**Инсан – бул индивидуумдун коомдо өсүп-жетилүүсүнүн натыйжасы. Адам коомдон тышкары жашаса, башка адамдар менен мамиледе болбосо инсан боло албайт, ал индивидуум бойдон калат. Инсан бойдон эч ким төрөлбөйт. Инсан болуп калыптанат.**

Бир жашында эле балдар тегерегиндеги адамдар менен баарлашууга аракеттене баштайт. Убакыт өткөн сайын бул мамилелер өзгөрүлүп, көп түрдүү боло берет.

Индивидуумдун инсан катары өсүп жетилиши үчүн саясый-экономикалык жана социалдык шарт, жагдайлар керек.

### Кайталоо үчүн суроолор

1. Эки аныктаманын айырмачылыгы:
   а) адам – биологиялык жандык;
   б) адамдын социалдык жандык экендигин далилде.
2. Инсандык сапаттардан мисал келтирип, өз оюңду айт.
3. Инсан тууралуу (аныктамаларынан) эмнени билдиң?
4. Индивидуум жана индивидуалдуулук түшүнүктөрү.

## § 2. МАМЛЕКЕТ ТҮШҮНҮГҮ. УКУКТУК МАМЛЕКЕТТЕР

***Түшүнүктөр*:**
- Мамлекет.
- Мамлекеттин белгилери.
- Укуктук мамлекет.
- Укуктук мамлекеттин белгилери.
- Мамлекеттин функциялары.

***Тапшырма*:**
- Алгачкы мамлекет пайда болоордон мурда адамдар кандай шарттарда жашап келишкен?
- Мамлекетти куруунун себептери. Бир нече мисал келтир.
- Укуктук мамлекетти эмне үчүн куруу керек, анын өзгөчө белгилери кайсылар?

### Мамлекет жөнүндө түшүнүк

Байыркы мезгилде уруучулук коомдо адамдар туугандык белгилери менен биригишкен. Уруучулук коомдордун башкаруу органдары болуп аксакалдар кеңеши, башчы, жолбашчы, диний жетекчилер эсептелишкен. Акырындап башкаруучулар катмары мүлктүк абалы боюнча айрымаланып, бай-кедейлер пайда болгон. Мамлекетте болсо мамлекет отурукташкан калктын аймактык уюшулуусуна негизделип бийликти белгилүү бир аймакта жүргүзөт. Ошентип мамлекет үч элементтен: калкы, аймагы жана бийликтен турат. Египетте биздин заманга чейин IV миң жылдыкта таптардын пайда болушу менен эң алгачкы мамлекет келип чыккан. **Эксплуатацияланууучу кулдар менен дыйкандардын үстүнөн кул ээлөөчүлөрдүн үстөмдүгүн кармап турууучу күч мамлекет деп аталган.** Ал эми – **орто кылымдын** башында 500-жылы франктарда эзилүүчүлөрдү баш ийдирип турган күч, мамле-

кет пайда болгон. Таптардын пайда болушу менен франктардын мамлекети түзүлгөн. Мамлекеттин келип чыгыш себеби, бул коомдо баш аламандыкка жол бербөө жана саясый бийликке белгилүү бир өлчөмдө курал болуп берүү эсептелет. Мамлекет өзүнүн өнүгүү тарыхында ар кандай стадияларды басып өткөн. Ошондой эле белгилүү бир өлчөмдө калктын жогорку катмарынын кызыкчылыгын коргоочу курал катары кызмат кылган.

Италиялык философ Никкало Макиавелли XVI кылымда Батыш маданиятына азыркы мамлекет түшүнүгүн биринчи болуп киргизген. Макиавелли мамлекетти өз алдынча түзүлүш деп айткан жана аны элдин эркиндигин, укуктарын коргой билген жөндөмдүү, акылдуу жетекчилер башкарууга тийиш деп эсептеген.

Азыркы мезгилде элдин аң-сезиминин өсүшүнүн жана коомдун өнүгүшүнүн натыйжасында жер жүзүндө демократиялык принципти колдогон укуктук мамлекеттер басымдуулук кылат.




**Мамлекет** деп суверендүүлүккө ээ болгон, баардыгы үчүн бирдей милдеттүү мыйзам чыгарган, башкаруучу жана мажбурлоочу атайын аппараты бар, калктан салык жыйнай алган бийликтин бирдиктүү саясый уюмун айтабыз.

Мамлекеттин белгилери:


- калктын аймактык уюшулушу, чек арасы;
- эгемендүүлүгү, «көз карандысыздык», «өз алдынчалык»;
- мыйзам чыгарууга укуктуулугу;
- салык жана жыйым саясаты;
- элдик бийлик.

**Укуктук мамлекет**

Мурдагы советтик коомдо укук «социалисттик укук» деп аталып, толук идеологиялаштырылган болчу. Совет доорунда мамлекетке коммунисттик партия жетекчилик кылган. Өлкөнүн калкы мамлекеттик органдар, партиянын чечимдерин аткарууга тийиш болгон. Ошондой эле укук дагы саясатташтырылып, компартиянын чечимдерин аткаруунун куралы болуп калган. Азыркы мезгилдеги укуктук реформалар, Кыргызстанда демократиянын негизинде укуктук мамлекетти курууга багытталган.

***Укуктук мамлекет деп мамлекеттик бийликти так бөлүштүрүү принцибине негизделген, адам укуктарын жана эркиндиктерин гарантиялаган, мыйзам жана сот алдында бардык адамдын бирдейлигин, мыйзамдын артыкчылыгын, укуктук үстөмдүктү камсыз кылган демократиялык мамлекетти айтабыз.***

**Укуктук мамлекет**




Укуктук мамлекеттин белгилери:

• мыйзамдын артыкчылыгы. Анда бийликтин бардык органдары мыйзамга гана баш ийет. Ал эми мыйзам жалпы калктын эркин билдирет;

• жарандардын укуктарын жана эркиндиктерин камсыз кылуу;

• бийликтин бөлүштүрүлүшү;

• көз карандысыз сот;

• мамлекеттин укук менен болгон байланышы. Анда мамлекет органдарынын актылары жалпы укуктардын принциптери менен карама-каршы болбош керек;

- чыныгы демократия;
- көз карандысыз массалык маалымат каражаты (ММК).

**Мамлекеттин функциялары**

Мамлекеттин функциялары – бул коомчулукту башкаруу боюнча мамлекеттик ишмердүүлүктүн ар кандай түрлөрү болуп эсептелет. Алар ички жана тышкы болуп бөлүнөт.

*Ички функциялар.* Элдик бийликти камсыз кылуу, экономикалык, социалдык мамилелерди жөнгө салуу, калктын күнүмдүк турмушу үчүн шарт түзүү, салык жыйноо, айлана-чөйрөнү коргоо, жарандардын укуктарын жана эркиндиктерин коргоо. Мамлекеттик жана коомдук түзүлүштү, экономикалык жана социалдык системаларды коргоо, коомдук тартипти сактоо.

*Тышкы функциялар.* Мамлекеттик чек араны коргоо, башка мамлекеттер менен кызматташтык (экономикалык, аскердик, экологиялык) мамилелерин түзүү, эл аралык аренада мамлекеттин кызыкчылыгын коргоо, тынч жашоого шарт түзүү ж. б.

### Кайталоо үчүн суроолор

1. Мамлекеттин кантип пайда болгондугу жөнүндө эмнелерди билдиң?
2. Мамлекет түшүнүгү жана анын белгилери.
3. Мамлекет таптык белгилери боюнча кандай типтерге бөлүнөт?
4. Укуктук мамлекет түшүнүгү жана анын белгилери?
5. Укуктук мамлекеттин белгилерин окуп-талдоо менен алардын Кыргызстанда канчалык деңгээлде ишке ашырылгандыгына жооп бер.
6. Мамлекеттин кандай функциялары бар жана алар кайсылар?

## § 3. БАЙЫРКЫ КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТЕРИНИН ТАРЫХЫ (б. з. ч. III – X КЫЛЫМДЫН БАШЫ)

***Түшүнүктөр*:**

- Сыма Цян.
- Маодун Шанүй.
- Барсбек.
- Бийлик системасы.
- Улуу Кыргыз Дөөлөтү.
- Эне-Сай кыргыз мамлекети.

***Негизги даталар*:**

Б. з. ч. 201-жылы Маодун Шанүй кыргыздарды каратып алган.

2003-жылы августта Кыргыз Мамлекеттүүлүгүнүн 2200 жылдыгы белгиленген.

648-жылы Эне-Сай кыргыз каганы Ишбара-Ажан Кытай императору Тан Тейсуга барган.

711-жылы кышында Эне-Сай кыргыз каганы Барсбек курман болгон.

840-жылы Кыргыз каганы Уйгур кагандыгын талкалаган. Улуу Кыргыз Дөөлөтү негизделген.

***Тапшырма***:

· Кыргыз элинин байыркы эл экендигин далилдеген бир нече мисал келтир.

· Байыркы кыргыз мамлекеттери жөнүндө кандай маалыматтарды билесиң?

· Эмне үчүн биз байыркы кыргыз элинин тарыхын билүүбүз керек?

**Байыркы кыргыз мамлекеттери**

Кытай тарыхчысы Сыма Цян (б. з. ч. 145–81) өзүнүн Ши Цзи (Тарыхый жазуулар) деген эмгегинде азыркы Монголиянын аймагын ээлеген хундардын падышасы Маодун Шанүй б. з. ч. 201-жылы түндүккө жана түндүк-батышка жортуулга чыгып, бир катар эркин уруулар менен бирге кыргыздарды да багынтып алгандыгын жазган. Демек, б. з. ч. III кылымдарда эле Борбордук Азияда кыргыздардын ээликтери болгон жана мамлекеттик бирикмеси Хун дөөлөтүнө баш ийип, анын таасиринде өнүккөн. Мына ушул маалыматка таянуу менен 2003-жылы Кыргызстандын мамлекеттүүлүгүнүн 2200 жылдыгы белгиленген. Ушуга байланыштуу акын Жедигер Саалаевдин «Мен кыргызмын» аттуу ырынан үзүндү келтирип кетели.

МЕН – КЫРГЫЗМЫН

Байыркымын жана дагы жапжашмын,
Бабалардан калган тилек, максатмын.
Бата менен илгертеден көгөрүп,
Баатырларды канча жоого атказдым!
Кыргыз изин тапса болот капкайдан,
Кытайдан да, же тээ Саян, Алтайдан.
«Саймалуу таш» сайрап турат тили жок,
Кыргыз жолун, эл тарыхын кашкайган.

V кылымдын аягында байыркы кыргыз урууларынын бирикмесинин ордуна Эне-Сай Кыргыз мамлекети түзүлгөн. Мамлекеттин башчысы «ажо» деп аталып, анын турган жеринде жашыл туу сайылып турган.

VI кылымдын аягында кыргыздардын өтө күчтүү мамлекети түзүлгөн. Анын чек арасы чыгышта Байкал көлүнө, түштүктө Чыгыш Түркстанга чейин созулган. Аны ажо башкарып, ордосу Жашыл тоого жайгашкан.

Анын кол астында Бойла (вазир), Тутук (эл төрөсү), Ача төрө, Төрө-Сангул (аскер башы), Таркан (аймак бийлери) сыяктуу бийлик системасы болгон. Бул система 6 баскычка бөлүнгөн. Алар министр, жогорку башчылар, башкаруучулар, иш башкаруучулар, жол башчылар жана дагандар. Анын ичинен министрлер жетөө, жогорку башчылар үч, башкаруучулар он. Булардын баары аскер башчылары болушкан. Иш башкаруучулар он беш болгон. Ал эми жол башчылар менен дагандардын чендери (наамдары) болгон эмес. Ошентип мамлекеттик бийлик белгилүү бир системага келтирилип, эң катуу мыйзамдар кабыл алынган.

**Эне-Сай Кыргыз мамлекети**

VII кылымдын аягында Эне-Сай Кыргыз мамлекети түзүлүп, анын башында Барсбек ажо турган. Ал өз мезгилинин көрүнүктүү саясый ишмери болгон. Кыргыздардын күчүн топтогон Барсбек, 688-жылдан кийин каган титулун Ынанчу Алп Билге такты ысымы менен кошо кабыл алып, өз элин башкарган.

Демек Эне-Сай Кыргыз мамлекети монархиялык мамлекет болгон. Монархтын титулу каган деп аталган. Ал тышкы саясатын түрктөргө каршы жүргүзгөн. Барсбек 707—709-жылдары Кытайга, Чүй өрөөнүндөгү түргөштөргө Эзгене башчылык кылган элчилерин жиберген. Дипломаттык аракеттери ийгиликтүү болуп 709-жылы түрктөргө каршы коалиция түзүшкөн (Эне-Сай Кыргыз мамлекети, Тан империясы, Түргөш кагандыгы) 710–711-жылдардын кышында Түрк кагандыгынын аскерлери кыргыздарга түнкүсүн кол салган. Ошол согуштардын биринде Барсбек курман болгон. Кыргыздар түрктөргө үстүртөдөн гана баш ийдирилген. Ошондуктан өз алдынча мамлекет катары 713–753-жылдары Кытайга 4 ирээт элчилерин жиберип байланышын уланткан.

745-жылы Түрк каганаты Уйгур каганаты тарабынан талкаланган. 758-жылы кыргыздар уйгурлар менен согушта жеңилип, бирок өз алдынча башкаруусун сактап калган.

818-жылга жакын кыргыз ажосу өзүн каган жарыялаган. Бул уйгурларга согуш жарыялоо менен барабар болгон. Ошондуктан 820-жылы уйгурлар Эне-Сай кыргыздарына аскерлерин жиберип, узакка созулган согуш башталган.

**Улуу Кыргыз Дөөлөтү**

Көз карандысыздык үчүн болгон 20 жылдык согуштан кийин кыргыз каганы 840-жылы Уйгур кагандыгынын ордосу Ордо-Балыкка 100 миң аскери менен басып кирген. 6 күнгө созулган бул согушта Уйгур каганынын аскерлери туруштук бере алган эмес. Натыйжада, Уйгур кагандыгы кулаган. Кыргыз каганы өз ордосун Монголия тарапка Селенга дарыясына жакын Думань аймагына көчүргөн. Бул Кыргыз мамлекетинин ээлеген аймагы Чыгыштан Байкал боюна, Түштүктөн Монголиянын Гоби чөлүнө чейин, Түштүк-батыштан Жети-Сууга, Түндүктөн Эне-Сайдын ортоңку агымына чейин созулган.

Ал мамлекетти Академик В. В. Бартольд 1927-жылы жазган «Кыргыздар: Тарыхый очерк» деген китебинде Улуу Кыргыз Дөөлөтү деп атаган.

Улуу Кыргыз мамлекетинин башында Каган турган. Мамлекеттин **жогорку бийлик органы болуп, курултай эсептелген.** Ал мамлекеттин ички жана тышкы саясатын аныктаган. Мамлекетти башкарууда аскердик-административдик система колдонулган. Башкаруу ишине министрлер, аскер башчылары, иш башчылары жана башка кызматчылар катышкан. Жергиликтүү бийликти тутуктар, таркандар, бийлер, бектер башкарган. Тутуктар кагандын жер жерлердеги өкүлдөрү болуп саясый бийликти тейлеген. Кыргыз мамлекетинин мыйзамдары катуу болуп, аны бузгандар аёосуз жазаланган.

Бирок Улуу Кыргыз Дөөлөтүнүн жашоосу кыска болгон. Алыскы жортуулдардан чарчаган жана Борбордук Азиянын бөксө тоолоруна көнө албаган эл, ар кайсы аймакка тарап кеткен. Аларды иналдар башкарган. Бир бөлүгү Теңир-Тоого, экинчиси Тибетке ооп, көпчүлүгү Эне-Сайдын Саян тоолоруна кайтышкан. Ошентип X кылымдын биринчи чейре-

гинде (924-ж) «Улуу Кыргыз дөөлөтү» мамлекетинин мезгили аяктаган. Кыргыз каганы отуз жыл бул мамлекетти башкарып, 870-жылы дүйнөдөн кайткан. Жыйынтыктап айтканда, Эне-Сай Кыргыз мамлекети бардыгы болуп 360 жыл (840–1207) өкүм сүргөн. Бул маалыматтар кытай жылнаамаларында, Тува тарыхында ж. б. берилген. Эне-Сай кыргыздарынын Улуу мамлекетинин курамына кирбеген түштүк-чыгыш тараптагы кыргыздардын жерлерин VIII–XII кылымдарда чет жердик баскынчылар ээлеп, өздөрүнүн убактылуу үстөмдүгүн орнотушкан.

Кыргыздар XIII кылымдын башында монголдордун каратып алуусунан кийин, улуттук мамлекетинен ажырап, аны кайра калыбына келтирүү үчүн XX кылымдын башына чейин тынымсыз күрөш жүргүзгөн. Ушул кылымдардын аралыгында кыргыздар Амир Темирдин Моголстан мамлекетинин курамында (XIV–XV кк.) болуп турган.


XVII–XVIII кылымдарда алар Жуңгар баскынчыларына каршы күрөшкөн. Кыргыздар XVII кылымдын 60-жылдарынан баштап XIX кылымдын 60–70-жылдарында Орусия Кыргызстанды каратып алганга чейин, Кокон хандыгынын эзүүсүнө каршы күрөшүп келген. Чет элдик баскынчыларга көз каранды болсо да, кыргыздар уруу бирикмелеринин башкаруусунда болгон. Өздөрү шайлаган хандарына же уруу башчыларына баш ийген. Куралдуу күчтөрү, жигиттери болгон. Мамлекттик аппараты болбосо да, улуттук бийлик өкүм сүргөн. Сот бийлигин бийлер жана казылар аткарган.

### Кайталоо үчүн суроолор

1. Байыркы кыргыз мамлекети жана анын жайгашкан жерлери.
2. Байыркы кыргыздардын бийлик системасы жана алардын баскычтарга бөлүнүшү.
3. Эне-Сай кыргыз мамлекети. Барсбек.
4. Кыргыз кагандыгынын Уйгур кагандыгын кулатышы.
5. Улуу Кыргыз Дөөлөтү жана анын ээлеген аймагы.
6. Улуу Кыргыз Дөөлөтүнүн башкаруу системасы.
7. Берилген теманы жана кошумча булактарды пайдаланып төмөндөгү кластер табышмакты аткар?

### Улуу кыргыз дөөлөтү

Дептериңерге кластер табышмакты аткаргыла.




## § 4. КЫРГЫЗСТАНДА УЛУТТУК МАМЛЕКЕТТИН ТҮЗҮЛҮШҮ

***Түшүнүктөр***:

- Кыргыз АОнун түзүлүшү.
- Кыргыз АССРинин түзүлүшү.
- Кыргыз ССРинин түзүлүшү.
- Көз карандысыз Кыргызстан.

***Негизги даталар***:

- 1922-жылы 30-декабрда СССР түзүлгөн.
- 1924-жылы 14-октябрда Кара Кыргыз Автономиялуу облусу түзүлгөн.



БИБЛИОТЕКА СШ № 32

•1926-жылы 1-февралда Кыргыз Автономиялуу ССРи түзүлгөн.

•1936-жылы 5-декабрда СССРдин 2-Конституциясында Кыргыз ССРи жарыяланган.

•1925–1927-жылдары сессияда Борбордук Аткаруу Комитетинин Президиумунун Төрагасы болуп А. Орозбеков дайындалган.

•1927-жылы мартта Эл Комиссарлар Совети түзүлүп, төрагалыкка Ж. Абдрахманов дайындалган.

•1990-жылы 29-октябрда (Кыргыз ССР Жогорку Советинин сессиясында) А. Акаев Кыргызстандын тунгуч Президенти болуп дайындалган.

•1990-жылы 15-декабрда Кыргыз Республикасынын эгемендүүлүгүнүн декларациясы кабыл алынган.

•1991-жылы 31-августта «Мамлекеттик көз карандысыздык декларациясы» кабыл алынган.

***Тапшырма:***

•Ата Мекенди ким кандай түшүнөт? Дептерге беш-алты мисал келтирип жаз, аргументтеп айтып бер.

•Текстти окуп Манас баатыр жана анын акыл кошчуларынын өз эли-жерине болгон мамилесин ачып көрсөт.

Манас баатырдын портретин түз.

Манас баатыр менен анын Кошой, Бакай, Сыргак, Чубак, Алмамбет сыяктуу баатырларынын сыйынып, туу тутканы, эл жана Мекен, алардын биримдиги менен боштондугу, ошондой эле кыргыз элинин кызыкчылыгы, Ата Журттун ар намысы болуп эсептелет. Ошондуктан «Ала-Тоо артык жер үчүн, ак калпак кыргыз эл үчүн, жанымды курман чалайын!» – деп айтышканы бекеринен эмес. Же болбосо, көк жал Манас баатырдын: Калкым кыргыз сен үчүн, курман болуп кетейин» – деп айтканын эскерсек да ашык болбойт.

•Кыргызстанда улуттук мамлекеттин негизделишинин тарыхый маанисин айтып бер.

•Кыргыз элинин улуу акыны А. Осмонов бул ыр саптарында өз Ата Журту тууралуу эмне жөнүндө айткысы келген. Сен дагы ушул сыяктуу ой тилегиңди айта алаар белең?

### АТА ЖУРТ

Жазда башка, жел тийбесин абайла,
Көпкө турбас мобул турган сур булут.

Бүт дартыңды өз мойнума алайын,
Сен ооруба мен ооруюн, Ата Журт.

Октябрь Революциясынан кийин Орто Азияда контрреволюциячыл күчтөр жана басмачылык кыймылдар күч менен басылып, бул региондо жашаган элдерди улуттук мамлекеттерге бөлүү мүмкүнчүлүгү түзүлгөн. 1922-ж. 30-декабрда Советтердин Бүткүл Орусиялык I съезди РСФСР, Украина, Белорусия жана Закавказия Федерациясын бириктирип, Советтик Социалисттик Республикалар Союзу – СССР түзүлдү деп жарыяланган.

Түркстан АССР Советтеринин 1924-жылдын 31-январында өткөн II съездинде Кыргыз делегаттары Кыргызстанды өзүнчө автономия катары түзүүнү суранышкан. Көп өтпөй РСФСРдин Бүткүл Орусиялык Борбордук Аткаруу Комитетинин (БАК) Орто Азия элдерин улуттук мамлекеттерге бөлүү жөнүндө токтому чыккан. Ага ылайык 1924-жылы 14-октябрда Россиянын курамында Кара Кыргыз Автономиялуу облусу түзүлгөн. Борбордук Аткаруу Комитетинин 1925-жылдын 25-майындагы чечими менен ал кайрадан Кыргыз Автономиялуу облусу (КАО) деп өзгөртүлгөн. Облус түзүлгөндөн кийин Кыргызстанда партиялык жана советтик бийлик органдары түзүлгөн. РКП(б) Кыргыз обкомунун 1-катчылыгына М. Каменский, 2-катчылыгына Ж. Абдрахманов, ревкомдун төрагалыгына И. Айдарбеков дайындалган.

Ал эми 1926-жылы 1-февралдагы БАКтын чечимине ылайык КАОнун ордуна Кыргыз Автономиялуу Советтик Социалисттик Республикасы түзүлгөн (Кыргыз АССРи).

1936-жылы 5-декабрда СССРдин экинчи Конституциясы кабыл алынган. Бул Конституция боюнча Кыргыз АССРи Кыргыз ССР деп аталып, СССРдин курамына тең укуктуу Союздук Республика катары кирген.

Бул окуя Кыргыз элинин мамлекеттүүлүгүнүн тарыхындагы чоң жетишкендик болгон.

Кыргызстанда улуттук мамлекетти түзүүдө А. Сыдыков, Ж. Абдрахманов, Б. Исакеев, А. Орозбеков, И. Айдарбеков ж. б. чоң эмгек сиңиришкен.

**Көз карандысыз Кыргызстан**

1990-жылы мартта СССР эл депутаттарынын III съезди, өлкөдө президенттик бийликти киргизүүнү белгилеген. Ошен-

тип 1990-жылы 27-октябрда Кыргыз ССР Жогорку Советинин сессиясында А. Акаев Кыргызстандын тунгуч Президенти болуп шайланат.

1990-жылы 15-декабрда Кыргыз ССР Жогорку Советинде Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик эгемендүүлүгү жөнүндөгү Декларация кабыл алынып, Кыргызстан СССРдин курамындагы эгемендүү өлкө болуп калат.

1991-жылы 12-октябрда жалпы элдик шайлоодо А. Акаев КРнын Президенти болуп шайланган.

1991-жылы 8-декабрда Минск шаарына жакын Беловеж токоюнда Өкмөттүк резиденцияда Беларусь, Украина Республикаларынын жана Россия Федерациясынын жетекчилери жолугуп, көз карандысыз мамлекеттердин шериктештигин түзүү келишимине кол коюшкан. СССР таркай баштаган.

Ошол эле жылы 21-декабрда Алматыда көз карандысыз мамлекеттердин шериктештигинин (КМШ) түзүлүшү менен СССР кулаган.

Кыргыз Республикасынын Президенти А. Акаев 2002-жылы 20-сентябрда БУУнун 57-сессиясында Кыргыз мамлекетинин 2200 жылдыгын таануу жана Эл аралык статус берүүсүн суранып доклад жасаган. Ошого байланыштуу БУУ өзүнүн сессиясында «Кыргыз мамлекеттүүлүгүнүн 2200 жылдыгын жалпы белгилөө» жөнүндө резолюция кабыл алынган. Ошентип 2003-жылы августтун аягында Кыргыз мамлекеттүүлүгү белгиленип, Дүйнөлүк кыргыздардын курултайы өткөрүлгөн (31-август).

Кыргыз Республикасынын Жогорку кеңеши, 1991-жылы 31-августта «Мамлекеттик көз карандысыздык декларациясын» кабыл алат.

Ошентип үч миңдеген жыл тарыхы бар кыргыз эли эгемендүүлүккө ээ болгон мезгилде, акылман Кошойдун Манас баатырга айткан кеңешин эске салалы:

«Үзүлгөндү улайлы, чачылганды жыйнайлы, жоголгонду табалы, азган-тозгон аз элге, оо балам караан болуп туралы» – дейт. Бул айтылган акыл сөздөр Кыргызстан эгемендүүлүккө ээ болгондон кийин да өз маанисин, терең максатын жоготкон жок.

Тээ илгертен бери ата-бабаларыбыздын мына ушундай эл жерге берилген чексиз патриоттук сезими кыргызды, Ала-Тоону жоготпой, тарыхтын кыйын кезинде да сактап алып келген. Анткени, эркин жериң болсо, эркин элиң болсо, өз

тагдырына өзүң кожоюн болсоң гана, сен сыймыктуу, бактылуу адамсың. Биздин эркиндигибиз – эң башкы байлыгыбыз. Ошондуктан, Кыргызстандын эгемендүүлүгүн көздүн карегиндей сактоо бардыгыбыздын жарандык милдетибиз.

**Кайталоо үчүн суроолор**

1. КРнын түзүлүшү жана анын биринчи Конституциясынын кабыл алынышы.
2. Кыргыз Улуттук мамлекетинин өнүгүү жылдары.
3. Кыргыз Улуттук мамлекетинин эң алгачкы жетекчилеринен болуп кимдер, качан дайындалган?
4. КРнын мамлекеттик көз карандысыздыкка ээ болушу жана анын тарыхый мааниси. (*Эссе 10 мин.*).

## § 5. КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН КОНСТИТУЦИЯСЫ

***Түшүнүктөр***:

- Конституция.
- Конституциянын формалары.

***Негизги даталар***:

1787-ж. 17-сентябрда АКШда Конституция кабыл алынган.

1929-ж. 30-апрель Кыргыз АССРинин биринчи Конституциясы.

1937-ж. 23-март Кыргыз ССРинин Конституциясы.

1978-ж. 20-апрель Кыргыз ССРинин Конституциясы.

1993-ж. 5-май Кыргыз Республикасынын Конституциясы.

***Тапшырма***:

- Конституция деген эмне, ал бизге эмне үчүн керек?
- Конституцияга чейин эл эмненин негизинде жашаган, аларды кимдер кабыл алган жана ишке ашырган?
- Конституциянын негизги мыйзам экендигин далилдеген 5–6 мисал келтир.

**Конституция** – мамлекеттин негизги мыйзамы болуп эсептелет. Конституция мамлекеттин түзүлүш формасын, адамдын укугун жана эркиндигин, жарандын укук милдеттерин, мамлекеттик органдар системасын, сот адилеттигин, шайлоо системасын уюштурууну аныктайт (ушул параграфтагы схеманы кара).

**«Конституция»** – деген сөз латын сөзүнөн алынган. Которгондо – «орнотуу, түзүлүш» дегенди билдирет. Конституция мамлекеттик башка нормативдик актыларга караганда жогорку укуктук күчкө ээ. Укуктук акт катары **биринчи конституция АКШда 1787-жылы 17-сентябрда** кабыл алынган.

Буржуазиялык революциялар феодалдык коомдук мамилелерди жеңип чыккандан кийин түзүлгөн мамлекеттер өз конституциясын кабыл алышкан (*2-тиркеме, 134–135-б.*).

Азыркы кездеги демократиялык өлкөлөрдүн конституцияларында жарандын демократиялык укуктары жана эркиндиктери (шайлоо укугу, иш таштоого, саясый партияларды түзүүгө укуктуулук) жарыяланган. **Конституциялар формасы боюнча экиге бөлүнөт.** Биринчиси, белгилүү бир схемага жараша түзүлгөн бирдиктүү документ түрүндө, экинчиси, ар түрдүү мыйзамдардын жыйындысы (Улуу Британия, Жаңы Зеландия, Израилдин конституциялары жок).

## Конституциянын өнүгүү тарыхы

### Кыргыз ССРнин Конституциясы 1937-жыл 23-март

Кыргыз ССРинин Конституциясы
11 глава жана127 беренеден турган

1-глава. Коомдук түзүлүш.

2-глава. Мамлекеттик түзүлүш.

3-глава. Кыргыз ССРинин Мамлекеттик жогорку органы.

4-глава. Кыргыз ССРинин Мамлекеттик башкаруу органы.

5-глава. Мамлекеттик бийликтин жергиликтүү органы.

6-глава. Кыргыз ССРинин бюджети.

7-глава. Сот жана прокуратура.

8-глава. Жарандардын негизги укуктары жана милдеттери.

9-глава. Шайлоо системасы.

10-глава. Герб, желек, гимн.

11-глава. Конституцияны өзгөртүү тартиби.

түрүндө болот. Конституция конституциялык комиссия тарабынан иштелип чыгып, бүткүл элдик талкууга коюлат. Кыргыз Республикасынын Конституциясы Республиканын коомдук, саясый жана экономикалык түзүлүшүнүн негиздерин бекитет. Биринчи жолу 1929-жылы 30-апрелде Кыргыз АССРинин II съездинде Кыргыз АССРинин Конституциясы кабыл алынган. 1937-жылы 20-мартта республикалык Советтердин чукул чакырылган V съездинде Кыргыз ССРинин Конституциясы кабыл алынган. Ушул Конституциянын принциптерин, сактап, айрым толуктоолор жана өзгөртүүлөр менен 1978-жылы 20-апрелде Кыргыз ССРинин Конституциясы кабыл алынган.

**Кыргыз ССРнин Конституциясы**
**1978-жыл 20-апрель**

19 главадан, 10 бөлүмдөн, 172 беренеден турган.

1-бөлүм. Кыргыз ССРинин жүргүзгөн саясатынын жана коомдук түзүлүшүнүн негиздери.

2-бөлүм. Мамлекет жана инсан.

3-бөлүм. Кыргыз ССРинин улуттук-аймактык жана административдик түзүлүшү.

4-бөлүм. Эл депуттарынын совети жана аларды шайлоо.

5-бөлүм. Кыргыз ССРинин Мамлекеттик бийлигинин жогорку органы жана башкармалыгы.

6-бөлүм. Кыргыз ССРинин башкаруучу жана жергиликтүү органдарынын бийлиги.

7-бөлүм. Кыргыз ССРинин экономикалык жана социалдык өнүгүүдөгү мамлекеттик планы.

8-бөлүм. Сот акыйкаттыгы, арбитраждык жана прокурордук көзөмөл.

9-бөлүм. Кыргыз ССРинин герби, желеги, гимни жана борбор шаары.

10-бөлүм. Кыргыз ССРинин Конституциясынын иш аракеттери жана өзгөртүүнүн тартиби.

## Кыргыз республикасынын Конституциясы
## 1993-жыл 5-май

**КР конституциясы**
8 глава жана 97 беренеден турган.

I глава. Кыргыз Республикасы
1-бөлүм. Жалпы принциптери 1–6 берене,
7–12 берене

II глава. Жарандар
1-бөлүм. Жарандык
2-бөлүм. Жарандардын укуктары жана эркиндиктери
3-бөлүм. Жарандын укуктары жана милдеттери
13–20- жана 21–41-беренелери

III глава. Президент
1-бөлүм. Президентти шайлоо 43–45-берене
2-бөлүм. Президенттин ыйгарым укуктары
46–53-беренелери

IV глава. Жогорку Кеңеш 54–57-берене
1-бөлүм. МЧЖ жана ЭӨ: 58–63-берене
2-бөлүм. Мыйзам чыгаруу ишмердиги 64–68-берене

V глава. Аткаруу бийлиги 69-берене
1-бөлүм. Өкмөт 70–75-берене
2-бөлүм. Жергиликтүү мамлекеттик администрациясы 76–77-берене
3-бөлүм. Прокуратура

VI глава. Сот жана сот адилеттиги 79–90-берене

VII глава. Жергиликтүү өзүн-өзү башкаруу
91–95-берене

VIII глава. КР конституциясына өзгөртүүлөр жана толуктоолор 96–97-берене

Кыргыз Республикасынын Конституциясы 1993-жыл 5-майда Кыргыз Республикасын 12-шайланган Жогорку Кеңешинин 12-сессиясында кабыл алынган. 2003-жылы 12-февралда референдум аркылуу өзгөртүлгөн. Ал Конституция 8 главадан 97 беренеден турган.

Кыргыз Республикасынын Конституциясынын жаңы редакциясы 2006-жылы ноябрь, декабрь айларында КРнын ЖК тарабынан кабыл алынган. КРные Конституциясы 9 главадан 101 беренеден турган. 2007-жылы 21-октябрда кайрадан референдум аркылуу өзгөртүлүп, 9 глава 98 беренени камтыган.




2010-жылы 27-июнда Кыргыз Республикасынын Конституциясы дагы бир жолу референдум аркылуу өзгөртүлгөн. Бул Конституция 9 бөлүмдөн, 114 беренеден турат.

**Биринчи бөлүм:** Конституциялык түзүлүштүн негиздери.

**Экинчи бөлүм:** Адамдын жана жарандын укуктары менен эркиндиктери.

***Биринчи глава.*** Негизги укуктар жана эркиндиктер.

***Экинчи глава.*** Адам укуктары жана эркиндиктери.

***Үчүнчү глава.*** Жарандык, жарандардын укуктары жана милдеттери.

**Үчүнчү бөлүм:** КРнын Президенти.

**Төртүнчү бөлүм:** КРнын мыйзам чыгаруу бийлиги.

**Биринчи глава.** Жогорку Кеңеш.

***Экинчи глава.*** Жогорку Кеңештин ыйгарым укуктары.

*Үчүнчү глава.* Мыйзам чыгаруу иши.

**Бешинчи бөлүм:** Кыргыз Республикасынын аткаруу бийлиги.

**Алтынчы бөлүм:** Кыргыз Республикасынын сот бийлиги.

**Жетинчи бөлүм:** Мамлекеттик башка органдар.

**Сегизинчи бөлүм:** Жергиликтүү өз алдынча башкаруу.

**Тогузунчу бөлүм:** Конституцияга өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү.

Биринчи бөлүмдөгү Конституциялык түзүлүштүн негиздеринен мисал келтирели:

**1-берене**

1. Кыргыз Республикасы (Кыргызстан) – эгемендүү, демократиялык, укуктук, мамлекеттик башкарууга дин аралашпаган унитардык, социалдык мамлекет.

**2-берене**

3. Мыйзамдар жана мамлекеттик маанидеги башка олуттуу маселелер референдумга коюлат.

4. Шайлоо эркин болуп эсептелет.

Жогорку Кеңештин депутаттарын, Президентти, Жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү органдарынын депутаттарын шайлоо жашыруун, жалпы добуш берүү менен тең жана тике шайлоо укугунун негизинде өткөрүлөт.

КРнын 18 жашка толгон жарандары шайлоого укуктуу.

**4-берене**

1. КРда саясый көп түрдүүлүк жана көп партиялуулук таанылат.

**6-берене**

1. Конституция эң жогорку юридикалык күчкө ээ жана ал Кыргыз Республикасында түздөн-түз колдонулат.

2. Конституциянын негизинде мыйзамдар жана башка ченемдик укуктук актылар кабыл алынат.

**7-берене**

1. Кыргыз Республикасында эч бир дин мамлекеттик же милдеттүү дин катары кабыл алынышы мүмкүн эмес.

2. Дин жана бардык ырасымдар мамлекеттен ажыратылган. Диний бирикмелердин жана дин кызматчыларынын мамлекеттик органдардын ишине кийлигишүүсүнө тыюу салынат.

Конституциядагы өзгөртүүлөр көптөгөн жакшы натыйжаларга:

- парламенттин ишин жакшыртууга;
- өкмөттүн ролун жана жоопкерчилигин жогорулатууга;
- президент, парламент жана өкмөттүн ортосунда өз ара байланыштарды бекемдөөгө;
- соттордун күчтүү жана адилеттүү болушуна;
- омбудсмен институтунун адам укуктарын коргоону жакшыртуусуна багытталат.

**Кайталоо үчүн суроолор**

1. Конституция жана анын маани, максаты.
2. Конституциянын түрлөрү.
3. Кыргызстандын Конституциясынын өнүгүү жылдары.
4. 1-беренеде белгиленген аныктамаларга өз түшүнүгүңдү айтып бер.

## § 6. КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЫЙЫК БЕЛГИЛЕРИ

***Түшүнүктөр***:

- Мамлекеттик герб.
- Мамлекеттик желек.
- Мамлекеттик гимн.

***Негизги даталар***:

1908-жылы март Жети-Суу облусунун, Бишкек, Каракол шаарларынын гербдери.

1908-жыл октябрь, Фергана облусунун, Ош шаарынын гербдери.

1992-жыл 3-март, КРнын мамлекеттик желеги.

1992-жыл 18-декабрь, КРнын мамлекеттик гимни.

1994-жыл 14-январь КРнын мамлекеттик герби.

***Тапшырма***:

• КРнын ыйык белгилери жана алар эмне үчүн керек?

• Мамлекеттин жана сенин турмушуңдагы алардын орду жана мааниси (эссе жаз).

• КРнын ыйык белгилери менен Кыргыз ССРинин ыйык белгилеринин өзгөчөлүктөрүн салыштыргыла.

Кыргызстандын жана кыргыз элинин турмушунда мамлекеттин ыйык белгилеринин эң чоң мааниси бар.




Кыргыз ССРинин Герби.




Кыргыз Республикасынын Герби.

Мамлекеттин ыйык белгилери: Туу, Гимн, Гербде республиканын элинин тарыхы улуттук каада-салты, маданияты ж. б. баалуулуктары чагылдырылган.

**Кыргыз Республикасынын мамлекеттик герби**

Кыргыз элинин байыртан эле асаба-туусу, уруунун энтамгасы, уруу башчыларынын мөөрү болгондугу баарыбызга белгилүү.

«Символ» – грек сөзүнөн алынып, белги, мүнөздүү белги, уруксат белгиси деген маанини билдирет. Ошондой эле, символ кандайдыр бир ойду, идеяны да билдирип турат.

Тамга – бул уруулук белги жана ар бир уруу өзүнүн символу катары жаныбарды, кушту же курал-жаракты эсептешкен. Кыргыздар дагы өзүнүн туу, эмблемаларына тотемдик сөлөкөт түшүрүшкөн. Жаныбарлардын терисине тотемдик сөлөкөттү күйгүзгөнү, ал тургай өз денесине да белгилерди түшүрүп алышканы тарыхый маалыматтардан белгилүү. Кыргыз эли байыртадан эле малдарына эн тамга салып, малы жоголсо, ошол тамгага карап таап алышкан.

1908-жылы мартта Жети-Суу облусунун жана шаарларынын гербдери менен кошо Пишпек жана Каракол шаарларынын; ошол эле жылы октябрь айында Фергана облусунун шаарларынын жана Ош шаарынын герби Петергоф шаарында кабыл алынган. Гербдин үстүнкү кызыл менен боёлгон бөлүгүндө, күмүш сымал түстөгү боёк менен шаардын көрүнүктүү жери – Сулайман тоосу жана Ак-Буура дарыясы тартылган.

Герб символу практикалык мааниге ээ болгон. Ал шаардын мөөрүнө, кызматкерлердин топчуларына, чиновниктердин мундирлеринин погондоруна, баш кийимдерине тагылуучу белгилерге, эстелик медалдарга, желекке, жетондорго ж. б. түшүрүлгөн.

1929-жылы 30-апрелде кабыл алынган Конституциянын негизинде Кыргыз мамлекетинин символдору – туусу жана герби аныкталган.

1936-жылдын август айында Республиканын мамлекеттик символдорунун долбооруна конкурс жарыяланган. Анда шарт боюнча Кыргыз ССРинин герби СССРдин гербинин элементтерин сактоого тийиш болгон. Гербде орок жана балка, беш бурчтуу жылдыз тартылып, «Бардык өлкөлөрдүн пролетарлары бириккиле!» деген ураан орус жана кыргыз тилдеринде жазылуусу керек болгон. Ошондой эле гербде Кыргызстандын географиялык-экономикалык негизги шарттарын чагылдыруу талабы коюлган.

Конкурска бардыгы 36 долбоор түшкөн. Конституциялык комиссия тарабынан 1936-жылы 8-сентябрда сүрөтчү О. Т. Павленконун долбооруна биринчи сыйлык ыйгарылган.

1937-жылы 23-мартта Кыргыз ССРинин съездинде кабыл алынган Конституцияда Мамлекеттик Герб бекитилген.

Кыргыз Республикасынын Герби – Кыргыз Республикасынын мамлекеттик эмблемасы болуп эсептелет. Ал 1994-жылы 14-январда Жогорку Кеңеш тарабынан кабыл алынган. Гербдин автору А. Абдыраев, С. Дубанаев.

Гербде ак мөңгүлүү Ала-Тоо, Кыргызстандын бермети болгон Ысык-Көлдүн сүрөтү түшүрүлгөн.

Ары жагынан жылуулуктун, энергиянын булагы болгон Күн нурун чачып чыгып келе жатат.

Гербде элибиздин дыйканчылыгын айгинелеген пахта сабагы, буудай машагы менен оронуп, ортосунда эркиндиктин, бийиктиктин, коопсуздуктун символу болгон Ак шумкар тартылган.

Гербдин негизги идеясы Кыргызстанда жашаган элдин биримдигин, эркиндигин чагылдырып турат.

### Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик Туусу

Улуттук мамлекеттик атрибутикалардын калыптанышы тарыхый өнүгүүнүн узак жолун басып өткөн.

XI–XII кылымдарда Эне-Сайдагы жана Борбордук Азиядагы Кыргыз мамлекетинин жашап турган мезгилинде өз туулары болгон. Алардын формасы, түсү жана колдонулушу жазма булактарда, сүрөттөрдө чагылдырылган.

Кытайдын «Синь-Таньшу» хроникасынын маалыматына караганда, кыргыздар согуш учурунда «жааларды, жебелерди жана тууларды» колдонушкан. Хакасиянын (Кыргызиянын) түндүгүндө кездешкен Сулек чиймелерине түшүрүлгөн оор куралданган кыргыз атчан жоокеринин колундагы найзанын сабында ар кандай формадагы туулар тартылган. Кыргыз тууларынын түсү да өзгөчө символго ээ болгон. Кытай жыл наамаларында кыргыздардын туулары жана байрактары кызыл түстө, ал эми Хивадагы мусулман тарыхчысы Абу Дулефтин эмгегинде жашыл түстө экендиги кабарланат. Туу кыргыздарда ар кандай шартта ар түрдүүчө колдонулган. Жоого аттанганда Туу алып жүргөнгө эр жүрөк, ишеничтүү жоокер дайындалган. Ал салгылашуу учурунда аскерге дем, кубат берүү максаты менен Тууну бийик дөңсөө жерге кармап турган. Туунун душман колуна түшкөнү жеңилгенге барабар болгон. Азыркы учурда дагы көп адамдын өмүрүн алган чоң кырсыктар болгондо, мамлекет башчысынын буйругу менен мамлекеттин желеги ылдый түшүрүлүп, аза күтүлөт. Ошондуктан, Туу ыйык катары сакталат.

Кыргыз мамлекети негизделгенден кийин, 1929-жылы 25–30-апрелде болуп өткөн Кыргыз АССРинин II съездинде мамлекеттик желек кабыл алынган.

1937-жылы 23-мартта Кыргыз ССРинин V съездинде мамлекеттик желек бекитилген.

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик желеги 1992-жылы 3-мартта Жогорку Кеңештин 8-сессиясында кабыл алынган. Желектин авторлору: Э. Айдарбеков, Б. Жайчыбеков, С. Матаев, М. Сыдыков жана С. Иптаровдор.

Кыргыз Республикасынын желеги кызыл түстүү кездемеден жасалып, анда 40 нурун чачыратып күндүн алкагы тартылган. Анын ортосунда кыргыздардын боз үйүнүн түндүгүнүн сүрөтү түшүрүлгөн.

Күндүн кырк нурунун саны ыйык сан деп эсептелет. Себеби, улуттук баатыр болгон Манастын кырк чоросунун эсебине туура келет жана башка баатырлар дагы 40тан жигит күтүп келишкен.

Түндүк – көчмөн элдердин жана улуттук маданияттын символу. Түндүктүн төрт бөлүгү төгөрөктүн төрт бурчун, анын тегерек чамгарагы бүткүл ааламды, түбөлүктүүлүктү, чексиздикти билдирет. Кызыл желек өз эли жерин душмандардан кашык каны калганча коргоонун, эгемендүүлүктүн, келечекке умтулуунун идеясын берип турат.

«Манас» эпосунда Туу жөнүндө кандай маалыматтар айтылган? Туу – асаба, байрак, желек; булар мамлекеттин, аскер бөлүгүнүн жана башкалардын символу болуп эсептелет. Эпосто ар бир аскер бөлүгү, тактап айтканда, ондук, жүздүк, миңдиктердин өз-өзүнчө желеги болуп, бардыгы бир Тууга бириккен. Алар ар кандай кездемеден жасалып, ичке узун таякка бекитилет.

Туу бийик жерге илинип, аскерлерди чогултуу белгисин билдирген. Жоого аттанганда Туу алып жүргөнгө эр жүрөк, ишеничтүү жоокер дайындалган. Ал салгылашуу учурунда кошуунга дем, күч берүү үчүн Тууну көрүнө дөңсөө жерге кармап турган. Мисалы, эпосто: «Ушу турган Кутубий Туу түбүндө турарын» (С. К. 1. 106). «Туу түбүндө көп колдун» (С. К. 1. 136) деп жазылган. Туунун душмандын колуна түшкөнү, же жыгылганы жеңилгенге барабар. Ошондуктан, Туу ар дайым ыйык сакталган: Бул тууралуу «Туу түбүндө турушуп, Туубуз качпай турат деп, Кубат кылып урушуп» (С. О. 2. 144). «Туу жыгылды, кан өлдү. Тутушкандын баарысы туш-тушка качып жөнөштү» (С. О. 2. 89) деп айтылат. Тынчтык мезгилде да көп эл чогулган жыйын той-тамашаларда ар бир уруу, эл өз тууларынын айланасында топтолушкан. Эпосто ар бир элдин, этностун өз туусу болгону айтылат, ал муундан муунга өтүп келген. Мисалы,

Бай Жакыптын кызыл туу,
Байкаганга сөзү бу.
Кыргыздын кыйла тобунан,
Алыс жерден калган туу.
Башкы атасы Бабыркан,
Андан калган ушул туу

(С. О. 2. 28).

«Ногойдон калган кызыл туу оболотуп таштады»

(С. О. 1. 79).

Эпосто Туу жөнүндө дагы төмөнкүдөй саптар кездешет.

Ак асаба, кызыл туу,
Айгайлаган ызы-чуу.
Көк асаба, кызыл туу,
Көк жаңырган улуу чуу

(С. О. 2. 31).

«Торала желек туу алып»

(С. К. 1. 129).

Кызыл байрак туу менен
Кыйгылаган чуу менен
Кытайдын зору эр Коңур

(С. О. 3. 104).

Эл намысына жарап, элдин камын ойлогон эр азаматтар да Тууга теңештирилген. Аны Манастын өзүнө карата айтылган төмөнкү саптардан баамдасак болот: «Бурутка бүткөн туу экен» (С. К. 1. 137). «Тукумдан бирөө чыгат деп, Сени туу кылып жүргөмүн» (С. К. 1. 114). *Манас энциклопедиясы*. II. 298-бет.

**Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик гимни**

Түрк элдери мурда душманга чабуул койгондо, алардын шаштысын кетирип, коркутуу үчүн «ур! ур!» деген катуу үн чыгарышкан. Мындай ураан чакыруу аскерлердин согуштук духун көтөрүүдө дагы чоң роль ойногон. Кийин бул салт орус жоокерлерине өтүп, алар «ураа!» деген үн чыгарышкан.

Ураан ат чабыштарда, эр сайыштарда, эр эңиштерде, улуттук оюндарда, уруулар аралык чабыштарда колдонулган.

Г. С. Загряжский мындай деген:

«Ар бир уруу, уруктун өзүнүн уруулук аскер урааны болгон, ал көпчүлүк учурда уруунун аты менен аталган. Ушул жагынан кара кыргыздар башкалардан өзгөчө айырмаланып турат». Керек болсо, атасынын, чоң атасынын атын айтып да ураан чакырышкан.

Кыргыз ССРи түзүлүп, ал СССРдин курамындагы тең укуктуу союздук республика болот. 1946-жылы 1-апрелде Кыргыз ССРинин Жогорку советинин Президиумунун указы менен, Кыргыз ССРинин Мамлекеттик Гимнинин тексти жана музыкасы бекитилген. Сөзү: К. Маликов, Т. Сыдыкбе-

ков, М. Токобаев, А. Токомбаевдики. Музыкасы: В. Власов, А. Малдыбаев, В. Ференики.

Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик гимни – республиканын расмий символу болгон салтанаттуу ыры болуп эсептелет.

Мамлекеттин гимни 1992-жылы 18-декабрда Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин токтому менен бекитилген.

Гимн Ж. Садыков, Ш. Кулуев тарабынан жазылган. Музыкасы Н. Давлесов менен К. Молдобасановдуку.

Гимнде кыргыз элинин, жеринин байлыгы, сулуулугу жөнүндө маалымат берилип, анын мүнөздүү белгилерин, өзгөчөлүктөрүн ачуу менен Кыргыз жеринин тарыхы, ата-бабаларынан калган мурасы, бүгүнкү күнү жана келечеги даңазаланат.

**Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик гимни**

Сөзү: *Ж. Сыдыков, Ш. Кулуевдики.*
Муз: *Н. Давлесов, К. Молдобасановдуку.*

Ак мөңгүлүү аска-зоолор, талаалар,
Элибиздин жаны менен барабар.
Сансыз кылым Ала-Тоосун мекендеп,
Сактап келди биздин ата-бабалар.

*Кайырма*: Алгалай бер, кыргыз эл,
Азаттыктын жолунда.
Өркүндөй бер, өсө бер,
Өз тагдырың колуңда

Байыртадан бүткөн мүнөз элиме,
Досторуна даяр дилин берүүгө.
Бул ынтымак эл бирдигин ширетип,
Бейкуттукту берет кыргыз жерине.

*Кайырма*:

Аткарылып элдин үмүт-тилеги,
Желбиреди эркиндиктин желеги.
Бизге жеткен ата салтын, мурасын,
Ыйык сактап, урпактарга берели.

*Кайырма*:

## Кыргыз ССРнин Мамлекеттик гимни

Сөзү: *К. Маликов, С. Садыкбеков, М. Токтобаев, А. Токомбаевдики.*
Музыкасы: *В. Власов, А. Малдыбаев, В. Ференики.*

Азаттыкты кыргыз эңсеп турганда,
Ала-Тоого Октябрдын таңы аткан.
Улуу орус достук менен кол берип,
Ленин бизге бак-таалайга жол ачкан.

*Кайырма*:
Жаша, Кыргызстаным,
Ленин туусу колунда.
Алгалай бер, гүлдөй бер,
Коммунизм жолунда.

Эмгек, эрдик, күрөштөрдө такшалтып,
Таалай берген улуу совет калкына,
Жеңиштерден жеңиштерге алпарат,
Элдин күчү – лениндик партия.

*Кайырма*:

Эл достугун болоттон бек ширетип,
Көп улуттан Союз курдук урагыс.
Жандай сүйүп даңктуу Ата-Мекенди,
Түбөлүккө коммунизм курабыз.

*Кайырма*:

### Кайталоо үчүн суроолор

1. Мамлекеттин ыйык белгилери, алар качан кабыл алынган, алардын авторлору.
2. КРнын Мамлекеттик Туусунун пайда болуу тарыхынан эмнелерди билдиң?
3. КРнын Мамлекеттик Гимнинде эмнелер тууралуу айтылган? Бир куплетин айтып бер.
4. Кыргызстанда качан, кайсы облустардын, шаарлардын гербдери биринчилерден болуп кабыл алынган?
5. КРнын Мамлекеттик Желеги жана Гербинин көрүнүшүн сүрөттөп, айтып бер.

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МАМЛЕКЕТТИК БИЙЛИГИ ЖАНА САЯСЫЙ СИСТЕМАЛАРЫ

## § 7–8. МАМЛЕКЕТТИ БАШКАРУУНУН ФОРМАЛАРЫ

***Түшүнүктөр***:

- монархия
- республика
- абсолюттук, конституциялык
- президенттик-парламенттик
- парламенттик монархиялар
- парламенттик
- президенттик республикалар

***Негизги даталар***:

1776-жыл, 4-июнь – АКШнын көз карандысыздыгы.

1875-жылы Францияда Конституция кабыл алынып республика орногон.

1917-жыл, 1-сентябрь, 1917-ж. 25-октябрь Россияда республика жарыяланган.

1993-жылы Россияда Конституция кабыл алынганда үчүнчү жолу республика жарыяланган.

1970-жылы Иранда ислам революциясы болгон.

1265-жылы Англиядагы 1-чогулуш Парламент деп аталган.

***Тапшырма***:

• Мамлекет курулганга чейин кандай башкаруу органдары болгон деп ойлойсуң?

• Мамлекет менен Республиканын ортосундагы айырмачылыктар (эрежелерине, белгилерине ж. б. токтолуу керек).


Мамлекеттик башкаруу формалары – бул мамлекеттик жогорку укук органдарынын түзүлүшү.

Мамлекеттик башкаруунун формалары негизинен монархиялык жана республикалык болуп экиге бөлүнөт.

### Монархиялык башкаруу формасы

Монархия грек тилинен которгондо «жеке бийлик» «жалгыз башкаруучу» дегенди билдирет. Бул башкаруунун эң ба-

## Башкаруу формалары




йыркы формасы болуп эсептелет. Монарх башкарган мамлекетти Аристотель Монархия деп атаганы тарыхта белгилүү. Тарыхта монархиянын ар түрдүү формалары бар. Алар абсолюттук, конституциялык жана парламенттик монархиялар. Байыркы мезгилде өзгөчө чыгыш өлкөлөрүндө монархиянын формалары «деспотия» деп аталган. Анткени монархтын бийлиги чексиз болуп, кудайдын бийлиги менен теңештирилген. Орто кылымдардагы монархтарга толук бийлик тиешелүү болгон. Мамлекеттик бийликти монархтар король, падыша, император, хандар, султан, эмир ж. б. жүргүзүшкөн.

Африкада монархиялык мамлекеттен үчөө: Лесото, Марокко, Свазиленд жана Океанияда Тонга.

Монархтын бийлигин эч ким, эч нерсе чектей албаса, бул **абсолюттук монархия** болуп эсептелет. Алардын бийлиги мураска калтырылат. Мындай абсолюттук монархия сакталган өлкөлөргө Азиядан жети өлкө: Бахрейн, Бруней, Катар, Кувейт, ОАЭ, Оман жана Сауд Аравиясы кирет.

**Конституциялык монархия** алгачкы жолу Англияда пайда болгон. Бул жерде азыркы мезгилге чейин кагаз бетине түшүрүлгөн конституциясы жок. 1689-жылы парламент конституциялык монархиянын режимин бекемдеген укуктар жөнүндө Билль (мыйзам) кабыл алган. Анда мыйзамдарды токтотуу, алып таштоо жана салыктарды аныктоодо королдун бийлиги Конституцияда (эрежелер аркылуу) чектелген.

Конституциялык монархияда бийликти бөлүштүрүү жүрөт жана мыйзам чыгаруу бийлиги аткаруучу бийликтен бөлүнөт.

Азыркы учурда Конституциялык монархияда, монарх эркттүүлүктүн жана элдердин биримдигинин символу болуп падышалык кылат. Бирок мамлекетти башкарбайт. Өлкөнү башкарууну, парламент тарабынан түзүлгөн өкмөт жана парламент ишке ашырат.

Европа өлкөрүндө Конституциялык монархия түзүлүшү он эки өлкөдө Англия, Бельгия, Андорра, Ватикан, Испания, Дания, Норвегия, Швеция, Лихтенштейн, Люксембург, Монако, Нидерландияда кездешет. Азияда болсо Бутан, Иордания, Камбоджа, Малайзия, Непал, Тайланд, Японияда орнотулган.

Конституциялык монархиялар эки түрдүү: дуалисттик жана парламенттик функцияларды аткарышат.

**Дуалисттик (кош) монархия** артта калган өлкөлөргө тиешелүү болуп феодализмдин калдыктары мурдагыдай эле зор роль ойнойт. Ал негизинен начарлап жаткан феодализм менен күч алып жаткан буржуазиянын ортосундагы компромисс болуп эсептелет. Мында, феодалдык монархия жана буржуазиялык парламент өз ара мамлекеттик бийликти бөлүштүрүшөт да монарх феодалдардын, парламент буржуазиянын жана калктын башка катмарларынын кызыкчылыгын көздөйт. Буржуазиялык мамилелердин орношу менен дуалисттик монархиядан парламенттик монархияга же республикага өсүп, жетет.

**Парламенттик монархияда** парламент эл тарабынан шайланып, мыйзам кабыл алуу укугуна ээ болот. Анда монархтын бийлиги чектелет. Мыйзам чыгаруучу бийлик парламентке, ал эми аткаруучу бийлик өкмөткө таандык болуп парламент алдында жоопкерчиликте болот. Англия XVIII кылымдан бери парламенттик Монархия болуп эсептелет. Королева мыйзам кабыл алууга кийлигишпейт.

### Республикалык башкаруу формасы

Бул башкаруунун эски формаларынын бири. Республикалык башкаруу формасында бийликтин жогорку органдары шайлануу жолу менен бийликке келет же жалпы улуттук өкүлчүлүк уюмдары тарабынан түзүлөт. Монархиялык башкаруу формасынан Республикалык башкаруу формасы өкүлчүлүк органдарды түзүүдө демократиялуулугу менен айырмаланат.

**Республика** (лат. сөзүнөн коомдук иш, мамлекет) – деп мамлекеттик жогорку органдарды белгилүү мөөнөткө шайланган адамдар башкарган мамлекетти айтабыз. Республикалык башкаруу мамлекеттерде, ар башка мезгилде ар кандай жолдор менен орногон. Байыркы Афины жана Рим, Улуу Новгород жана Венеция мамлекеттери дагы республикалык башкарууну башынан өткөргөн. Бирок чыныгы республикалык башкаруу формасы феодалдык коомдон буржуазиялык коомго өтүү мезгилинде пайда болгон.

Жаңы доордогу алгачкы Республика болуп АКШ эсептелет. Анда Америкалык колониялар Англия менен болгон боштондук үчүн күрөштө жеңип чыгып, 1776-жылы 4-июнда көз карандысыздыкка ээ болгондо республика орногон.

Кийин 1787-жылы 17-сентябрда кабыл алынган Конституцияда Республика сакталып калган. Көз карандысыздык декларациясынын автору Томас Джефферсон болгон.

Францияда биринчи Республика 1792-жылы жарыяланган. Бирок башкаруунун Республика формасы толугу менен 1804-жылы жана 1852-жылы 2-декабрда монархия эки жолу калыбына келтирилгенден кийин, 1875-жылы Конституциянын кабыл алынышы менен орногон. Россияда Республика 1917-жылы 1-сентябрда убактылуу өкмөттүн декрети менен жарыяланган. Бирок ал узак жашаган эмес. 1917-жылы 25-октябрда (7-ноябрь) Улуу Октябрь Революциясынын жеңишинен кийин Совет Республикасы орногон. 1993-жылы кабыл алынган Россиядагы жаңы конституция Россияда үчүнчү жолу Республиканы жарыялаган.

**Республиканын түрлөрү.**

Республиканын негизги үч түрү бар:

- Парламенттик башкаруудагы
- Президенттик башкаруудагы
- Президенттик-Парламенттик (аралаш) башкаруудагы республикалар.

**Парламенттик республика.** 1265-жылы Англияда биринчи жолу чогулуш чакырылган. Ал Парламент деп аталып Француздун «Парле» – сүйлөө деген сөзүнөн келип чыккан. XIV кылымда парламент лорддор жана общиналар палатасына бөлүнгөн. Ошол сыяктуу жыйынга 1302-жылы Францияда дин кызматкерлеринин, дворяндардын, шаардыктардын өкүлдөрү чогулуп, Генералдык штаттар деп аталган (Филип IV).

1549-жылы февралда Иван IV биринчи Земстволук собор чакырып, ага феодалдардын ар түрдүү катмарларынан кирген.

Парламенттик республикада парламент үстөмдүк кылат. Бийликтин Жогорку органы болуп эл тарабынан шайланган, бийликтин өкүлчүлүктүү органы парламент эсептелет.

Парламенттик республиканын эң башкы белгилеринен деп шайлоодо парламенттеги көпчүлүк орунду жеңип алган саясый партиядан өкмөт башчысынын (премьер-министр же канцлер) шайланышын жана жаңы өкмөттүн түзүлүшүн, ошондой эле өкмөттүн парламент алдында саясый жоопкерчиликте болушун айтсак болот. Алар бардык расмий адамдарды, саясый чечимдерди кабыл алып, мыйзам чыгарып аларды иш жүзүнө ашыруу үчүн шайланат. Конституциялык көзөмөл органдарын ж. б. мамлекеттик институттарды даярдайт. Парламенттик республикада дагы президенттик кызмат болуп калышы ыктымал. Анда президентти парламент шайлайт. Президент мамлекеттин башчысы болуп эсептелет. Бирок өкмөт башчысы боло албайт. Президент өкүлчүлүк жана кеңешчилик ишти аткарат. Парламенттин ишинин конституциялык нормада болушуна көз салат.

Парламенттик Республикага Германия, Греция, Италия, Венгрия, Чехия, Англия, Израил, Швеция, Жаңы Зеландия Австрия, Ирландия, Индия, Швейцария ж. б. кирет.

2010-жылы кабыл алынган Конституцияда Кыргыз Республикасы Парламенттик деп жарыяланган.

**Президенттик Республикада** эл эки жогорку органды: жогорку мыйзам чыгаруу жана көзөмөлдөөчү орган болгон парламентти жана мамлекет менен аткаруучу бийликтин башчысы болгон Президентти шайлашат. Президенттик республикада көбүнчө вице-президент да болот. Президент мамлекеттин жана аткаруучу бийликтин башчысынын кызматын тең аткаргандыктан, премьер-министрдин кызмат орду жок. Мыйзам чыгаруучу, аткаруучу жана соттук бийликтердин аткарган иштери жана түзүлүшү так бөлүштүрүлөт. Президент министрлерди ж. б. Өкмөт мүчөлөрүн дайындайт. Ар бир министр президентке баш ийип, парламенттин алдында эмес, Президенттин алдында жооптуу. Президенттик республикада мыйзам чыгаруучу бийлик «конгресс» деп аталып, парламенттик республикага караганда чоң укуктук статуска ээ. Аны таркатууга болбойт. Президенттик республи-

| Республика | |
|---|---|
| Парламенттик | Президенттик |
| Парламенттин үстөмдүгү орнойт | Президент – мамлекеттин жана аткаруу бийлигинин башчысы |

каларга АКШ, Бразилия, Аргентина жана мурдагы советтик өлкөлөрдүн көпчүлүгү кирет.

**Президенттик-парламенттик** (аралаш) республикаларда президенттик жана парламенттик республикалардын белгилери айкалышып турат. Башкаруунун бул формасында президент бир катар конституциялык укуктарга ээ. Көпчүлүк өлкөлөрдө президент эл тарабынан шайланат. Президент өкмөт башчы боло албайт. Бирок өкмөт президенттин алдында дагы, парламенттин алдында дагы жоопкерчиликтүү. Президенттик-парламенттик республикага Франция, Финляндия, Португалия ж. б. мамлекеттер кирет.

Башкаруу формаларынын бири **теократия** болуп эсептелет. Мамлекеттик бийлик духовенствонун (дин кызматчылар) жана чиркөө башчыларынын колуна топтолгон башкаруунун формасы «теократия» деп аталат. «Теократия» грек тилинен которгондо кудай, бийлик дегенди билдирет.

Теократиялык башкаруу орто кылымдарда Омейяд менен Аббасийлер халифатында жана 1870-жылы Италия бирикkенге чейин Пап дубанында болгон. Азыркы кезде Папа Римдик – католиктик чиркөөсүнүн жетекчиси болуу менен Ватикан мамлекетинин да башчысы болуп саналат.

Иранда 1970-жылы Ислам революциясы болуп Аятолла Паша Хомейни баш болгон дин кызматкерлери бийликке келген.

Теократиялык башкаруу – жарандардын жеке жана коомдук турмушунун бардык жактарын катуу тартипке салат.

Диний майрамдарга жана шаан шөкөттөргө мамлекеттик статус берилет. Бул Ислам мамлекеттери Иран, Пакистан, Ирак, Сирияга, ж. б. таандык.

### Кайталоо үчүн суроолор

1. Мамлекеттин башкаруу формалары тууралуу эмнелерди билдиң?
2. Абсолюттук монархия менен конституциялык монархиянын айырмасын салыштыр жана аларга кайсы мамлекеттер кирээрин айтып бер.

3. Республикалык башкаруу формасы жана анын өнүгүү тарыхы тууралуу эмнени билдиң?
4. Башкаруунун теократиялык формасынын кандай өзгөчөлүктөрү бар?
5. Башкаруунун парламенттик, президенттик жана президенттик-парламенттик формаларын салыштыр.

## § 9. ШАЙЛОО СИСТЕМАЛАРЫ

*Түшүнүктөр*:
- Шайлоо системасы.
- Мажоритардык система.
- Пропорциялык система.
- Аралаш система.

*Тапшырма*:
- Шайлоо деген эмне, ал кандай максатта пайдаланылат?
- «Элдин кандай добуш бергендиги эмес, добуштардын кандай эсептелгени маанилүү». И. В. Сталиндин (РКП(б)нын генералдык катчысы 1922–1953-жж.) бул сөзүн Кыргызстандагы болуп өткөн шайлоолор менен байланыштырып өз пикиринди айтып бер.
- «Мылтыктан бийлик туулат», – деген Мао Цзедун (КЭРдин өкмөт башчысы, 1945–1976-жж.). Эмне үчүн Мао Цзедун бийликке жетүүнүн эң ишеничтүү жолу деп аны басып алууну эсептеген?

Демократиялык коомдун ажырагыс элементи болуп шайлоо системасы эсептелет.


Мао Цзедун.

Шайлоо системасы – бул парламенттин, өкмөттүн, электораттын (шайлоочулар) ортолорундагы өз ара мамилелерди аныктай турган эрежелер жыйындысы. Шайлоо системаларынын негизги типтери болуп мажоритардык жана пропорциялык системалары саналышат.

**Мажоритардык системасын** (көпчүлүк принцибине негизделген) көп мамлекеттерде (АКШ, Улуу Британия, Франция ж. б.) пайдаланышат. Мажоритардык системада мыйзам тарабынан бекитилген шайлоо округу боюнча добуштардын көбүн алган талапкер шайланды деп эсептелет. Негизинен бул системанын үч түрү бар:

**Шайлоо системасы**




1. Абсолюттук көпчүлүктүн мажоритардык системасында ким абсолюттук көпчүлүк добушту (50%+1) алса, ал шайланды деп эсептелет. Бирок добуш алууда, абсолюттук көпчүлүк дайым эле мүмкүн болбогондуктан добуш берүү эки турда өткөрүлөт. Экинчи турга эң көп добуш алган эки талапкер чыгат.

2. Салыштырмалуу көпчүлүктүн мажоритардык системасында, шайлоочулардын добушунун салыштырмалуу көпчүлүгүн алган тараптар жеңүүчү болуп таанылат.

3. Квалификацияланган көпчүлүктүн мажоритардык системасында жеңүүчү алдын ала белгиленген добуштардын көбүнө – 2/3, 3/4, 4/5 бөлүгүнө ээ болууга тийиш.

**Пропорциялык системада** (Бразилияда, Финляндияда, Швецияда, Нидерландияда ж. б. колдонулат) бүтүндөй өлкө бир шайлоо округу болот же көп мандаттуу чоң округдар түзүлөт. Шайлоочулар талапкерлерге эмес партиялар үчүн добуш беришет. Талапкерлер жалаң гана саясий партиялар тарабынан көрсөтүлөт. (Партиялардын ар бири талапкерлердин тизмесин көрсөтүшөт.) Ал эми шайлоочу өзү тандаган партиянын тизмеси үчүн добуш берет.

Кыргызстанда 2007-жылы 21-октябрдагы референдум аркылуу өзгөртүлгөн шайлоо кодексинде, шайлоолорду пропорциялык система боюнча өткөрүү каралган.

**Аралаш системасында** (Россия, Тайван, Грузия, ФРГ). Мажоритардык жана пропорциялык системалар айкалышып аралаш пайдаланылат. Шайлоочулар өз округунун өкүлү үчүн да, партиялар үчүн да добуш берет. Демек парламентте эки түрдөгү: өз округунан тике шайланган жана партиялык тизме боюнча шайланган өкүлдөрү болот.

**Кыргызстандагы шайлоо системасы**

Россия империясынын курамына кошулганга чейин, кыргыздарда каада-салт укугунун ченемдерине ылайык башкаруу жана сот иштерин, ар бир уруунун топ башчылары шайлаган бийлер аткарган. Мындай шайлоо уруу жыйынында ачык түрдө өткөрүлгөн.

Кыргызстан Россия империясына кошулгандан кийин, колониялык бийлик бир катар админстративдик реформаларды жүргүзгөн.

Калкы көчмөн райондордо уруу башчыларын, ал эми отурукташкан райондордо айыл-кыштак жана волость бийлигине жүз башы, миң башыларды, болуштарды шайлоо өткөрүлө баштаган. Уезддер менен облустардын жетекчилерин падышанын колониялык администрациясы дайындап турган. Уезддерди полковниктер, губернияларды генералдар башкарып, бүтүндөй Түркстан чөлкөмүндө император өзү дайындаган Генерал-губернатор бийлик жүргүзгөн. Падышалык режимдин жергиликтүү калкка карата империялык мыйзамдары бир кыйла катаалдашкан. Мисалы, 1907-ж. шайлоо мыйзамына ылайык Түркстандын калкы мамлекеттик думага (парламентке) өкүл шайлоо укугунан ажыратылган. Жергиликтүү эл волосттордун башкаруучулары (болуштар) менен элдик соттордү шайлоого гана катыша алган.

1917-жылы Октябрь революциясы жеңгенден кийин, СССРдин Конституциясында адам укугунан жогору турган эч нерсе жок деп жазылганы менен ал укуктар абдан кеңири бузулуп келген.

**1929-жылы апрель айында Кыргыз АССРинин биринчи Конституциясы кабыл алынган.** Бул Конституция башка советтик конституциялардай эле таптык негизде түзүлгөн. Анда Советтерге шайлоо системасы жана тартиби, жарандардын негизги укуктары жана милдеттери аныкталып, тең укуксуз шайлоо системасы киргизилген. Ага ылайык калктын айрым катмары бийлер, манаптар, кулактар, дин кызматчылары ж. б. шайлоо укугунан ажыратылган.

**1937-жылы март айында Кыргыз ССРнин Конституциясы кабыл алынган.** Мында мурунку Конституцияда киргизилген шайлоо системасындагы чектөөлөр жана теңсиздиктер жоюлуп бардык жарандар шайлоого жана шайланууга тең укук алышат.

1991-жылы декабрда СССР кулагандан кийин Жогорку Кеңеш Кыргыз Республикасынын көз карандысыздыгы жөнүндө декларация кабыл алган. Ал эми **1993-жылы майда Конституция кабыл алынып,** элге шайлоо укугу мыйзамдуу түрдө берилген. Шайлоо болсо бийликтин тынч жол менен бир колдон башка бир колго өткөрүлүп берилишине өбөлгө түзөт.

Кыргыз Республикасынын шайлоо кодексинде жана башка мыйзамдарда шайлоо өткөрүү тартиби менен эрежелери берилген.

Бул мыйзамдарда, Борбордук шайлоо комиссиясын түзүү үчүн укуктук негиз түптөлгөн. Ошондой эле:

- Жарандардын шайлоо укуктары түшүндүрүлгөн.
- Шайлоо комиссияларын түзүү тартиби жана милдеттери көрсөтүлгөн.
- Талапкерлерге коюлуучу талаптар, аларды көрсөтүү жана каттоо процесси аныкталган.
- Участкалык шайлоо комиссияларынын шайлоолорду уюштуруу жана өткөрүү боюнча милдеттери көрсөтүлгөн.
- Шайлоочулардын тизмелерин түзүү жана тактоо тартиби берилген ж. б.

### Кайталоо үчүн суроолор

1. Шайлоо системасы жана анын негизги типтери.
2. Мажоритардык системанын бөлүнүштөрү жана өзгөчөлүктөрү.
3. Кыргызстандын шайлоо системасынын Октябрь революциясына чейинки жана кийинки өнүгүүсү (салыштыр).
4. 1929–1937-жылдары кабыл алынган конституцияларды салыштырып өзгөчөлүктөрүн белгиле.

## § 10 ЭЛДИК ДОБУШ БЕРҮҮ

***Түшүнүктөр:***

- Шайлоо принциптери.
- Референдум.

***Тапшырма:***

- АКШнын президенти Джон Кеннеди (1960–1963).

«Демократиялык коомдогу бир эле шайлоочунун маалымсыз калышы жалпы элдин коопсуздугуна доо кетирет» деп айткан. Кыргызстанда бардык шайлоочуларга маалымат жетеби? Өз пикириңди айтып бер.

• Шайлоого эмне үчүн элдер толук катышпайт?

• Шайлоочулардын шайлоого аң-сезимдүү түрдө толук катышуусу үчүн кандай иштерди аткаруу зарыл?

• Шайлоо системасы жана элдик добуш берүүнүн анык-тамаларын окуп, өзгөчөлүктөрүн салыштыр.

**Элдик добуш берүү** – бул парламентке өз өкүлдөрүн жана бийликтин аткаруу органдарына жетекчилерди тандоо үчүн элдин эркин билдирүү процесси.

Демократиялык өлкөдө эркин, жалпы, тике жана ачык шайлоолор жашыруун добуш берүү жолу менен жүргүзүлөт. Шайлоо адилеттүү болуш үчүн, шайлоонун өзгөчө формасы уюштурулуп, бир нече талапкер катышып, альтернативалык болуш керек.

1948-жылы 14 мамлекеттин ар түрдүү саясий системасынын жана региондорунун өкүлдөрү БУУ тарабынан жактырылган адам укугунун Жалпы Декларациясына кол коюшкан. Анда «Элдин эрки өкмөттүк бийликтин негизи болуусу керек. Бул эрк бурмаланбаган жалпы жана тең укуктуу шайлоолордо, жашыруун же башка түрүн эркин добуш берүүчү шайлоонун формасында өзүн көрсөтүүсү керек» – деп жазылган. Республикадагы бийлик органдары – мамлекет башчысы (президент), парламент, өзүн-өзү башкаруучу органдар, шайлоо жолу аркылуу түзүлөт. Шайлоо аркылуу эл өз өкүлдөрүнө элдин атынан сүйлөөгө укук берет. Аткаруу бийлигинин органдарын мамлекет башчысы же конституцияга ылайык парламент эле дайындайт.

Улуттук шайлоолор бүткүл өлкө боюнча жана жергиликтүү шайлоо органдарын шайлоодо өткөрүлөт. Шайлоо активдүү (шайлоочулар) жана пассивдүү (шайлануучу) болуп бөлүнөт.

## Шайлоо принциптери

Демократиялык дүйнөнүн шайлоо системасы жалпы шайлоо, эркин шайлоо, тең шайлоо, түз шайлоо, жашыруун шайлоо принциптерине таянат.

**Жалпы шайлоо:** Улутуна, диний ишенимине, жынысына, ден соолугуна карабастан, жашы жеткен бардык жарандар шайлоо укугуна ээ болушат.

**Эркин шайлоо:** Бул шайлоочу шайлоого катышабы же жокпу жана кайсы талапкерге добуш берерин өзү чечет де-

**Шайлоо принциптери**




генди билдирет жана кайсы бир талапкерге зордоп добуш бердире албайт. Эч ким шайлоочуну зордук менен шайлоого алып барбайт. Бирок бир катар өлкөлөрдө шайлоочунун шайлоого катыша турган юридикалык милдеттери каралган. Италияда добуш берүү жарандык парз болуп саналат. Грецияда жана Турцияда эркинен ажыратууга чейин барышат, Белгияда добуш берүүгө келбесе айып салынат.

**Тең шайлоо:** тең добуш берүү принциби бул – бир адам бир добушка ээ дегенди түшүндүрөт. Кыргызстанда ар бир шайлоо округу боюнча шайлоочу бирден гана добушка ээ. Германияда парламенттик шайлоодо ар бир шайлоочу экиден добушка ээ. Баварияда жергиликтүү өзүн-өзү башкаруу органдарынын өкүлчүлүгүнө шайлоодо ар бир шайлоочу үчтөн добушка ээ болот.

**Тике шайлоо укугу:** Жарандардын өз жетекчилерине жана депутаттыкка талапкерлерге өкүлдөрү аркылуу эмес, өздөрү түз добуш берген процесс. Бул эл кайсы талапкерди колдосо ошого түз добуш берет дегенди билдирет. Бирок кээ бир учурда элдин өкүлдөрү болгон депутаттар эле шайлашат. Мисалы, шаардын мэрин шаардык кеңештин депутаттары шайлайт ж. б.

**Жашыруун шайлоо:** Шайлоочулардын өздөрү кимди тандашын эч кимге билгизбей добуш берүүгө мүмкүнчүлүк алышы.

Мыйзам тарабынан добуш берүү укугуна ээ болгон адам **«шайлоочу»** деп аталат. Ар кандай өлкөлөрдүн конституцияларында көпчүлүк учурда шайлоочулардын жаш курагы аныкталган. Парламент аралык изилдөө жүргүзүлүп, 150 мамлекеттин 109да активдүү шайлоо укугуна 18 жаштан өйдө, кээ бир мамлекеттерде – Бразилия, Куба, Иран, Никарагуада – 16 жаштан баштап шайлоо укугуна ээ болоору аныкталган. Кыргыз Республикасынын Конституциясына ылайык шайлоого 18 жашка толгон жарандар катыша алат.

Пассивдүү шайлоо укугу үчүн жаш куракты чектөө бир кыйла жогору. Мисалы, Италияда президенттикке 50 жаштан өйдө шайлана алышат. Кыргызстанда 35 жаштан кем эмес. Жашты чектөөнүн себеби, мамлекетти башкарууда саясый жактан жетилген, турмуштук ж. б. маселелерди чечүүдө тажрыйбасы көп адамга ишеним көрсөтүү керек.

Жогорку жаш курак көпчүлүк өлкөлөрдө чектелбейт. Мисалы, Германия, АКШ, Индияны алсак болот. Бул өлкөлөрдө мамлекеттик жетекчиликти акыркы он жылдын ичинде 70–80 жашка чыккан адамдар ээлеп келишкен. Кыргызстанда 70 жаштан өткөн адам Президент боло албайт.

### Талапкерлерди көрсөтүү жана анын түрлөрү

Бул дагы шайлоо процессинин маанилүү бөлүгү. Ушул учурда президент, депутат жана башка шайлануучу адамдардын тобу аныкталат. Талапкерлерди көрсөтүүнүн бир нече түрү бар:

а) өзүн-өзү көрсөтүү;

б) шайлоочулар тобунун көрсөтүүсү;

в) саясый партиялардын же башка коомдук уюмдардын көрсөтүүсү.

**Референдум.** Жарандык коом менен мамлекеттин ортосундагы тике байланыш референдум аркылуу ишке ашырылат. *Референдум* латын тилинде *«кабардар кылуу»* дегенди билдирет. Мамлекеттик же коомдук кандайдыр бир маанилүү маселени чечүү үчүн элдин добуш бериши, калктын кароосуна коюу дегенди түшүндүрөт. Жалпы улуттук референдум өткөрүүнү кабыл алуу жана дайындоо мамлекет башчысына же Парла-

ментке таандык. Кыргызстанда мамлекеттик иштерди чечүү боюнча референдумду Президент же Жогорку Кеңеш дайындайт.

### Кайталоо үчүн суроолор

1. Элдик добуш берүүнүн мааниси эмнеде?
2. Демократиялык өлкөлөрдөгү шайлоо принциптери. .
3. Шайлоонун түрлөрү жана аларда жаш куракты чектөө.
4. Референдум тууралуу эмнелерди билдиң?
5. Кыргызстанда өткөрүлгөн шайлоолордун оң жана терс жактарынан мисал келтир.

## § 11. МАМЛЕКЕТТИК ОРГАНДАР. КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ПРЕЗИДЕНТИ

***Түшүнүктөр*:**

- Мамлекеттик органдар жана мекемелер.
- Президенттин укуктары.
- Президентти шайлоо.

***Тапшырма*:**

Адилеттүү болуп турса бек киши,
Ошончолук жыргал болот эл ичи.
Адилет бол зулумдукту тебеле,
Топук кылып караны акка теңебе.
*(Ж. Баласагын).*

Автор өкүмдардын кайсы сапаттарына көңүл бурган, эмне үчүн? Өкүмдар дагы кандай сапаттарга ээ болуусу керек?

Туура бийде тууган жок.
Туугандуу бийде ыйман жок.
*(Кыдыр аке).*

Бул макалдын маанисин чечмелеп, азыркы учурга байланыштуу мисалдарды келтир.

- Сарт аке менен Байзак баатырдын акыл-насааттарынан азыркы жетекчилерге таандык сапаттарды тандап, алардын актуалдуулугун далилдеп бер (теманын аягында).

Өз турмушунда ар бир адам ар кандай мамлекеттик органдар менен кездешет. М.: эгер жаран коомдук уюм же саясый партия түзүүнү кааласа, Юстиция министрлигинде



Ак үй.

каттоодон өтөт; же болбосо адам материалдык же моралдык жактан чыгаша болсо, сотко кайрылат ж. б. Мамлекет өлкөнү коомчулуктун өзүнүн органдары, мекемелер системалары аркылуу башкарат. **Мамлекеттик орган** – бул бийлик чечимдерин кабыл алууга укук берилген адам же адамдардын уюшулган тобу (мисалы, парламент, президент, өкмөт, сот, министр). **Мамлекеттик мекеме** – бул уюшулган адамдардын тобу, алар бийлик чечимдерин кабыл албайт, бирок калкка тейлөө кызматын көргөзөт (мамлекеттик мектептер, ооруканалар).

Мамлекеттик органдардын түрлөрү:

- Президент.
- Мыйзам чыгаруучу бийлик органдары.
- Аткаруучу бийлик органдары.
- Сот бийлиги.

**«Президент»** латын сөзүнөн алынган. Сөзмө сөз которгондо «алдыда отуруучу» деп которулат. Кыргыз Республикасынын Президенти мамлекеттин башчысы болуп саналат, элдин бийлигинин жана мамлекеттик бийликтин биримдигин көрсөтүп турат. Президент КРнын жарандары тарабынан 6 жылга шайланат. Бир адам катары менен 2 мөөнөткө президент болуп шайлана албайт. Президент болуп 35 жаштан 70 жашка чейинки мамлекеттик тилди билген жана республикада 15 жылдан кем эмес жашаган КРнын жараны шайлана алат. Президенттин кызмат ордуна талапкерлердин саны чектелбейт. 30 минден кем эмес шайлоочунун кол тамгасын топтогон адам Президенттикке талапкер болуп каттала алат. Президент кызматына киришээрде Кыргыз-

стандын элине ант берет. Президент өз ыйгарым укуктарын жүзөгө ашырган мезгилде саясый партияга мүчөлүгүн жана ага байланыштуу иш аракеттерин токтото турат.

### Кыргыз Республикасынын Президентин шайлоо

Кылмыш жасагандыгы үчүн соттолгон, анысы жоюлбаган же мыйзамга ылайык алып салынбаган жаран Президент болуп шайлана албайт. Кыргыз Республикасынын Президенти жарандар тарабынан жашыруун, түз жана тең добуш берүү менен шайланат. Шайлоого бардык шайлоочулардын элүү проценттен ашыгы катышканда президентти шайлоо өткөрүлдү деп эсептелет. Ал эми шайлоочулардын жарымынан көбүнүн добушун алган талапкер Кыргыз Республикасынын Президенти болуп шайланат.

### Кыргыз Республикасынын Президентинин ыйгарым укуктары

Президент Жогорку Кеңешке жана жергиликтүү кеңештерге шайлоолорду дайындайт.

Мыйзамдарга кол коёт жана элге жарыялайт, мыйзамдарды каршы пикири менен Жогорку Кеңешке кайтарат.

Зарыл учурларда Жогорку Кеңештин кезексиз жыйналыштарын чакырууга жана каралуучу маселелерди аныктоого укуктуу.

ЖКнын жыйналыштарында чыгып сүйлөөгө укуктуу.

Жогорку соттун судьяларынын кызматына шайлоо үчүн талапкерлерди Судьяларды тандоо боюнча кеңештин сунушу боюнча Жогорку Кеңешке сунуштайт. Аларды кызматынан бошотуу үчүн да Жогорку Кеңешке сунуштайт.

Президент Судьяларды тандоо боюнча кеңештин сунушу боюнча жергиликтүү соттордун судьяларын дайындайт жана кызматынан бошотот.

Жогорку Кеңештин макулдугу менен башкы прокурорду дайындайт жана мыйзам тартибинде кызматтан бошотот.

Башкы прокурордун сунушу менен анын орун басарларын дайындайт жана кызматтан бошотот.

Өкмөт мүчөлөрүн – коргоо жана улуттук коопсуздук маселелерин тескеген мамлекеттик органдардын жетекчилерин, алардын орун басарларын дайындайт жана кызматтан бошотот ж. б.

Улуттук банктын төрагасынын кызматына шайлоо үчүн талапкерди Жогорку Кеңешке сунуштайт.

Улуттук банктын төрагасынын сунушу боюнча анын орун басарларын, башкарма мүчөлөрүн кызматка дайындайт жана бошотот.

Эсептөө палатасынын Жогорку Кеңеш тарабынан шайланган мүчөлөрүнүн ичинен анын төрагасын кызматка дайындайт жана бошотот.

Сүйлөшүүлөрдү жүргүзөт жана премьер-министр менен макулдашуу аркылуу эл аралык келишимдерге кол коёт.

Президент Кыргыз Республикасынын Куралдуу күчтөрүнүн башкы командачысы болуп саналат. Куралдуу күчтөрдүн жогорку командалык курамын аныктайт, кызматка дайындайт жана бошотот.

Президент ушул Конституцияда каралган дагы башка ыйгарым укуктарды жүзөгө ашырат.

Президент кызматынан четтетилгенден кийин жазык жоопкерчилигине тартылышы мүмкүн.

Өзүнүн аппаратынын түзүмүн аныктайт, жобосун бекитет жана жетекчисин дайындайт.

### Доскулу уулу Сарт акенин эл башчыларына арнаган адеп насаат сөздөрү

– Эл башчысы кандай болуу керек? – Башчысы жок эл болбойт. Башчысы жок эл – карып. Башчысы жок эл – көрүнгөнгө жем, башчысы бар эл – ынтымактуу, биримдиктүү эл. Ынтымактуу эл – кубаттуу эл.

Эл башчысы – эл тагдырынын жоопкери, көсөмү. Ар нерсенин таянычы, тиреги болот: кереге таянычы – жер, уук таянычы – кереге, түндүк таянычы – уук. Ушул сыяктуу эл башчысынын таянган тиреги – калың эл. Элге алымдуу, элге жагымдуу, сөзү жугумдуу, эли үчүн жанын сайган, кайгымуңун чогуу тарткан, жыргаса чогуу жыргаган, адилет, калыс башчыны эл-жери кадырлайт, ардак тутат.

Жок, башчы нарк-насилсиз болсо, өзүн өзгөчө сезген көр көкүрөк болсо, айткан сөзү жөнсүз болсо, жакшы менен жамандын дилин билбесе жана бар кудуретин, акыл-эсин, абийирин, дөөлөтүн напсисине тебелетип, көр дүйнөгө кул кылса, ал элден ажырайт, андайды калың журт колдобойт. Мындай башчы эл бузар, журт бузар, журт курутар митеге тете.

Жакшылык менен жамандыктын салмагы, касиети бирдей эмес. Өмүрдө тапкан абийирди көз ачып-жумганча жоготуп коюуга болот. Колдон кеткен абийирдин орду толбойт, ал кайрылып келбейт. Муну эл башчысы эле эмес, ар бир адамдын биле жүрүшү абзел. Ошондон улам, көп жакшылыкты бир жамандык жеңерин эске тутуу абзел.

Жамандык менен жакшылык ар адамдын көзү өткөнчө тегерегинде эриш-аркак ээрчишип жүрөт. Ниетке жараша биринин ордун бири басып турат. Эмесе, айланайындар, Аллах таалам ниетиңерге береке берсин! Ниет оңолсо, Аллах таалам бак берет, береке берет. Ниет оңолгондо эси дартың да, сүйлөгөн сөзүң да оңолот. Жакшы айтылган сөздүн өмүрү узун, бүт ааламды баккан кара жер, калың эл гана казына эмес, тунук акылдан чыккан асыл сөз да кенч. Ата мурасынын бардыгы сөз аркылуу укумдан тукумга жетет.

**Байзак ажы Тооке уулу**

Байзак ажы Жумгалдык болуш болгон (1827–1914). Ал бардыгына тең калыс, адилет караган. Ошондуктан кийин болуш болуп эл башкарган уулдарына өзүнүн акыл, кеңештерин айтып турган. Ал азыркы мезгилде дагы эле өз маанисин жогото элек. «Элди бийликтин күчү менен эмес, калыстыктын күчү менен башкар. Бийлигиң бүткөн күндө да эл менен кала бересиң...», «Мен бийлик ээси болуп турганда, өзүм гана элдин сынында эмес, туугандарым да элдин сынында. Шарияттын, мыйзамдын жолун катуу сакташы – алардын туугандык парзы», «Мен тууганымдын болушу эмес, элдин болушумун, тууганга калыс боло албаган, элге калыс боло албайт», «Эл жакшысы карапайымдыгын жоготсо, мансап кууса, дүнүйө топтосо, анын паска түшкөнү ошол» (*А. Молдалиев* «Байзак баатыр» – Бишкек, 1993. 67–68-бб.). Байзак ажынын бул терең ойлору эл башкарган жетекчилер кандай сапаттарга ээ болушу керек экендигин эскертип турат.

### Кайталоо үчүн суроолор

1. Мамлекеттик органдар жана мекемелер, алардын айырмасы.
2. Мамлекетик органдардын түрлөрү. Президент жана анын иш-аракеттери.
3. КРнын Президентин шайлоонун шарттары.
4. КРнын Президентинин ыйгарым укуктарынан атап бер.

## § 12. ДЕМОКРАТИЯЛЫК МАМЛЕКЕТТЕ МАМЛЕКЕТТИК БИЙЛИКТИН УЮШТУРУЛУШУ

***Түшүнүктөр*:**
- Бийликтин үч бутагы.
- Жогорку Кенеш.
- Пропорциялык система.
- Мыйзам чыгаруу иши.


***Тапшырма*:**
- Мамлекеттик бийликти эмне үчүн бөлүштүрүү керек?
- Жогорку Кеңеш жана алардын аткарган иштери тууралуу өз билгениңди айтып бер.
- «Өлкө сен үчүн эмне кылгандыгы жөнүндө эмес, өзүң өлкөң үчүн эмне кыла аларың тууралуу сурагын.» Д. Ф. Кеннеди (1961–1963-жылдары АКШнын президенти). Бул ойду колдогон же жокко чыгарган аргументтерди келтир.

Мамлекеттик бийликти уюштуруунун негиз салуучу принциби болуп, бийликтердин бөлүнүү принциби эсептелет. Бул принцип англичан Джон Локк тарабынан көтөрүлүп, француз агартуучусу Шарль Монтескье тарабынан өрчүтүлгөн. Мамлекеттик бардык бийлик алардын аткарган иштерине ылайык **үч бутакка бөлүнүүсү керек. Мыйзам чыгаруучу, аткаруучу жана сот бийлиги.**

Кыргыз Республикасынын мыйзам чыгаруу бийлиги – Жогорку Кеңеш.

Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши – Кыргыз Республикасынын парламенти – мыйзам чыгаруу бийлигин жана көзөмөлдүк кылуу милдеттерин жүзөгө ашыруучу өкүлчүлүктүү орган. Өлкөнүн укук системасынын курамдык бөлүгү болуп кала турган мыйзамдарды иштеп чыгуу жана аларды кабыл алуу укугу бар институт «Мыйзам чыгаруу органы» деп аталат.

**Бийликтин үч бутагы**



Жогорку Кеңеш пропорциялуу система боюнча 5 жылдык мөөнөткө шайлануучу 120 депутаттан турат (2010-жыл, июнь).

Шайлоого 21 жашка толгон, шайлоого катышууга укугу бар, Кыргыз Республикасынын жараны Жогорку Кеңешке депутат болуп шайлана алат .

Жогорку Кеңештин биринчи жыйынын эң улуу депутат ачат. Жогорку Кеңештин депутаттары фракцияларга биригет.

Депутаттык мандаттардын көбүнө ээ болгон фракция же фракциялардын коалициясы парламенттеги көпчүлүк болуп эсептелет.

Парламенттик көпчүлүктүн курамына кирбеген жана өзүн оппозиция катары жарыялаган фракциялар парламенттик оппозиция болуп саналат.

Парламенттин тарыхына кайрылсак, Кыргыз ССРи кезинде Жогорку Совет деп аталса, эгемендикти алган жылдан баштап Жогорку Кеңеш деп аталып (1995-жылы февраль) эки палатадан, (Мыйзам чыгаруу жыйыны, Эл өкүлдөр жыйыны.) 105 депутаттан, кийин 75 депутаттан турган (2003-жылы). 2005-жылдан баштап Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши 90 депутаттан туруп, туруктуу иштеген бир палаталуу орган. Алар партиялык тизме (пропорциялык система) боюнча шайланган. Ошондой эле, жарандардын талапкерликке өзүн-өзү көрсөтүүгө да укугу бар болгон.

Мыйзам чыгаруу органы эл менен тыгыз байланышта болгондугу менен, аткаруу бийлигинен айырмаланып турат. Ошондой эле мыйзам чыгаруу органы эл менен өкмөттүн ортосун байланыштырып туруучу көпүрө катары иш-аракет жасайт.

Талапкерлердин тизмесин аныктоодо саясый партия төмөнкүлөрдү эске алышы керек:

- талапкерлердин тизмесинде жалаң гана эркектер, же жалаң гана аялдар 70 пайыздан ашпоосу керек;
- 35 жаштан ашпаган адамдар (жаштар) 15 пайыздан кем болбоосу керек;
- ар кандай улуттардын өкүлдөрү 15 пайыздан кем болбоосу керек.

Кыргыз Республикасынын Жогорку кеңеши тең жана тике шайлоо укугунун негизинде жашыруун добуш берүү менен шайланат.

Өзгөчө оор кылмыштарды кошпогондо депутатты жазык жоопкерчилигине тартууга, Жогорку Кеңештин депутаттарынын жалпы санынын көпчүлүгүнүн макулдугу менен жол берилет. Жогорку Кеңештин депутаты бир эле убакта башка мамлекеттик же муниципалдык кызматта боло албайт, ишкердик жасабайт, коммерциялык уюмдун жетекчи органынын, же байкоочулар кеңешинин курамына кирбейт. Илимий педагогикалык жана башка чыгармачыл иштерди аткара алат.

Жогорку Кеңештин депутатынын ыйгарым укуктары Жогорку Кеңештин ыйгарым укуктарынын токтолушу менен бир учурда токтотулат. Ошондой эле депутат жазуу жүзүндө арыз бергенде, сессия ичинде жыйналыштарга себепсиз 30дан ашык жумуш күнүн калтырганда, депутат шайланган партия ишин токтотсондо жана башка учурларда токтотулат.

**Жогорку Кеңештин ыйгарым укуктары**

- референдумду дайындоо жөнүндө мыйзам кабыл алат;
- Президентти шайлоону дайындайт;
- Кыргыз Республикасынын Конституциясына өзгөртүүлөрдү киргизет;
- мыйзамдарды кабыл алат;
- Кыргыз Республикасынын чек араларын өзгөртүү маселелерин чечет;
- өкмөт тарабынан киргизилген республикалык бюджетти жана анын аткарылышы жөнүндө отчётту бекитет;
- өкмөттүн ишинин программасын бекитет. Өкмөттүн түзүмүн жана курамын аныктайт;
- Кыргыз Республикасынын өкмөтүнө ишенбестик билдире алат;
- Президенттин сунушу менен Жогорку соттун судьяларын шайлайт, кызматынан бошотот;
- Кыргыз Республикасынын башкы прокурорун дайындоого жана кызматтан бошотууга макулдук берет;
- Президенттин сунушу боюнча Улуттук банктын төрагасын шайлайт жана кызматтан бошотот;
- Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысын (омбудсмен) шайлайт жана кызматтан бошотот; Акыйкатчынын ар жылдык баяндамаларынын, КРнын Премьер-министринин, Башкы прокурордун, Улуттук Банктын, Эсептөө палатасынын төрагаларынын ар жылдык отчётторун угат;

- Кыргыз Республикасынын Президентине каршы айып коёт, Президентти кызматынан четтетет;

- Согуш жана тынчтык маселелерин чечет;

- Өзгөчө абалды киргизет, бул маселе боюнча Президенттин Жарлыктарын бекитет же жокко чыгарат.

- Конституцияда каралган дагы башка ыйгарым укуктарды ишке ашыра алат.

**Мыйзам чыгаруу иши**

Мыйзам чыгаруу демилге укугу:

- 10 миң шайлоочуга (элдик демилге)
- Жогорку Кеңештин депутаттарына;
- Өкмөткө таандык. Мыйзамдар депутаттардын 50дөн кем эмесинин добушу менен кабыл алынат.

**Кайталоо үчүн суроолор**

1. Жогорку Кеңеш жана ага болгон шайлоонун түрлөрү.
2. Жогорку Кеңешке болгон шайлоонун шарттары жана жаш өзгөчөлүктөрү.
3. Жогорку Кеңештин ыйгарым укуктары.
4. Мыйзам чыгаруу иштери жана мыйзам чыгарууга кимдер укуктуу?
5. Мыйзам кантип кабыл алынат?

## § 13–14. КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН АТКАРУУ БИЙЛИГИ

***Түшүнүктөр:***

- Жергиликтүү мамлекеттик администрация.
- КРнын өкмөтү.
- Айыл өкмөтү.

***Тапшырма:***

• «Коом деген сени менен мен, сен таза болсоң, мен таза болсом, коом да таза болот». *Исхак Раззаков.*

1945–1950-жылы Кыргыз ССР Министрлер Советинин төрагасы, 1950–1960-жж. Кыргызстан КП БКнын 1-катчысы.

• «Күчтүү жана чынчыл өкмөт бир гана материалдык тартипти эмес, элдин адеп-ахлагынын өзүн да сактайт», – деп эсептеген акын *В. А. Жуковский (XIX к.).*

Эки башка мезгилде эки адам тарабынан айтылган бул ойлорду колдогон же жокко чыгарган аргументтерди келтир, окшош жактарын ойлон.

Эгерде адамдын алыска тараган атак-даңкы анын өзү үчүн гана керек болсо, ал өз керт башынын кызыкчылыгын, жыргалын ойлосо, эл журттун бакыбат жашоосуна тиешеси жок болсо, ал инсандын баалуу сапаттарына татыксыз. Арстанбектин түшүнүгүндө, андай адам элден, журттан бөлүнүп, ээн тоодо жалгыз жашаган жапайы кийик сымал күн өткөрүп калат.




Исхак Раззаков.

Кабарың Күнгө кетсе да,
Жылдызга колуң жетсе да
Жараткандын дүйнөсү,
Бүт колуңа өтсө да.
Эл менен сен бийиксиң,
Элден чыксаң кийиксиң.

• Арстанбектин бул саптарынан өлкө башчылары кандай сабак алса болоорун ойлон, айтып бер?

Кыргыз Республикасында бийликтин экинчи бутагы болгон аткаруу бийлигин Өкмөт, ага баш ийген министрликтер, мамлекеттик комитеттер, административдик ведомстволор жана жергиликтүү мамлекеттик администрациялар ишке ашырат.

**Өкмөт** – Кыргыз Республикасынын аткаруу бийлигинин жогорку органы болуп саналат. Өкмөттү Премьер-министр



Кыргыз Республикасынын Өкмөт үйү.

башкарат. Өкмөт Премьер-министрден, вице-премьер-министрлерден, министрлерден жана мамлекеттик комитеттердин төрагаларынан турат. Өкмөттүн түзүмү өзүнө министрликтерди жана мамлекеттик комитеттерди камтыйт. Депутаттык мандаттардын теңинен көбүн алган фракция же фракциялардын коалициясы жаңы чакырылыштагы Жогорку Кеңештин биринчи жыйналышы өткөн күндөн тартып 15 жумушчу күндүн ичинде Премьер-министрдин кызмат ордуна талапкерди көрсөтөт.

Премьер-министрдин кызмат ордуна талапкер Өкмөттүн программасын, түзүмүн жана курамын Жогорку Кеңешке киргизет. Бул иш аткарылбаса, Президент экинчи фракцияга 15жумушчу күндүн ичинде парламенттик көпчүлүктү түзүүнү жана Премьер-министрдин кызмат ордуна талапкерди көрсөтүүнү сунуш кылат.

Премьер-министрдин кызмат ордуна талапкер жогоруда көрсөтүлгөн мөөнөт аяктаганга чейин Өкмөттүн программасын, түзүмүн жана курамын Жогорку Кеңешке киргизет.

Эгерде жогоруда көрсөтүлгөн мөөнөт аяктаганга чейин Жогорку Кеңеш Өкмөттүн программасын бекитпесе, түзүмүн жана курамын аныктабаса фракция өз демилгеси менен 15 жумушчу күндүн ичинде парламеттик көпчүлүктү түзүүгө жана Премьер-министрдин кызмат ордуна талапкерди көрсөтүүгө тийиш. Премьер-министрдин кызмат ордуна талапкер жогоруда көрсөтүлгөн мөөнөт аяктаганга чейин Өкмөттүн программасын, түзүмүн жана курамын Жогорку Кеңешке киргизет.

Президент үч күндүк мөөнөттө Жогорку Кеңеш тарабынан жактырылган Премьер-министрди жана өкмөттүн башка мүчөлөрүн дайындоо тууралуу жарлык чыгарат.

Премьер-министр Өкмөттүн иши жөнүндө жыл сайын Жогорку Кеңешке отчет берип турат. Премьер министр, Өкмөт же Өкмөттүн айрым мүчөсү кызматынан кетүү жөнүндө өтүнүчүн билдирүүгө акылуу. Ал Президент тарабынан кабыл алынат же четке кагылат. Премьер-министрдин кызматтан кетишин кабыл алуу Өкмөттүн кызматтан кетишине алып келет.

**Өкмөт:**

- Конституциянын жана мыйзамдардын аткарылышын камсыз кылат.
- Мамлекеттин ички жана тышкы саясатын ишке ашырат.

- Мыйзамдуулукту, жарандардын эркиндиктерин жана укуктарын камсыз кылуу, коомдук тартипти сактоо, кылмыштуулукка каршы күрөшүү боюнча чараларды жүзөгө ашырат.

- Мамлекеттин эгемендигин, аймактык бүтүндүгүн коргоо, конституциялык түзүлүштү сактоо боюнча, ошондой эле коргонуу жөндөмдүүлүгүн чыңдоо, улуттук коопсуздукту жана укук тартибин бекемдөө боюнча чараларды ишке ашырууну камсыз кылат.

- Финансы, баа, тариф, инвестиция жана салык саясатын жүргүзүүнү камсыз кылат.

- Республикалык бюджетти иштеп чыгат жана Жогорку Кеңешке сунуш кылат, анын аткарылышын камсыз кылат, республикалык бюджеттин аткарылышы жөнүндө Жогорку Кеңешке отчет берет.

- Социалдык-экономикалык жана маданий чөйрөдө бирдиктүү мамлекеттик саясатты жүргүзүүнү камсыз кылат.

- Жарандык коом менен эриш-аркак иштешүүнү камсыз кылат.

**Премьер-министр:**

- Өкмөттү башкарат, анын иши үчүн Жогорку Кеңештин алдында жеке жоопкерчилик тартат;

- Бардык аткаруу бийлигинин органдары тарабынан Конституциянын жана мыйзамдардын аткарылышын камсыз кылат.

- Сүйлөшүүлөрдү жүргүзөт, эл аралык келишимдерге кол коёт.

- Өкмөттүн жыйналышын өткөрөт;

- Өкмөттүн токтомдоруна жана буйруктарына кол коёт, алардын аткарылышын камсыз кылат;

- Административдик ведомстволордун жетекчилерин дайындайт жана бошотот;

- Мыйзамда белгиленген тартипте жергиликтүү мамлекеттик администрациялардын башчыларын жергиликтүү кеңештердин сунушу боюнча дайындайт жана бошотот.

Конституциянын жана мыйзамдардын негизинде жана аларды аткаруу үчүн Өкмөт токтомдорду жана буйруктарды чыгарат, ошондой эле алардын аткарылышын камсыз кылат.

**Жергиликтүү өз алдынча башкаруу.**

Жергиликтүү өз алдынча башкаруу – жергиликтүү жамааттардын жергиликтүү маанидеги маселелерди өз алдынча чечүү мүмкүнчүлүгү болуп эсептелет.

Ал жарандардын жергиликтүү жаматтары тарабынан же жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары аркылуу жүзөгө ашырылат.

Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын системасын төмөнкүлөр түзөт:

- жергиликтүү кеңештер жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү органдары;
- айыл өкмөтү, шаарлардын мэриялары жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруучу органдары;
- жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруучу органдары жана алардын кызмат адамдары иштеринде жергиликтүү кеңешке отчет беришет;
- жергиликтүү кеңештердин депутаттары тийиштүү административдик аймактык бирдиктин аймагында жашаган жарандар тарабынан шайланат;
- жергиликтүү кеңештер мыйзамга ылайык, жергиликтүү бюджеттерди бекитет, алардын аткарылышын көзөмөлдөйт. Жергиликтүү салыктарды киргизет;
- жашы 20га жеткен КРнын жараны жергиликтүү кеңештин депутаттыгына шайлана алат.

Талапкерликке көрсөтүү саясый партия тарабынан, ошондой эле өзүн-өзү көрсөтүү жолу менен да жүргүзүлөт. Конституцияда жана мыйзамдарда белгиленген ыйгарым укуктарынын чегинде, өз аймагында милдеттүү түрдө аткарыла турган актыларды кабыл алат.

**Айыл өкмөттөрүнүн негизги милдеттери:**

- калкка социалдык жана маданий тейлөө кызматтарын көрсөтүү;
- аймакты социалдык-экономикалык жактан коргоо;
- бюджетти иштеп чыгуу жана аны бекиткенден кийин аткаруу;
- жерди сарамжалдуу пайдалануу боюнча иш-чараларды жүргүзүү.

Айыл өкмөтүнүн башчысы жергиликтүү кеңешке, жергиликтүү салыктарды киргизүү боюнча сунуш жасай алат. Айылдык кеңешке 9дан 21ге чейин депутат шайланат. Алар

жылына 4 жолудан кем эмес сессияга чогулушат. Айыл, кыштак кеңештеринин милдетине жергиликтүү бюджетти жана анын аткарылышы жөнүндөгү отчетту бекитүү, жергиликтүү салыктарды, салыктан тышкаркы төлөмдөрдү киргизүү, муниципалдык менчикти пайдалануу тартибин аныктоо, айылдын, кыштактын уставын бекитүү кирет. Жергиликтүү кеңештердин чечимдери депутаттардын көпчүлүк добушу менен кабыл алынып, токтом чыгарылат.

### Кайталоо үчүн суроолор

1. КРнын өкмөтү.
2. КРнын өкмөтүнүн ыйгарым укуктары.
3. Жергиликтүү мамлекеттик администрациянын иш-аракеттери.
4. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жана жергиликтүү Кеңештердин түрлөрү, алардын милдеттери.

## § 15. КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН СОТ БИЙЛИГИ

***Түшүнүктөр***:
- Конституциялык сот.
- Жогорку сот.
- Жергиликтүү сот.

***Тапшырма***:

• Сот адилеттигин кандай түшүнөсүнөр, ал эмне үчүн керек?

• Байыркы мезгилде кыргыздарда күнөөлүү адамдарды кимдер, кантип жазалашкан?

• Арстанбек акындын төмөнкү ырда хан менен акимге карай чыгарган өкүмүнө макул же каршы болгон аргументтерди келтирип бер.

Арстанбек акын өз заманында далай башчылардын адилетсиз кылык-жоруктарын көрүп, «ушул заман тар заман, азуулууга бар заман, бечарага зар заман» деп ырдаган. Ошондой эле калк башында турган байлыгы, бийлиги бар аткаминерлердин адеп-ахлагына катуу талаптарды койгон.

Алсак, башкаруучулар элдин үмүт тилектери, кызыкчылыктары менен эсептешип, катардагы букара калкка мээримдүү, адилеттүү мамиле жасап, ак ниет эмгек кылуулары керек.

Эгерде башкаруучулардын жүрүм-туруму мындай сапаттарга каршы болсо, андай жетекчилердин баркы болмок эмес.

Арстанбек акын андай төбөлдөргө төмөнкүдөй өкүм чыгарган:

Зордугу өтсө жакырга,
Зомбулук кылса бакырга,
Зордун түбү – кара жер.
Катарлаш элге кан чыкса,
Канкорлорго жан тартса,
Кандын жайы – кара жер.
Кара өзгөй болсо калкына,
Калктын жетпей баркына.
Жакырдык жанды кыйнаса,
Акимдин жайы – кара жер.

**Бийликтин үчүнчү бутагы болуп сот бийлиги эсептелет.** Кыргыз Республикасында сот адилеттигин сот гана ишке ашырат. Сот бийлиги **конституциялык, жарандык, жазыктык, админстративдик жана башка сот өндүрүшү аркылуу жүзөгө ашырылат.**

Кыргыз Республикасынын сот системасы Конституция жана мыйзамдар менен белгиленет, ал **Жогорку соттон жана жергиликтүү соттордон** турат. Жогорку соттун курамында **Конституциялык палата** иштейт.

**Сот бийлиги**




Судьялар көз карандысыз, Конституцияга жана мыйзамдарга гана баш ийет. Судьялар кол тийбестик укугуна ээ жана кылмыш үстүндө тутулгандан тышкаркы учурда кармалууга же камакка алынууга, тинтүүгө жеке текшерилүүгө тийиш эмес. Конкреттүү бир сот иши боюнча судьядан отчет

талап кылууга эч кимдин укугу жок. Сот адилеттигин жүзөгө ашыруу боюнча ар кандай кийлигишүүлөргө тыюу салынат.

Курагы 40 жаштан кем эмес жана 70 жаштан жогору эмес, укуктук жогорку билими бар, ошондой эле ал укуктук кесиби боюнча кеминде 10 жыл стажы бар Кыргыз Республикасынын жараны Жогорку соттун судьясы боло алат. Жогорку соттун судьялары өз курамынан Жогорку соттун төрагасын, төраганын орун басарларын 3 жылдык мөөнөткө шайлайт. Бир эле адам катары менен эки мөөнөткө Жогорку соттун төрагасы, төраганын орун басарлары болуп шайлана албайт.

**Жогорку сот** жарандык, жазык, кылмыш, административдик жана башка иштер боюнча жогорку сот органы болуп саналат жана мыйзамда белгиленген тартипте сот процессине катышуучулардын кайрылуулары боюнча жергиликтүү соттордун соттук актыларын кайра кароону жүзөгө ашырат.

**Жарандык иштерге,** мисалы, автордук укук, мурастык укук, ажырашуу, эмгек укугу боюнча талаш-тартыштар кирет.

**Жазык иштерине** Кыргыз Республикасынын жазык кодексинде каралган, кылмыш жасаган адамдардын күнөөсүн аныктап, жаза чектөө кирет.

**Кылмыш иштерине** Кыргыз Республикасынын кылмыш жана жаза кодексинде каралган, кылмыштарды жасаган адамдардын күнөөлөрүн аныктап, жаза чектөө кирет.

Кылмыштардын түрлөрү, мисалы, инсанга каршы кылмыштар, экономикалык чөйрөдөгү кылмыштар, коомдук коопсуздукка каршы кылмыштар, Мамлекеттик бийликке каршы күрөштөр.

**Административдик сот иштерине** Кыргызстандын Административдик укук бузуулар жөнүндө кодексинде көрсөтүлгөн укук бузуулар кирет.

Бул укук бузууларга, мисалы, коомдук тартипти, паспорт системасын, жолдо жүрүү эрежесин, санитардык, өрткө каршы эрежелерди, чек ара режиминин эрежесин бузуулар кирет.

**Жогоку соттун Конституциялык палатасы** конституциялык көзөмөлдөөнү жүзөгө ашыруучу орган болуп саналат. Курагы 40 жаштан кем эмес жана 70жаштан ашпаган, юридикалык жогорку билими бар жана юридикалык кесиби боюнча кеминде 15 жыл стажы бар Кыргыз Республикасынын жараны Жогорку соттун Конституциялык палатасынын судьясы боло алат. Жогорку соттун Конституциялык палата-

сы өз курамынан төраганы, төраганын орун басарын 3 жылдык мөөнөткө шайлайт. Бир эле адам эки мөөнөт катары менен Жогорку соттун Конституциялык палатасынын төрагасы, төраганын орун басары болуп шайлана албайт.

Жогорку соттун Конституциялык палатасынын судьялары судьялар кеңешинин сунушунун негизинде Президенттин сунуштоосу боюнча Жогорку Кеңеш тарабынан ээлеген кызматынан мөөнөтүнөн мурда бошотулушу мүмкүн.

Жогорку соттун Конституциялык палатасы:

- мыйзамдар жана башка ченемдик укуктук актылар Конституцияга карама-каршы келген учурда аларды конституцияга ылайык эмес деп табат;

- Кыргыз Республикасы катышуучу болуп саналган күчүнө кирбеген эл аралык келишимдердин конституциялуулугу тууралуу корутунду берет;

- ушул Конституцияга өзгөртүүлөр тууралуу мыйзамдын долбооруна корутунду берет;

- жогорку соттун Конституциялык палатасынын чечими акыркы болуп эсептелет жана даттанууга жатпайт.

**Жергиликтүү сот**

Жаш курагы 30 жаштан кем эмес жана 65 жаштан жогору эмес, юридикалык жогорку билими бар 5 жылдан кем эмес иштеген КРнын жараны жергиликтүү соттун судьясы бола алат.

Алар судьяларды тандоо боюнча кеңештин сунушу менен Президент тарабынан биринчи ирет 5 жылдык мөөнөткө дайындалат жана кызматтан бошотулат.

Жергиликтүү соттун судьялары өз курамынан соттун төрагасын, анын орун басарын 3 жылдык мөөнөткө шайлайт.

Бир эле адам катары менен эки мөөнөткө Жергиликтүү соттун төрагасы, төраганын орун басарлары болуп шайлана албайт.

Жергиликтүү сотторго облустук, райондук жана шаардык соттор кирет.

### Кайталоо үчүн суроолор

1. Конституциялык сот жана аны дайындоонун шарттары.
2. Конституциялык соттун иш-аракеттери.
3. Жогорку сот жана анын ыйгарым укуктары.
4. Жогорку Кеңештин дайындалышы жана жаш өзгөчөлүктөрү.
5. Жергиликтүү сотторду дайындоо.

# МАМЛЕКЕТТИК САЯСЫЙ ТАРТИПТЕР ЖАНА ЖАРАНДЫК КООМ

## § 16. МАМЛЕКЕТТИН САЯСЫЙ-АЙМАКТЫК ТҮЗҮЛҮШ ФОРМАСЫ

***Түшүнүктөр:***

- Унитардык.
- Федерация.
- Федерациянын белгилери.
- Конфедерация.

***Тапшырма:***

- Федеративдүү мамлекеттер кайсылар?
- Кыргызстан федеративдүү мамлекет болушу үчүн кандай шарттар керек?
- Мамлекеттик саясый аймактардын өзгөчөлүктөрүн, айырмачылыктарын жана белгилерин салыштырып жаз.

Мамлекеттин саясый аймактык түзүлүш формасы – бул борбордук жана жергиликтүү бийлик органдарынын ортосундагы мамилелер жана мамлекеттик аймактык өз ара мамилелер болуп эсептелет. Бул түзүлүштүн негизги эки формасы бар: **унитардык мамлекет жана федерация. Унитардык мамлекет** – бул борборлоштурулган бирдиктүү мамлекеттик түзүлүш. Унитардык деген француз тилинен которгондо – «биримдик» дегенди билдирет. Анда борбордук өкмөт өлкөнүн бүткүл аймагын жергиликтүү акимчиликтер аркылуу башкарат. Мамлекет ошону менен административдик-аймактык бөлүктөргө бөлүнөт.

**Саясый-аймактык түзүлүшү**



Мисалы, Кыргызстан 7 облуска бөлүнгөн. Бирок бул административдик-аймактык бөлүктөр (облус, район) суверендүүлүккө ээ эмес.

Өз алдынча мыйзам чыгара албайт. Унитардык мамлекеттерге Франция, Италия, Венгрия, Кыргызстан ж. б. кирет.

**Унитардык мамлекеттин белгилери:**

- мамлекеттин аймагы административдик-аймактык бөлүктөрдөн турат;
- бирдиктүү конституция жана мыйзам чыгаруу;
- мамлекет үчүн бирдей өкүлчүлүктүү жана аткаруучу органдар;
- бирдиктүү сот бийлиги;
- бирдиктүү жарандык.

**Федерация бул** өзүнчө бөлүктөрү мамлекеттүүлүктүн белгилерине ээ болгон мамлекеттик түзүлүш формаларынын ар түрдүүлүгү болуп саналат.

Федерация латын сөзүнөн которгондо «союз», «бирикме» дегенди билдирет. Федеративдүү мамлекетте федерациялардын ар биринин өз аттары бар. Ошентип штаттар, республикалар, провинциялар бирдиктүү мамлекетке биригип федерацияны түзөт. Федерацияда бирдиктүү жарандык (гражданство) өкүм сүрөт. Федеративдүү мамлекеттердин бардык федерацияларында мамлекеттик бийликтер жана башкаруу органдары иш алып барат.

Федеративдүү мамлекетке кирген ар бир республика жана штаттардын өзүнүн конституциялары, мыйзамдары, парламенти, өкмөтү, сот органдары бар. Ошондой эле алардын мамлекеттик символикалары: герб, туу, гимндери бар.

Штаттардын же республикалардын конституциялары жана мыйзамдары федерациянын конституциялары жана мыйзамдары менен дал келиш керек. Федеративдүү мамлекеттер бирдиктүү куралдуу күчкө жана бирдиктүү салыктар системасына ээ болот. Федерация төмөнкүдөй эки жол менен пайда болот.

1. Келишим түзүү жолу менен. Анда мамлекеттер биригүү жөнүндө келишим түзүшүп, ошону менен федерацияны түзүшөт.

2. Федерация конституциянын негизинде, борбордук бийлик федеративдүү түзүлүштү жана аймактардын автономиясын тааныган учурда түзүлөт. Федерациянын жогорку бийлик органдарында бийликтин эки системасы бар.

- Мамлекеттин бөлүктөрүнүн (республиканын, штаттын) жогорку органдары (мыйзам чыгаруучу, аткаруучу, сот бийлиги);

• Жалпы федерациянын жогорку бийлик органдары. Федеративдүү мамлекеттерге Россия, АКШ, Канада, Германия, Индия ж. б. кирет.

**Федерациянын белгилери:**

1. Федерациянын аймактары анын республикаларынын, штаттарынын аймактарынан турат.

2. Жогорку мыйзам чыгаруучу, аткаруучу жана сот бийлиги федералдык мамлекеттик органдарга таандык.

3. Ар бир республика же штат өзүнүн конституциясына мыйзам чыгаруучу, аткаруучу жана сот органдарына ээ.

Федерациянын жогорку мыйзам чыгаруучу органы болгон парламент эки палаталуу түзүлүшкө ээ. Алар жогорку жана төмөнкү палаталар. Жогорку палата республика же штаттардын кызыкчылыгын көздөйт. Төмөнкү палата өлкөнүн бардык калктарынын кызыкчылыгын көздөйт.

Мамлекеттик түзүлүш формаларына **конфедерация** дагы кирет.

Конфедерация федерацияга караганда анча тыгыз эмес бирикмеси. Алар конфедерацияга бириккени менен ички тышкы ишинде өздөрүнүн толук көз карандысыздыгын сактап калат. Бирдей тышкы саясатты жүргүзүп, жалпы армияга, жалпы финансылык жана мамлекеттик органдарга ээ болот. Конфедерациялык мамлекеттин катарына Швейцария кирет.

### Кайталоо үчүн суроолор

1. Мамлекеттин саясый-аймактык түзүлүш формалары жана алардын белгилери жөнүндө айтып бер.
2. Федерациянын пайда болуу жолдору.
3. Унитардык жана федеративдик мамлекеттердин катарына кирген мамлекеттерди атап бер.
4. Унитардык мамлекеттердин федерациядан өзгөчөлүктөрү.

## § 17–18. МАМЛЕКЕТТИК САЯСЫЙ ТАРТИПТЕР

*Түшүнүктөр:*

- Демократия.
- Демократиянын принциптери.
- Түз демократия.
- Демократиянын баалуулуктары.
- Өкүлчүлүктүү демократия.
- Демократиялык лидерлик.

***Тапшырма***:

• Демократиянын кемчиликтери көп, бирок анын артыкчылыктары да бар: буга чейин эч ким андан жакшыраак нерсени ойлоп таба элек» деген У. Черчилль.

• Автордун айтайын деген оюу эмнеде? Демократиянын кандай кемчиликтери жана артыкчылыктары бар деп ойлойсуң? Кыргызстандын мисалында далилдеп бергенге аракеттенип көр.



У. Черчиль.

У. Черчиль (1874–1965-жж.) Улуу Британиянын мамлекеттик ишмери, 1940–1945-жж. жана 1955-жж. премьер-министр болгон. Публицист, тарыхый жана адабий эмгектердин автору. Адабият боюнча Нобель сыйлыгынын ээси (1953-ж.).


• Лидер деген ким жана кандай адам лидер боло алат?

Саясый режим – бул бийликти ишке ашыруунун ыкмасы жана конкреттүү формасы, бийлик институттарынын аныкталган түзүлүштөрү болуп эсептелет.

**Мамлекеттик саясый режимдин (тартип) үч түрү белгилүү: демократиялык, авторитардык жана тоталитардык.**

**Демократия** – грек тилинен которгондо – элдик бийлик дегенди билдирет. Байыркы демократия монархиялык башкаруудан айырмаланып жарандарды түздөн-түз башкарышкан (түз демократия).

Анда жарандар аянтта чогулушуп өз ойлорун ачык айтышкан, маанилүү чечимдерди кабыл алышкан. Байыркы демократия көпкө жашаган эмес жана охлократияга (топураган элдин бийлиги) өтүп кеткен, натыйжада залимдик (тирания) жарал-



**Демократиянын формалары**

- Түз демократия (шайлоо, референдум, митинг)
- Өкүлчүлүк (депутаттар, делегаттар)

ган. Түз демократия байыркы Греция сыяктуу кичинекей шаар мамлекеттерде гана жашай алган. Ал эми эли көп, ири улуттук мамлекеттерде түз демократия ишке ашмак эмес. Ошондуктан демократиянын башка өкүлчүлүк формасы пайда болуп демократия **түз** жана **өкүлчүлүк** формаларга бөлүнгөн. Түз демократияда негизги чечимдер жарандар тарабынан түздөн-түз чогулуштарда, референдумда, шайлоолордо, митингдерде чечилет. Өкүлчүлүк демократияда болсо, негизги чечимдер элдин өздөрү шайлаган депутаттар, делегаттар тарабынан кабыл алынат. Демократиянын аныктамалары өтө эле көп. Алардын негизгилеринин бири болуп: **Демократия – бул элдин эл аркылуу жана эл үчүн башкаруусу болуп эсептелет.** Бул аныктаманы 1863-жылы АКШнын президенти Аврахам Линкольн берген. Мында эл деп бардыгы – байлары, кедейлери, шаардыктары жана дыйкандары жөнүндө айтылган.

Азыркы мезгилдеги демократиянын шарттары Англиялык (1640) революциянын, АКШнын көз карандысыздык үчүн күрөшүнүн (1776), Француз революциясынын (1789) жүрүшүндө негизделген. Анда бардык адамдардын мыйзам алдында теңдигине, эркиндигине негиз салынган.

Эгерде биз демократиянын принциптерине жана баалуулуктарына көңүл бурсак, анда демократиялык система кандай иштээрин, алар өзүнө кандай принциптерди жана баалуулуктарды камтырын билсек болот.

**Демократиянын принциптери:**

1. Эл бийлиги.
2. Шайланган өкмөт.
3. Азчылыктын укуктарынын корголушу.
4. Адам укуктарынын жана эркиндиктеринин гарантиясы.
5. Эркин жана акыйкат шайлоолор.
6. Мыйзам алдында бардыгынын теңдиги.
7. Көз карандысыз сот.

## Демократиялык саясый режим

**Мүнөздүү белгилери**

- Мамлекеттик өкүлчүлүк жана жергиликтүү өзүн-өзү башкаруу органдарын жашыруун добуш берүү жолу менен шайлоо
- Парламентте жалпы мамлекеттик мыйзам чыгаруу укугунун болушу
- Бийликтин үч бутакка: мыйзам чыгаруу, аткаруу бийлиги, сот бийлигине бөлүштүрүлүшү

**Иштөө кепилдиктери**

- Мамлекеттик органдардын жана аппараттардын ишмердигине, жарандык коом тарабынан көзөмөл кылуу системасын түзүү
- Бийликке ээ болуу менен байланыштуу болгон өзгөчө артыкчылык системаларын жоюу
- Жарандарга өз учурунда саясый маалыматтарды толук берүү мүмкүнчүлүгү
- Депутаттарды кайра чакырып алуу жана чиновниктерди алмаштыруу
- Жарандардын тең укуктуулугунун кепилдиги, бийликти жана анын өкүлдөрүн сындоо укугу

8. Плюрализм.

9. Көз каранды эмес ММК.

10. Кызматташтык.

11. Жарандардын саясый партияларды, коомдук уюмдарды түзүү мүмкүнчүлүктөрү.

Демократия өзүнө адамдардын бардык баалуулуктарын да камтыйт.

**Демократиянын баалуулуктары:**

1. Теңдик.
2. Адилеттүүлүк.
3. Башкарууга катышуу.
4. Укуктар менен эркиндиктердин бузулгустугу.
5. Адам өмүрү.
6. Эркиндик.
7. Жекече турмуш.
8. Жарандык.
9. Бийликтин эл алдында эсептешип турушу.
10. Өз алдынча башкаруу.
11. Адилеттүү сот.
12. Плюрализм.
13. Бийликти кыянаттык менен пайдалануудан коргонуу.

**Демократиялык лидерлик:**

Бийлик, уюм, мекеме жарандык коомдор болгон жерлерде дайыма лидерлик келип чыгат. **Коомго, мамлекетке, уюмга, дайыма таасир көрсөтүп туруучу инсан саясый лидер** деп аталат.

Лидерлик эки түргө бөлүнөт: **жөнөкөй жана улуу лидерлик.** Жөнөкөй лидер өнүгүүнүн багытын өзгөртпөстөн башкарат да, тарыхта сакталып калбайт. Улуу лидерлер тарыхый өнүгүүнүн багытын өзгөртүшөт да саясый жана социалдык толкундоолорду пайда кылуу менен тарыхта калышат. Мындан сырткары лидерлик **авторитардык** жана **демократиялык** болуп эки типке бөлүнөт. Авторитардык лидерлик коркутууга жана күч колдонууга таянып, жеке бийлөөчүлүк менен иш алып барат. Демократиялык лидерлик уюмдун же топтун мүчөлөрүнүн кызыкчылыктарын жана ойлорун эске алуу менен башкарат, аларды башкарууга тартат.

Демократиялык коомдун өнүгүшүндө демократиялык лидерликтин да ролу чоң. Демократиялык лидер көпчүлүктүн оюн угуп мамиле түзө алат. Алардын жетекчилиги астында элдердин жигердүүлүгү менен өз алдынчалыгы артат. Демо-

кратиялык лидер дегенге аныктама берүү өтө кыйын. Жалпысынан айтканда, бул көпчүлүк тарабынан шайланып, азчылыктын укуктарын сактаган, элдин кызыкчылыктары үчүн аракеттенген жетекчи.

**Демократиячыл саясый лидердин сапаттары:**

- Саясый плюрализм;
- Коомдо жарандык укуктар менен эркиндиктердин бар болушу;
- Бийликтин бөлүштүрүлүшү, иш-аракеттин айкындыгы;
- Укукчул мамлекетти куруу;
- Саясый маданиятынын жогорулугу;

**Лидер** – бул көндүрүү же үлгү көрсөтүү, туура чечим кабыл алуу жолу менен элди өз артында ээрчитип кете алган адам: бул жеке максатка же бардык топтун максаттарына жетишүү үчүн, топко таасир эте алган адам.

Ар бир адам лидер болуш үчүн төмөнкүдөй сапаттарга, мүнөзгө жана жөндөмдүүлүктөргө ээ болушу керек:

- Адамдарга бирдей урматтоо менен мамиле кылуу;
- Акылмандык;
- Жигердүүлүк;
- Тартипти сактоо;
- Кайраттуулук;
- Билимдүүлүк;
- Демократиялуулук;
- Уга билүү;
- Жөндөмдүүлүк;
- Талап кыла билүү;
- Демилгелүүлүктү көрсөтүү;
- Аракеттенип иштөө;
- Сабырдуулук;
- Өз ишин жакшы билүү;
- Позитивдүү болуу (иште жана адамдар менен кызматташууда он учурларды издөө);
- Жоопкерчиликтүүлүк; Жогорку интеллектуалдуулук;
- Маектешүүнүн жүрүшүндө өзүнө сүймөнчүлүктү пайда кыла билүү;
- Команда менен иштей билүү;
- Чечкиндүүлүк;
- Мамиле түзө билүү;
- Өз алдынчалуулук;

- Өз көз карашына элди ынандыра билүү;
- Эрктүүлүк;
- Уюштургуч;
- Команданы артынан ээрчите алуу.

**Кайталоо үчүн суроолор**

1. Демократия түшүнүгү жана анын формалары.
2. Демократиянын негизги принциптери жана баалуулуктарын окуп-талдап чыгып, ар биринен эң маанилүү деп эсептеген 5–6ны тандап, алардын маанисин түшүндүрүп бер.
3. Демократиялык лидер жана лидер жөнүндө түшүнүк. Лидердик сапаттардын өзүңдө кайсынысы бар экендигин аныкта.
4. Демократия бул элдик бийлик дегенге таянып, Кыргызстанда демократиянын бар экендигин далилдеген мисалдарды келтир.

## § 19–20. АНТИДЕМОКРАТИЯЛЫК ТАРТИПТЕР

*Түшүнүктөр*:

- Тоталитардык.
- Авторитардык.
- Диссидент.
- Аскердик диктатура.

*Тапшырма*:

• Кыргызстанда антидемократиялык тартиптер кайсы жылдары өкүм сүргөн, алардын бири-биринен кандай өзгөчөлүктөрү бар?

• Франциянын демократиялык лидери (Премьер-министр) Клемансо «бардыгы көп сүйлөгөн өлкөгө данк, бардыгы унчукпаган өлкөгө маскарачылык» – деп айткан. Мында сөз эмне жөнүндө болуп жатат?

Мамлекеттик саясый режимдердин тоталитардык жана авторитардык режимдери антидемократиялык режимдерге кирет.

Алар демократиянын принциптеринен баш тартат жана жеке адамды басынтууга негизделет.

Кайсы бир топтордун же партиялардын диктатурасын орнотот. Диктатура – бул адамдын же адамдар тобунун мажбурлоо жана зомбулук жолу менен бийликке келиши. Антидемократиялык тартипке төмөнкүлөр мүнөздүү болот:

1. Мамлекеттин жарандардын жеке турмушуна кийлигишүүсү.

2. Жарандардын мамлекеттин саясатына таасир этүү мүмкүнчүлүгүнүн чектелиши.

3. Чыныгы саясый укук жана эркиндиктердин жоктугу, же алардын чектелиши.

4. Бийликти бөлүштүрүү принцибинен баш тартуу.

5. Жарандардын негизги укук жана эркиндиктерин чектөө.

6. Парламенттин бийлик укуктарын чектөө.

7. Бир партиялуулуктун өкүм сүрүшү.

8. Басма сөз эркиндигин жоюу.

Ал эми монократияда болсо мамлекеттик бийликке бир адам шайлоо жолу менен (алдап коюшу да мүмкүн) келет. Бирок ал адам өзү өлкөнү жалгыз башкарат да иш жүзүндө диктатор болуп калат. Мисалы, Индонезиянын мурунку президенти Сухарто, Конгонун мурунку президенти Мабуту, Африка өлкөлөрүндөгү көптөгөн башкаруучулар.

**Тоталитардык саясый режим**

Тоталитардык режим латын сөзүнөн которгондо «бардык», бүткүл», «толук» дегенди билдирет. Тоталитаризм – бул саясый режим. Анда мамлекет коомчулуктун жана ар бир адамдын жашоо турмушуна толук жана чексиз көзөмөл жүргүзөт. Тоталитардык режимде бийликти уюштуруунун принциптери:

1. Элиталар же бир адам башкарган чакан адамдын тобунан бардык деңгээлде бийлик жабык түзүлөт. Тоталитардык режимде коомчулуктун үстүнөн толук көзөмөлдүк орнотулат. Адамдын жеке турмушуна кийлигишүүлөр болот. Тоталитардык мамлекетте бийлик толугу менен жетекчинин, элиталардын же партиялардын колуна топтоштурулат.


2. Тоталитардык мамлекетте мыйзам чыгаруучу, аткаруучу сот бийлиги бир адамдын же адамдар тобунун колунда болот. Ошону менен бийлик көзөмөлдөөсүз ишке ашырылат.

3. Өкмөт эч бир шайлоо органдарынын алдында жоопкерчиликтүү эмес.

4. Экономикага мамлекет тарабынан катуу көзөмөл жүргүзүлүп, мамлекеттик эмес менчиктердин бардыгы жоюлат.

5. Тоталитардык тартипте, коомдук турмуштун бардык областтарында: маданият, илим, билим, мамлекеттин ички, тышкы саясаттары бир максатка гана баш ийдирилет. Ошону менен биринчи кезекте мамлекеттин кызыкчылыгы эске алынып жеке адамдын турмушу көңүлгө алынбай калат. Мисалы, Германияда фашизмдин максаты, улуттарды раса-

## Тоталитардык режим



## Тоталитардык саясый режимдин өзгөчөлүктөрү

**Мүнөздүү белгилер**

- Монополиялык идеологиялык-режимдин үстөмдүк кылууга болгон укугун ырастайт
- Бир партиянын бийликти монополиялап алышы
- Ички саясатында дайыма же мезгили менен репрессиянын кайталанып турушу
- Бийлик ашкере борборлоштурулуп пирамида формасында болот. Анын туу чокусунда жол башчы (лидер) же бийлөөчү топ турат
- ММКны мамлекеттик монополиялаштырып алышы, плюрализмдин жок болушу
- Мамлекеттик экономиканы катуу көзөмөлгө алышы. Мамлекеттик эмес менчиктин жоюлушу

**Негизги типтер**

- Солчул багыттагы тоталитаризм (сталинизм, маоизм)
- Оңчул багыттагы тоталитаризм (италиялык фашизм, немецтик улутчул социализм)


лык немецтик мамлекетти түзүү идеясына бириктирүү болгон. Мурдагы Советтер Союзунда болсо, адамдардын турмушу жана коомчулук, коммунисттик мамлекетти куруу идеясына баш ийдирилген болчу.

6. Тоталитардык мамлекеттерде саясый максаттар үчүн монополиялык партиялар түзүлөт. Тарыхта саясый партиялар бийликке келер алдында өздөрүнүн укуктук жана демократиялык идеяларын айтып, кийин өз жарандарын ар кандай каршы аракеттери жана башкача ой жүгүрткөндүгү үчүн куугунтукка алышып, коомчулукту өзүнө баш ийдиришкен. Мындай партия бийликке келүү менен мамлекеттеги жалгыз партия болуп, өлкөдө бийлик жүргүзүүдө башкы ролду ойнойт. Бул сыяктуу көрүнүштөр Советтер Союзунда дагы болуп өткөн.

СССРде тоталитардык тартип 1920-жылдан тартып 1950-жылдын башына чейин өкүм сүргөн. Сталиндин мезгилинде бүтүндөй бир элди репрессиялап, байыртан бери жашап келе жаткан жерлеринен айдап жиберишкен (чечендер, немецтер, түрктөр ж. б. элдер).

Аларга эл душманы деген жалган күнөө коюлган. Кыргызстандагы «Чоң-Таш» кайгылуу окуясы дагы ошол мезгилге тиешелүү. 1938-жылы ноябрда 137 адам өлүм жазасына тартылып, Таш-Дөбө айлында кирпич заводунан калган мешке ташталган. Алар саясый күнөө коюлуп, репрессияга кабылган, кыргыз, орус, немец улутундагы адамдар болгон.

Алардын арасында Кыргызстандын мурдагы жогорку саясый жетекчилери дагы болгон. Мисалы, Ж. Абдрахманов, Б. Исакеев, Т. Айтматов, К. Тыныстанов ж. б. 2000-жылы июль айында аларга арналып Чоң-Таш жеринде «Ата-Бейит» мемориалдык комплекси курулган. Дагы бир мисал катары, Германиядагы фашисттик партияны атасак болот. Ал расмий түрдө Германиянын Улуттук Социалисттик жумушчу партиясы деп аталган. Бийликке келер алдында, ал коомчулуктун бар-



«Ата-Бейит» мемориалдык комплекси.

## Авторитардык режим

Бул саясый режим, мында бир адам же көп эмес адамдар тобу (үй-бүлө, саясый партия, социалдык топ) башкарат.

| Мүнөздүү белгилери | Тоталитаризмден айырмачылыгы |
|---|---|
| Саясый лидердин же адамдар тобунун колуна бийликтин топтолушу | Бирдиктүү так иштелип чыккан жетекчи идеологиянын милдеттүү түрдө болбогону |
| Мамлекетте коомдук турмуштун кээ бир гана негизги жана чечүүчү туткасынын (рычагынын) болушу | ¤з алдынчалыкты жана демилгелүүлүктү колдоо, жеке адамдын турмушуна кийлигишпөө |
| Адамдардын жана коомдук-саясый уюмдардын саясый укуктарынын чектелиши | Саясый бийликтин башкы аргументи күчтүүлүк эмес авторитет болуп эсептелет |
| Репрессиялоочу аппараттын жок болушу | Саясый ой-пикир жана иш-аракеттерде чектелген, көзөмөлгө алынган плюрализм жана оппозицияга жол берилет |
| Жарандарга мамлекет тарабынан тыюу салынбаган бардык нерселерге мүмкүндүк берүү | Ар кандай чөйрөдөгү жетекчилик анча деле price тоталдуу эмес. Жарандык коом, профсоюз, ММК ж. б. үстүнөн катуу көзөмөл деле жок |
| Демократиянын айрым элементтеринин катышуусу (шайлоо, парламенттик күрөш). | Бийлик үчүн болгон саясый атаандашууда, маанилүү маселени чечүүдө элдин катышуусуна катаал мамиле жасайт |

дык катмарларын өзүнө тарткан. 1933-жылы шайлоодо бийликке келип, тоталитардык режимди орноткон.

### Авторитардык саясый режим

**Авторитардык режим** – бул жеке адамдын же анча көп эмес адамдар тобунун башкаруусу. Авторитаризм (лат. – бийлик, таасир) бул тоталитардык жана демократиялык режимдердин ортосундагы абалды ээлеп демократияга каршы бийлик жүргүзөт. Авторитардык режимде аткаруу бийлиги катуу өнүгөт. Өкүлчүлүк институттардын ролу чектелген болот.

Ошону менен мамлекеттик бийлик элдерден баш ийүүчүлүктү жана аларды угушун талап кылган. Авторитардык режимде бардык чечимдер коомчулуктун ой мүдөөсү эсепке алынбастан кабыл алынат. Бийликти ишке ашырууда авторитардык режим демократиядан айырмаланып турат. Демократиялык лидер көпчүлүктүн ой мүдөөсүн кабыл алып, өз ара келишүүчүлүккө көңүл бурат. Демократиялык лидердин жетекчилиги астында элдер өзүн эркин сезип, жигердүүлүгүн көрсөтүшөт. Авторитардык режимдин айырмасы жетекчилер буйрук берүүчү мүнөзгө ээ.

Бирок авторитардык жетекчилик коомдук турмушта тоталитардык режимге караганда анча катуу эмес. Авторитардык мамлекетте оппозицияга жол берилет. Бирок бийликке коркунуч келтирбеген деңгээлде болуш керек. Жарандарга маданий жана экономикалык турмушта өз алдынчалыкты көрсөтүүгө мүмкүндүк берилет. Бирок ошол эле убакта саясый турмуштан саясый укуктар ажыратылган болот. 1970-жылы мурдагы СССРде «диссидент» аттуу кыймыл пайда болгон. «Диссидент» бул латын сөзү «макул болбоо» дегенди билдирет. Бул кыймылдын өкүлдөрү саясый укуктун, маалымат эркиндигинин, адам укуктарынын бурмаланышына макул болушкан эмес. Алардын каршы чыгуулары күч колдонуучу мүнөздө болбосо да, баары бир аларды куугунтуктап, түрмөгө олтургузушкан.

Авторитардык тартиптин дагы бир түрү аскердик-диктатордук система. Мындай системада конституция жоюлуп, аскердик бийликтин актысы менен алмаштырылат. Бийликтин өкүлчүлүк органдары, саясый партиялар, коомдук уюмдар таркатылат. Жергиликтүү өзүн-өзү башкаруудагы шайлоолор жоюлат.

### Кайталоо үчүн суроолор

1. Антидемократиялык режимдер жана алардын демократиялык режимдерден айырмачылыктары.
2. Тоталитардык режимдин бийликти уюштуруудагы принциптеринен мисал келтиргиле. Азыркы учурда Кыргызстанда же башка өлкөлөрдө алар кездешеби? Салыштырып, өз оюңду айтып бер.
3. Авторитардык жана аскердик-диктатуралык режимдердин кандай өзгөчөлүктөрүн билдиң?
4. Дептериңди 4кө бөлүп алып, демократиялык, тоталитардык, авторитардык, аскердик-диктатуралык саясый режимдердин айырмачылыктарын талдап, жаз.

## § 21–22. КООМ ЖАНА ЖАРАНДЫК КООМ

*Түшүнүктөр*:

- Жаран.
- Жарандык.
- Жарандык коом.
- Коом жана коомдук мамилелер.
- Жарандык коомдун элементтери.
- Жаран менен жарандыктын айрымасы.

*Тапшырма*:

• Жарандык сапаттарды жана жарандык жигердүүлүктөрдү аныктап бер.

• Жарандык коомду кандай түшүнөсүң?

• Сен окуган же жашаган аймактарда жарандык коом барбы? Алар кандай иштерди аткарууда?

• Аль-Фарабини эмне үчүн «экинчи мугалим» деп аташкан жана ал жаран таануу илиминин максатын кандайча чагылдырган?

• Аль-Фарабинин бакыт жана бактысыздык жөнүндө айткандарына кошумчалап, өз көз караштарыңды далилде (чыгармадан үзүндү окуп бер).

Аль-Фараби (870–950-жж.) түрктөрдүн улуу философу Фараб шаарында (Түштүк Казакстан) атчан гвардиянын өкүлүнүн үй-бүлөсүндө төрөлгөн. Ал Фараб, Багдад, Каир, Дамаск ж. б. шаарларда билим алган жана иштеген.

70ке жакын тил билген, акылмандыгы үчүн «Экинчи мугалим» деп аталган (биринчи мугалим деп грек окумуштуусу Аристотелди эсептешкен). Аль-Фарабинин коомду таанууга арналган эмгектери мусулман дүйнөсүндөгү көптөгөн окумуштуу-

лардын иликтөөлөрү үчүн негиз болгон. «Бейкут шаардын жашоочуларынын көз караштары тууралуу трактатында» идеалдуу коомдун үлгүсүн түзүүгө аракеттенген.

• Аль-Фарабинин чыгармасынан бул үзүндүнү окугула: Жаран таануу илими эрктүүлүктү талап кылган иш-аракеттердин жана жүрүм-турумдун түрлөрүн; ушул иш-аракеттердеги жүрүм-турумдун түрлөрүнө өбөлгө болуучу сапаттарды, адаттарды, тубаса пейил жана мүнөздөрдү; алардын көздөгөн максаттарын иликтейт. Адамдын ал сапаттары кандай болууга, кандайча өнүгүүгө жана кантип сакталууга тийиш экендигин иликтейт. Ал булардын кайсылары чыныгы бакытка жеткирээрин, кайсылары бактысыздыкка азгырып кетерин түшүндүрөт. Жаран таануу илими жүрүм-турумдардын түрлөрүн айырмалап көрсөтөт. Ал, мисалы, чыныгы бакыт – бул изгилик, мээримдүүлүк жана ар-намыс экендигин, жалган, азгырма бакыт – бул байлык, атак-даңк экендигин түшүндүрүп берет.

## Коом жана коомдук мамилелер

Коом деген түшүнүк илимий жана күндөлүк сөздөрдө көп эле колдонулуп жүрөт. Мисалы, китеп сүйүүчүлөр коому, дворяндык коом, педагогикалык коом. Бул учурда коом деп адамдардын белгилүү бир тобун түшүнөбүз, алар өз ара катнашуу, биргелешип иштөө, өз ара жардамдашуу үчүн биригишет. Ошондой эле өз ара байланыштуу түшүнүктөр да бар. Мисалы, алгачкы жамааттык коом, феодалдык коом десек, анда коом деген түшүнүк аркылуу адамзаттын тарыхый өнүгүшүнүн белгилүү этабын түшүнөбүз. **Тагыраак айтканда, бүтүндөй адамзат өзүнүн тарыхый жана перспективалуу өнүгүшүндө коом деп аталат.** Бул учурда коом – жердин бүткүл калкы, бардык элдердин жалпылыгы болот.

**Экономикалык, социалдык, саясый, маданий турмуштун жана ишмердиктин жүрүшүндөгү байланыштар коомдук мамилелер деп аталат.**

Кээ бир коомдук мамилелер материалдык өндүрүш чөйрөсүндө түзүлөт, кээ бирлери коомдун рухий турмушуна таандык болот. Материалдык өндүрүш чөйрөсүндөгү коомдук мамилелер коом үчүн жашоонун жана өнүгүүнүн материалдык мүмкүндүктөрүн камсыз кылат. Ал эми руханий чөйрөдөгү коомдук мамилелер (идеологиялык, саясый, юридикалык, нравалык ж. б.) руханий-маданий байлыктарды түзүү, жана жайылтуу процессинде, адамдардын өз ара аракетинин натыйжасы жана шарты

болуп эсептелет. Ошону менен бирге материалдык жана рухаций мамилелер өз ара байланышта болот да, коомдун өнүгүүсүн камсыз кылат.

**Жарандык жана жарандык коом**

Жарандык деген эмне жана анын кандай мааниси бар экендигин аныктоо үчүн, адегенде жаран деген сөз эмнени билдирээрин билүүбүз керек.

**Жаран** – бул кайсы бир мамлекетке берилгендигин сактоого милдеттүү жана ал өлкөдө туулгандыгына байланыштуу ошол мамлекеттин коргоосунда болууга укугу бар адам. Жаранга тиешелүү укуктар берилет. **Демек, жарандык – бул жарандын статусу (укуктук абалы).** Ал статус ага укуктарды жана артыкчылыктарды берет жана бир далай милдеттерди жүктөйт. Саясый укуктар менен эркиндиктер жарандарга гана берилет. **Жарандык** – бул адамдын кандайдыр бир мамлекетке таандык экендигин билдирет.

Жарандыктын далили болуп паспорт же туулгандыгы тууралуу күбөлүктүн бар экендиги эсептелет. Адам төрөлгөн күндөн баштап эле жарандык укукка ээ болот. Ошондуктан, өкмөт адамга жарандык укугун бере албайт. Кимдир бирөө өз жарандыгын өзгөртүүнү каалап арыз берген учурда гана өкмөт жарандык берет. КРнын Конституциясында кимдер жаран болуу укугуна ээ экендиги даана көрсөтүлгөн. Ошондой эле жарандын укуктары да Конституцияда каралган. Көпчүлүк өлкөлөрдө бирден гана жарандыкка ээ болуу укугу бар.

Жарандык коомдун пайда болушу баарыдан мурда белгилүү укук жана эркиндикке ээ болгон өз алдынча көз карандысыз жарандардын келип чыгышы менен байланыштуу.

**Жарандык коом деп** коомдук турмушта адамдар өздөрүнүн жекече максаттары менен керектөөлөрүнө жараша өз алдынча эркин байланышта болгон чөйрө аталат. Жарандык коом – мамлекеттин алкагынан сырткары жана мамлекеттин кийлигишүүсүз өнүгүп жаткан инсандар ортосундагы мамилелердин жыйындысы болуп эсептелет. Ошондой эле мамлекетке көз каранды эмес коомдук институттардын системасы.

**Кыргыздарда жарандык коомго** мүнөздүү белгилер байыркы мезгилде эле пайда болгон. Анда үй-бүлө менен бирдикте кыргыздардын социалдык уюмунун институту жамаат болуп эсептелген. Ал биринчи кезекте тугандык, кийин коншу-

лук жана аймактык байланыштардын негизинде түзүлгөн. Кыргыз элинде дагы жарандык билим берүүгө кайрылган илимпоз адамдар болгон. Алсак, Молдо Нияз Эрназар уулу, (1823–1896) өз чыгармаларында коомдогу адеп-ахлак маселелерине кайрылып, XIX кылымдагы жарандык билим берүү жөнүндө ой жүгүрткөн, адам укуктарын коргоо зарылдыгын айтып, адамды кулга айландырууну күнөөлөгөн.


Тоголок Молдо.

Молдо Нияз Кадамжай районундагы Кызыл-Булак деген жерде туулган. Ал алгачкы жазгыч акындардын бири, Кокон хандыгында билимдүү жана акылдуу адам катары кадыр-баркка ээ болгон.

Толок Молдо дагы коомдогу болуп жаткан өз ара мамилелердеги адилетсиздикке, теңсиздикке, жалганчылыкка, зордук-зомбулукка, жалпысынан алганда моралсыз жүрүм-турумга жана алардын жакшылыктарга үстөмдүк кылып турганына нааразы болгон. Ал илгертен бери «адамдардын жашоо турмушун коштоп келе жаткан моралдык илдеттерден адам баласы качан арылат», деп санаа тарткан. Ал өзү жашаган коомдогу ошол кемчиликтерди жоюуга өз салымын кошууга аракет кылган.

Тоголок Молдо акын чыгармачыл инсан катары башкалардан өзгөчөлүгү, анын коомдогу моралдык илдеттерди, терс көрүнүштөрдү сындап ашкерелөөдө каймана маанидеги көркөм образдарды тамсилдерде, жомоктордо сүрөттөй билгендигинде болуп эсептелет. Кийин саясый системанын авторитардык мезгилинде жарандык коом бузула баштаган. Азыркы мезгилде 2000ден ашык өкмөттүк эмес коомдор бар. Чыныгы жарандык коомдор көп партиялуулукка таянат. Мамлекет менен жарандык коомдун өз ара карым-катнашы саясый партиялар, эл аралык уюмдар, кысым көрсөтүү топтору ж. б. аркылуу ишке ашат.

**«Жарандык коом»** – бул мамлекеттик бийликтин кийлигишүүсүнөн коргогон мыйзамдары бар, эркин жарандардын жана алардын топторунун бирикмелеринин жашоо чөйрөсү. «Жарандык коом» терминин Аристотель киргизген. Ал жарандык коом деп, белгилүү бир саясый түзүмдүн

**Жарандык коом**

Дептериңе кластер табышмакты аткар:

«Жарандык коомдун элементтери»





түрү аркылуу байланышкан эркин тең укуктуу жарандардын биримдигин атаган. XVII–XVIII кылымдарда жарандык коом түшүнүгү абсолюттук-феодалдык мамлекетке каршы мааниде колдонулган. Азыркы мааниси боюнча, бул сөз демократиялык коомдун алкагында, мамлекеттен көз карандысыз өнүгүүчү экономикалык, маданий, саясый ж. б. чөйрөлөрдөгү мамилелердин жыйындысын билдирет.

**Жарандык коомдун элементтерине ММК,** өкмөттүк эмес уюмдар (НПО) диний бирикмелер, партиялар, кыймылдар, профсоюздар, ассоциациялар, билим берүү чөйрөлөрү коомдук клубдар, лоббирлөө топтору ж. б. кирет. Ошентип, жарандык коом – бул биздин турмушубузду аныктаган ар кандай мамлекеттик эмес түзүмдөр менен кошо өкүм сүргөн социалдык мейкиндик.

**Жарандык коомдун өнүгүшү**

Жарандык коомдун өнүгүшү аны менен мамлекеттин ортосундагы мамилелердин мыйзамдуу түрдө ирээттелип такталы-

**Жарандык коомдун чөйрөлөрү**




шына алып келген. Адамдардагы эркиндик укук жана экономикалык көз каранды эместик сыяктуу баалуулуктарга негизделген консенсустун болушуна ыңгайлуу шарттарды түзгөн. XX кылымдын аягында жарандык коомдун өнүгүшүнө жогорку деңгээлге жеткендиктен, жашоонун индивиддик жана коомдук чөйрөсүнө мамлекеттин кийлигишүүсү төмөндөгөн. Бул болсо өлкөдөгү саясый режимдин туруктуулугуна негиз түзгөн. Жарандык коом өзүн-өзү түзгөн жана өз алдынча өнүккөн система болуп эсептелет. Ар түрдүү топтордун жана катмарлардын өкүлдөрүнүн кызыкчылыктарын чагылдырган социалдык-түзүлүштүн болушу жарандык коомдун жашоосунун маанилүү шарты болуп эсептелет.

Инсандын социалдык интеллектуалдык психологиялык өнүгүүсүнүн жогорку деңгээлде болуусу, жарандык коомдун ишмердүүлүгүнүн зарыл өбөлгөсү боло алат. Ошондой эле ар

кандай коомдук институттардын ишине катышканда, инсандын ички эркиндигинин жана толук өз алдынчалыкка жөндөмдүүлүгүнүн болуусу дагы, жарандык коомдун ишмердүүлүгүнө өбөлгө түзөт. Коом бир нече элементтерден жана кошумча системалардан турат. «Система» грек сөзү, бөлүктөрдөн турган бир бүтүн нерсени түшүндүрөт. Ушул бөлүктөрдүн ортосундагы байланыштарды байкап көрсөк, биринчи кезекте коомдук турмуштун чөйрөлөрүн кошумча системага киргизүүгө болот.

**Мындай чөйрөлөрдүн катарына төмөнкүлөр кирет:** экономикалык чөйрө (материалдык өндүрүш процессиндеги мамилелер), социалдык чөйрө (таптардын, социалдык катмарлардын, топтордун өз ара аракеттенүүсү, саясый чөйрө, саясый партиялардын ишмердиги ж. б.), руханий чөйрө (коомдук сезимдин, илимдин, искусствонун, билим берүүнүн өнүгүшү).

Коомдук түзүлүштүн ар бир чөйрөсү татаал түзүлүш болот да аны түзгөн элементтер коом жөнүндө жалпы түшүнүктөрдү берет. Жарандык коомдун экономикалык чөйрөдөгү түзүмдөрүнө кооперативдер, арендалык бирикмелер, акционердик коомдор ж. б. чарбачылык кылууда, жарандардын өз демилгелери менен түзгөн ыктыярдуу бирикмелери кирет.

Жарандык коомдун социалдык саясый чөйрөдөгү түзүмдөрүнө үй-бүлө, коомдук, саясый кыймылдар жана уюмдар, жашаган же иштеген жери боюнча түзүлгөн коомдук өзүн-өзү башкаруу органдары, мамлекеттик эмес массалык маалымат каражаттары (ММК) кирет .

Жарандык коом руханий чөйрөдө, ой жана сөз эркиндигине, өз оюн ачык билдирүүнүн чыныгы мүмкүнчүлүктөрүнө шарт түзөт. Чыгармачылык, илимий ж. б. бирикмелер мамлекеттен жана саясый түзүмдөрдөн көз карандысыз болушат.

### Кайталоо үчүн суроолор

1. Коомдун кеңири мааниси жана аныктамасы.
2. Жарандык коом жана анын элементтери жөнүндө айтып бер.
3. Жарандык коомдун ишмердүүлүгүнүн өбөлгөлөрү кайсылар?
4. Жарандык коомдун экономикалык, социалдык, саясый чөйрөдөгү түзүмдөрү эмнелерден тураарын салыштырып, айтып бер.
5. Тема менен таанышкандан кийин, Кыргызстанда кандай жарандык коомдор иш алып барып жаткандыктарын айтып бер.

## § 23. САЯСЫЙ ПАРТИЯЛАР

*Түшүнүктөр*:

• Партиялык системалар • Партиянын функциялары

*Тапшырма*:

• Саясый партиялар кандай максат менен түзүлөт?

• Кыргызстанда 1917-жылы кандай саясый партиялар (уюм) түзүлгөн. Азыркы мезгилдеги партиялардан мисал келтирип, бул эки мезгилдеги партиялардын өзгөчөлүктөрүн белгилегиле (программасы, курамы ж. б.).

• Теманы окуп, саясый программа менен саясый платформанын өзгөчөлүктөрүн белгиле.

Саясый аренада ар түрдүү саясый күчтөр аракеттенишет. **Саясый партия** – бул өз принциптерин жайылтуу жана талапкерлерин мамлекеттик кызматтарга көрсөтүү, аларды колдоо үчүн расмий түрдө түзүлгөн саясый топ.

Алар белгилүү бир топтордун же жеке адамдардын таламдарын көтөрүп чыгышат жана жарандык коомдун башкы элементи болуп кызмат кылат. Ошентип саясый күчтөр жарандык коомдо пайда болуп, анын топторунун таламдарын билдирүү менен мамлекет менен жарандык коомду байланыштырып туруучу көпүрө болуп эсептелет. Бирок алардын статусу башка өкмөттүк эмес уюмдардан айрымаланып турат.

Саясый партия улуттук жана жергиликтүү деңгээлдерде жашап, бийликти алуу жана аны жүргүзүү максатына багытталып, элдин колдоосуна умтулган тынымсыз аракеттеги уюм.

Саясый партиялардын жыйындысы жана алардын ортосундагы өз ара байланыштар **партиялык системалар** деп аталат.

Бардык эле уюмдашылган топторду партия деп атоого болбойт. Башка саясый күчтөрдөн партиянын айырмалоочу белгилери бар.

**Биринчи белгиси,** партия – бул уюм анда адамдар узак убакытка биригип аракеттенишет.

**Экинчи белгиси** – борбордук жетекчилик менен такай байланыштагы жергиликтүү туруктуу уюмдардын болушу.

**Үчүнчү белгиси** – партиянын максаты – бийликти ишке ашырууга умтулуусу, аны кысым көрсөтүү топторунан айырмалоого мүмкүндүк берет.

**Төртүнчү белгиси** – добуш берүүдөн баштап элдик колдоого ээ болуу жана алардын партияга активдүү мүчөлүккө өтүүсүн камсыз кылуу. Бул белгиси боюнча партия шайлоолорго жана парламенттин ишине катышпаган саясый клубдардан айырмаланып турат. Дагы бир айрымасы, саясый партияларга партия жактырган саясатты жүргүзүү үчүн айрым мүчөлөрү өкмөт курамына кирип, аракеттенген адамдар биригет. Саясый партиялар жарандардын бийликке таасир этиши үчүн жаңы мүмкүнчүлүктү түзөт.

Мурда шайлоочулардын укуктары шайлоо аяктаары менен бүтүп калган. Шайланган талапкер өзүнүн шайлоочулары алдында жоопкерчиликте болгон эмес. Партиялар пайда болгондон тартып, депутаттар партиянын эркин билдирүү менен анын колдоосуна таянат. Анткени партиялар жакшы уюмдашкандыктан, коомдук пикирди жана социалдык топтордун саясый таламдарын ишке ашырууда кыйла натыйжалуу болуп чыгышат.

### Партиянын саясый программасы

Жалпы элдин ишенимине кирүүдө саясый партиялардын түзгөн программалары чоң роль ойнойт.

**Саясый программада** саясый партиялардын ишмердүүлүгүнүн негизги жоболору жана максаттары кыскача баяндалат. Ал эми саясий программаларда партиялардын ишмердүүлүгүн тактоочу жалпы жоболор **саясый платформа** болуп эсептелет.

Партиянын саясый программалары **стратегиялык** жана **тактикалык** болуп бөлүнөт. Стратегиялык программалар саясый платформа аныктаган жалпы абстракттуу (ачык айкын эмес) баалуулуктар менен максаттардын, аларга жетүүнүн каражаттарынын жыйындысын көрсөтөт.

Тактикалык программалар партияны бийликке алып келе турган ураандардын жыйындысы катары түзүлөт. Саясый программа кээ бир саясый партиялардын мамлекеттин, коомдун, инсандын өнүгүүсү үчүн шарт түзүүгө болгон сунушу болуп эсептелет. Ошл эле учурда, саясый программа атаандаш партиянын ураандарынын ишке ашпастыгын же анын ишмердүүлүгүнүн начар жактарын чагылдыруунун каражаты болуп эсептелет.

**Партиянын функциялары**

Экономикалык, социалдык жана маданий өнүгүү деңгээли ар кандай, конкреттүү тарыхый жана улуттук салттары бар коомдордо, саясый партиялардын ролу жана мааниси бирдей эмес. Бирок партиялардын кээ бир жалпы функцияларын бөлүп караса болот. Мисалы, ар түрдүү топтор менен индивиддердин ар башка таламдарын, керектөөлөрүн макулдаштыруу жана жалпылаштыруу функциясы. Мындан тышкары партиялар бийлик органдарын көзөмөлдөө менен саясый институттардын өз ара аракеттенүү эрежелерин иштеп чыгууга жана ишке киргизүүгө катышуу менен өкмөттүн функцияларын да аткарышы мүмкүн. Социалдык топтордун таламдарын көрсөтүү жана билдирүү аларды бийлик органдарына жеткирүү менен партия коммуникациялык функцияларды ишке ашырат, б. а. бийлик менен коомдун өз ара байланышын камсыз кылат. Агитация жана пропаганданын каражаттары менен белгилүү баалуулуктарды жайылтуу ар-

**Партиянын функциялары**

| |
|---|
| Топтор менен жеке адамдардын таламдарын, керектөөлөрүн макулдаштыруу жана жалпылаштыруу |
| Партиялар бийлик органдарын көзөмөлдөө менен саясый институттардын өз ара аракеттенүү эрежелерин иштеп чыгууга катышуу аркылуу өкмөттүн функцияларын да аткарышы мүмкүн |
| Социалдык топтордун таламдарын бийлик органдарына жеткирүү менен партия коммуникативдик функцияларды ишке ашырат |
| Агитация жана пропаганда каражаттары менен белгилүү баалуулуктарды – саясый тажрыйбаны, салттарды, маданиятты кийинки муундарга жайылтуу функциясы |
| Жетекчи кызмат орундарына жакшы талапкерлерди тандоо аркылуу партиялар элита курамынын сапатынын жакшырышына түрткү берет |

кылуу саясый партиялар социалдаштыруу функциясын аткарышат. Тактап айтканда, саясый тажрыйбаны, салттарды, маданиятты кийинки муундарга өткөрүп берүү функциясын ишке ашырышат.

Акырында, жетекчи кызмат орундарына жакшы талапкерлерди тандоо менен партиялар элита курамынын сапатынын жакшырышына түрткү берет.

Бирок тоталитардык системаларда саясый партиялар бийлик жүргүзүү функциясын түздөн-түз аткарып калышы мүмкүн. Анткени алар бийлик функцияларын бүтүндөй өз колуна топтоп алышкан (мурдагы СССР) монополиялуу бийлөөчү партиялар болуп эсептелет.

Кыргызстанда 2004-жылдын башында 43 партия катталса, 2006-жылга карай 70тен ашык партия катталган. Ал эми 2010-жылдагы шайлоого 29 партия катышкан. Алардын бешөө көп добушка ээ болуп жеңип чыгышкан: «Ата-Журт», «Кыргызстан социал-демократиялык партиясы», «Республика», «Ар-намыс», «Ата-Мекен» партиялары.

Партиялардын сандык критерийлери боюнча ажыратылышы.

1. Бир партиялуу система: мында жалгыз партия монополиялуу түрдө бийлик жүргүзөт.

2. Кош партиялуу система: бир нече партиялардан туруп, бирок эң эле таасирдүүлөрү экөө гана болот.

3. Көп партиялуу система: эки же андан көп партиялардын саясый турмуштагы жигердүү ролун болжогон система (Италияда 14, Голландияда 20дан ашуун партиялар бар ж. б.).

Партиялардын саясый таасири төмөнкүдөй үч критерий менен аныкталат.

1. Партиянын мүчөлөрүнүн саны менен.

2. Партия үчүн добуш берген шайлоочулардын саны боюнча.

3. Шайлоолордо партия жеңип алган депутаттык мандаттардын саны боюнча.

### Кайталоо үчүн суроолор

1. Саясый партиялар алардын белгилери жана саясый күчтөрдөн айырмачылыктары.
2. Саясый партиялардын функциялары.
3. Темада берилген саясый партиялардын санын дагы толукта.

# IV Г Л А В А

# АДАМ УКУКТАРЫ ЖАНА АЛАРДЫ КОРГОГОН ЭЛ АРАЛЫК УЮМДАР

## § 24. УКУК ЖӨНҮНДӨ ТҮШҮНҮК. АДАМ УКУКТАРЫ

***Түшүнүктөр*:**

- Укук.
- Негизги үч жобо.
- Байыркы укук.
- Греция жана Рим укуктары.

***Тапшырма*:**

• Укук деп эмнени түшүнөсүң? Кандай укуктарыңды билесиң?

• Укук адамдарга эмне үчүн керек? Тарыхта адамдардын укугу чектелген же такыр жок болгон мезгил болду беле?

• Сен жашаган аймакта адам укуктары бузулган учурларды билсең мисал келтир. Өз турмушуңдан алсаң да болот. Аларды чечүүнүн жолдорун ойлон.

• «Мораль» деген сөздү кандай түшүнөсүң?

Укук жөнүндөгү илимий көз караштардын айрымачылыктарына карабастан, укук тууралуу төмөнкүдөй бир катар жалпы жоболор бар:

**Укук деп** мыйзам деңгээлине көтөрүлгөн, мамлекет тарабынан белгиленген, жалпыга милдеттүү, жүрүш-туруш эрежелеринин, ченемдеринин системасы аталат.

**Укуктун булактары** болуп атайын юридикалык ченемдер бекитилүүчү расмий мамлекеттик документтер эсептелинет. Аларга мыйзам, Президенттин Жарлыгы, өкмөттүн токтому, кодекстер, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын чечимдери кирет (китептин аягындагы тиркемени кара). Аталган актыларда мамлекеттик органдардын өздөрүнүн чыгарган жүрүм-турум эрежелери камтылат. Укук ченемдеринде белгиленген бул эрежелер жалпыга милдеттүү мааниге ээ.

Алгачкы общиналык жана уруучулук коомдо укук болгон эмес, бирок бийлик болгон. Адамдардын эң алгачкы жүрүш-туруш эрежелери болуп үрп-адаттар, каада-салттар, жөрөлгөлөр, б. а. адеп-ахлак ченемдери эсептелген. Жеке

| Кыргыз Республикасынын Конституциясы | Укук булактары |
|---|---|
| Мамлекеттин негизги мыйзамы эң жогорку юридикалык күчкө ээ жана КРда түздөн-түз колдонулат. Анын негизинде конституциялык мыйзамдар жоболор кабыл алынат. Мамлекеттин түзүлүү формасы, укук жана эркиндиктердин негиздерин, жергиликтүү өзүн-өзү башкаруу органдарынын ишмердигин аныктайт. | Конституциялык укук ченемдери, мыйзамдар Президенттин жарлыгы, Жогорку Кеңештин токтомдору. Эл аралык келишимдер. Өкмөттүн токтомдору жергиликтүү кеңештик актылар Конституциялык соттун токтомдору окумуштуу-юристтердин эмгектери |

менчик пайда болуп эзүүчүлөр жана эзилүүчүлөр табы келип чыкканда бийликтин куралы катары мамлекет пайда болгон. Аны менен бирге укук да келип чыккан. «Адам укугу» деген түшүнүк биз билген «укук» деген түшүнүктөрдөн айырмаланып турат. Адам укугу бирөө тарабынан берилбейт. «Укук» бардык адамга тиешелүү, адам укугу бул бардык адамдарда бар негизги укуктар жана эркиндиктер болуп эсептелет. Адам укугу – бул адамдар менен мамлекеттин ортосундагы өз ара мамилелердин принциптери жана ченемдери.

Мамлекет бизге укук бербейт, бирок ал анын гаранты болуп, алар менен камсыз кылууга милдеттүү. Дүйнө жүзүндөгү ар бир адам кайсы өлкөдө жашаганына карабастан бирдей укуктарга ээ болот. Адам укугунун конвенциясынын төмөнкүдөй негизги үч жобосу бар:

1. Ар бир бийлик чектүү.

2. Ар бир адам өзүнүн автономиялуу, б. а. өзү башкаруучу тынчтыкка ээ. Ага эч бир бийлик кийлигише албайт.

3. Ар бир адам өз укугун коргоп жатып, мамлекетке доомат коё алат жана адамдар кайсы өлкөдө жашаганына карабастан бирдей укуктарга ээ болот.

Адамдардын жана жарандардын укуктары, эркиндиктери жана милдеттери инсандын укуктук статусун түзөт жана укуктун олуттуу бөлүгү болуп эсептелет. Укук деген сөз турмушта юридикалык мааниден сырткары дагы пайдала-

нылат. Анда ал мыйзамдарда көрсөтүлбөгөн жекече мүмкүнчүлүктөрдү билдирет. Мисалы, улууну урматтоого укуктуулук, өз көз карашында турууга, улуу-кичүүнү сыйлоого укуктуулук.

### Укук ченемдери

Укук ченемдери мамлекет тарабынан орнотулуучу коомдук мамилелердин модели болуп эсептелет. Ал адамдардын жүрүм-турумунун мүмкүн болуучу жана талап кылуучу чегин, өз ара мамилелердин ички жана тышкы эркиндиктеринин чегин аныктап көрсөтөт.

Укук ченеми – бул жазык укуктук мамилелерди белгилеп жана коргогон, жалпыга бирдей милдеттүү тартипти чагылдырган мыйзамдын бөлүгү.

Укук ченеминин белгилери:

1. Укук ченеми мамлекет тарабынан белгиленет. Бул расмий мамлекеттик актылар менен бекитилүүчү жүрүм-турумдун модели болуп эсептелет.

2. Укук ченеми мүмкүндүк берүүчү жана милдеттендирүүчү мүнөзгө ээ. Бир жагынан ал адамга мыйзамдуу укуктарын пайдалануу эркиндигин берет. Экинчи жагынан укук ченеми кайсы бир иш-аракетти жасоо же жасабоо жагын милдеттендирет жана айрым адамдардын эркиндигине чек коёт.

Ошентип укук ченеми адамдардын өз ара мамилелерине жол берүү же чек коюу жагын айкалыштырып турат.

3. Укук ченемин ишке ашыруу зарыл болгон учурда мамлекеттик мажбурлоо чаралары менен камсыз кылынат.

4. Укук ченеми типтүү коомдук мамилелердин, (мисалы, сатып алуу, сатуу мамилелери) мамлекеттик жөнгө салгычы катары чыгат.

### Укук мамилелери

Адамдар жана алардын уюмдары ортосундагы турмуштук мамилелердин ар кандай жактары жана формалары бар. Алар адеп-ахлактык, улуттук, саясый, диний укуктук формалар. Ар бир коомдук мамиле коомдук кызыкчылыктардын жана муктаждыктардын ар кандай элементтерин камтыйт.

Укук мамилелери – бул укуктук ченеми менен аныкталуучу чыныгы коомдук мамилелердин бир тарабы, анын өзгөчө формасы.

Укук мамилеси – мамлекет аркылуу корголуучу, өз ара байланыштагы юридикалык укуктар жана милдеттер менен байланышкан эки тараптын коомдук мамилеси.

**Укук мамилесинин белгилери:**

1. Укук мамилеси укуктук ченемдердин негизинде куралуучу иш жүзүндөгү коомдук мамилелердин формасын туюндурат.

2. Укук мамилеси катышуучулары өз ара юридикалык укуктарга жана милдеттерге ээ. Эгерде укук мамилесинин бир катышуучусуна укук берилсе, экинчисине юридикалык милдет тагылат.

3. Укук мамилелери аң-сезимдүү жана эрктүү мүнөзгө ээ.

4. Укук мамилелерине мамлекет тарабынан кепилдик берилип, зарыл учурда анын мажбурлоочу күчү менен корголот.

**Мораль жана укук**

Адамдар ортосундагы мамилелер жалаң эле укук ченемдери аркылуу жөнгө салынбастан, жүрүш-туруштун коомдо колдонулган башка эрежелери менен да жөнгө салынат. Алардын бири болуп моралдык ченемдер эсептелет. (Мораль – французчадан – ыймандуулук, лат. – ыймандуу, орус тилинин түшүндүрмө сөздүгүндө «Мораль – бул ыймандуулук эрежелери, ошондой эле ыймандуулуктун өзү» деп берилген.)

Мораль – жакшы-жаманды айырмалоонун жалпы кабыл алынган түшүнүгү. Ал эми илимий аныктамада мораль – «адамдын жүрүм-турумун жөнгө салып туруучу коомдук институт». Мораль – бул кайсы бир коомдо калыптанып калган адамдар ортосундагы мамилени жөнгө салуучу жүрүм-турумдун жазылбаган чек-ченемдери. Адамдарга моралдык бааны дайыма башка адамдар (туугандар, кызматташтар, кошуналар же жөн эле адамдар) бере алат.

Инсандын руханий дүйнөсүн, аң-сезимин, маданиятын, жүрүм-турумун калыптандырууда мораль жана укук өзгөчө мааниге ээ.

Моралды жекече ынаным, салт, тарбия, коомдук пикирдин күчү, кайсы бир таптын же социалдык топтун көз караштары колдоп турат. Жакшылык, жамандык, кара ниеттик, чынчылдык, ак ниеттүүлүк, айкөлдүк, уят-сыйыт – мунун баары коомдогу жакшы-жаманды айырмалап аныктап туруучу критерий. Башкача айтканда, мораль – коомдук көз караштан алганда, инсан үчүн жакшы туура деп эсептелген нерселер болуп эсептелет.

**Укук жана мораль** – адамзат маданиятынын дайыма өз ара карым-катыштагы эң маанилүү элементтеринен. Бул карым-катыш дайыма тарыхый шарттарга жана коомдук социалдык-таптык түзүлүшүнө жараша болот. Мораль жана укуктун ар бири үчүн өзгөчөлөнгөн коомдук мамилелердин чөйрөсү болбойт. Тескерисинче, алар социалдык байланыштардын бирдиктүү чөйрөсүндө иштейт. Ошондуктан, укук менен моралдын карым-катыштарында жалпылык, окшоштук көп кездешет. Укук моралсыз, мораль укуксуз жашап өнүгө албайт. Алардын жалпы милдети адамдардын жүрүм-турумуна таасир этүү. Укуктун иштөө чөйрөсү бүт бойдон мораль мейкиндигинде болууга тийиш. Укук менен моралдын мындай өз ара байланышы инсандын укуктук жана ыймандык жактан тарбияланышынын байланышын бекемдөө зарылдыгын аныктап турат. Ошондуктан көп учурда мораль менен ыймандуулук да, бирдей түшүнүк катары каралууда. Ошондой болсо да моралдан айырмаланып, ыймандуулук – бул коомдо адам үчүн зарыл болгон жүрүм-турум эрежелери жана алардын аткарылышы. Ыймандуулук ар бир адамдын ички руханий дүйнөсү тарабынан калыптанат. Ошондой эле ыймандуулук бул ар бир адамдын өздүк моралы, анын өзүнө берер баасы болуп эсептелет.

Көп кырдуу акын Тоголок Молдо (1860–1942) өз мезгилинде адамдардын адеп-ахлагы жөнүндө көп ойлонуп, көп жазган. Ал ойчул катары адамдын жүрүш-турушундагы, мүнөзүндөгү кемчиликтердин себептери, алардын рухий-ыймандык жактан оңолушунун жолдору тууралуу көп ойлонгон. Тоголок Молдо адамдарда мындай жаман сапаттардын көп болушун, алардын сабатсыздыгы жана кичинесинен баштап жетиштүү тарбия албагандыгынан деп түшүнгөн.

Ал ошондуктан адамдын адеп-ахлагындагы кемчиликтерин оңдоо үчүн төмөнкү үч нерсе зарыл деп эсептеген:

1. Баланы кичинесинен адепке, ар-намыстуулукка, эмгекке тарбиялоо.

2. Адамга илим-билим берип, агартуу аркылуу оң жолго салуу.

3. Адамдын өзүн-өзү тарбиялоосунун зарылдыгы.

Демек, «адам өзүнүн жүрүм-турумунун, мүнөзүнүн оң-тескери жагын байкап, кемчиликтерин түшүнүп, андан жыйынтык чыгрса, анда адам адеп-ахлак жактан өйдөлөп өсөөр эле», – деген ойду билдирет.

### Кайталоо үчүн суроолор

1. Укук жана алардын пайда болушу.
2. Адам укуктары жөнүндө эмнелерди билдиң?
3. Адам укугунун конвенциясынын жоболору жана алардын мааниси.
4. Афины мамлекетиндеги адам укуктарынын өзгөчөлүктөрү.
5. Адам укуктары менен мыйзамдуу укуктун айырмасы.

## § 25. БАЙЫРКЫ ДҮЙНӨДӨГҮ, ОРТО КЫЛЫМДАГЫ ЖАНА ЖАҢЫ ДООРДОГУ УКУКТАР

***Түшүнүктөр*:**

- Улуу Хартия – Орус акыйкаты.
- Адамдын жана жарандын укуктарынын декларациясы.

***Негизги даталар:***

1215-ж., 15-июнь Эркиндиктин Улуу Хартиясы.

1789-ж. Францияда «Адамдын жана жарандын укуктарынын декларациясы» кабыл алынган.

1816-ж. Жыргалчылык союзу.

1821–1822-жж. П. И. Пестель менен Н. М. Муравьёв конституциялардын долбоорлорун түзгөн.

1825-ж., 14-декабрь Петербургда декабристтердин көтөрүлүшү.

***Тапшырма*:**

- Байыркы кыргыз элинин укуктарынын өнүгүү шарты жөнүндө эмнелерди билесиң? Алардын укуктары кантип корголгон?
- Теманы окуп, үч доордо пайда болгон адам укуктарынын өзгөчөлүктөрүн салыштырып жаз.
- Жаңы доордо жазылган П. И. Пестель менен Н. М. Муравьевдун конституциясын окуп, артыкчылыктарын белгиле.

### Байыркы дүйнөдөгү укук

Биздин заманга чейинки 1792–1750-жылдары Вавилондо Хаммурапи падышалык кылган. XX кылымдын башында археологдор киши боюнан бийик кара таштан жасалган мамы таш табышкан. Анын бети толтура шына (клинопись) белгилери менен Хаммурапинин мыйзамдары оюлуп жазылган. Ал 282 беренеден туруп Вавилон коомунун көп сандаган укуктук

маселелерин камтыган. Бул мыйзамда киришүү бөлүмү сот ишин жүргүзүү, уурулукка каршы жаза жана балдар менен кулдарды уурдаганда, качкын кулду жашырганда колдонулуучу жазалар көрсөтүлгөн. Жоокерлердин укуктары жана милдеттери, сугат тармактары, үй, короо-жай күтүү, үй-бүлө укугу, курулуш жерлери жөнүндөгү мыйзамдарга орун берилген. Ошондой эле жаратылышты коргоо, карыз алуу, карыз берүү жана аны төлөө келишимдери, жыйынтыгында кулдар тууралуу айтылган.

**Падыша Хаммурапинин** мыйзамдары, байыркы чыгыш коомундагы укуктук ойдун эң көрүнүктүүсү, мыйзамдардын биринчи жыйнагы. Бул мыйзамдар жыйнагы, кул ээлөөчүлүк түзүлүштү, жеке менчикти, адамды адам эзүүнү, биринчи жолу мыйзам деңгээлинде чагылдырган укуктук акт болгон.

Байыркы Грециянын жана байыркы Римдин укугу классикалык же үлгүлүү деп аталган. Андан эркин адамдардын укуктары акырындык менен түзүлө баштаган. Байыркы Грек жана Афины демократиясынын (б. з. ч. V к.) саясый мурастары кийинки цивилизация тарабынан тажрыйба катары кабыл алынып кеңири изилденүүдө. Байыркы Грек укугунун негизинде Рим укугу өнүккөн. Афины мамлекетинде укукка ээ болуу үчүн ошол мамлекеттин жараны болуш керек эле. Жарандар кезек менен чүчүкулак кармап, мамлекеттик кызматтарды ээлешкен. Жаран 20 жашка толоору менен Афины мамлекетинин жогорку органы болгон элдик чогулуштун мыйзам чыгаруу иштерине катышуу укугун алган. 30 жашка чыккан жарандарга мамлекетти башкаруу же сот кызматтарын ээлөөгө мүмкүнчүлүк берилген. Алар ички-тышкы саясатка, соттун ишине катышууга жана сотто кезек-кезеги менен иштөө укугуна ээ болгон. Байыркы Афиныда кулдар жана душман тараптагылардын укуктары болгон эмес. Байыркы Гректин адам укуктарынын теоретиктеринен Аристотель менен Демосфенди айтсак болот. Ал эми байыркы Римде атуулдардын мыйзам кабыл алуу укуктары көбүрөөк чектелген. Себеби, мыйзам туруктуу сенат тарабынан сунуш кылынган.

Элдик чогулуш ал мыйзамды кабыл алган же каршы болгон. Азыркы мезгилге чейин Рим укугун юристтер изилдеп үйрөнүп келе жатышат. Анын негизги бөлүктөрү буржуазиялык өлкөлөрдүн мыйзамдарына киргизилген.

### Орто кылымдагы укук

Феодалдык коомдогу укукка дин жана үрп-адаттар түздөн-түз таасирин тийгизген. Орто кылымдагы укук өтө каардуу болгон. Адам өзүнүн күнөөсүздүгүн далилдей албай калса, аны кудай соту менен соттошуп, муштум же курал менен жазалашкан. XIII кылымдын башында еретиктерге (каршы чыгуу) каршы күрөш жүргүзүү үчүн Папа атайын чиркөө сотун «инквизацияны» (тергөө иштери) уюштурган. Англия орто кылымда инсандын статусун мыйзам түрүндө өзгөртүүдө көрүнүктүү натыйжага жетишкен. XII–XIII кылымда өлкөдө бир тарабынан Иоанн (жерсиз), экинчи тарабынан ири феодалдар, католик чиркөөсү, община жана шаарлардын ортосунда катуу келишпестиктер келип чыккан. Бир нече жыл катуу күрөштөн кийин 1215-жылы 15-июнда эркиндиктин Улуу Хартиясы (Мартин Карт) деп аталган укуктук документ кабыл алынган. Анын 39-,40-,42-,45-пункттарында бир да адам эркинен тышкары камакка алынып, жеке мүлктөрүнөн ажыратылбайт деп жазылган.

### Жаңы доордогу укук

Жаңы доордогу адам укуктарынын өнүгүшүнө ошол мезгилдеги антиколониялык жана абсолютизмге каршы көтөрүлүштөр өз таасирин тийгизген. Голландия экономикалык жактан тездик менен өнүккөн өлкө болгон. Ал 1566–1609-жж. Испан бийлигинен бошонууга жетишкен. 1640–1689-жж. Англияда революция болуп өткөн. Ал эми Англияга каршы Америкадагы колониялар көтөрүлүп 1776-ж. 4-июлда конгресс «Көз карандысыздык декларациясын» кабыл алган. Бул көтөрүлүштүн натыйжасында 1787-жылы конституциялык түрдө жаңы мамлекет АКШ түзүлгөн. 1789-жылы 14-июлда Улуу Француз буржуазиялык революциясы башталган жана ошол эле жылы «Адамдын жана жарандын укуктарынын декларациясын» кабыл алган. Декларацияда «адамдар бирдей тең укуктуу болуп төрөлөт жана ошол бойдон калат» деп жарыяланган. 1794-ж. революция жеңиш менен аяктаган.

XVIII к. (1773-ж.) Орусияда Емельян Пугачевдун жетекчилиги менен дыйкандар согушу болуп өткөн. Пугачевдун манифести эркиндик идеяларын «эрк» катары чагылдырган. Анда крепостнойлук укук жоюлуп «кул» эркин адам деген түшүнүк менен алмаштырылган.

1818-жылы келечектеги декабристтердин. «Жыргалчылык союзу» түзүлгөн. Алардын уставында «Союз бийликке умтулуу жана адам укуктарына көңүл кош кароону жоюуга, ар бир адам жеке укуктарынан пайдалана ала тургандыгын түшүндүрүүгө аракет кылат» – деп айтылган.

Алар 1820-жылы Россияда республикалык башкарууну орнотуу жөнүндө чечим кабыл алышкан.

Ошондой эле 1821–1822-жж. «Жыргалчылык союзунун» ордуна түзүлгөн Украинадагы Түштүк коомунан П. И. Пестель, Петербургдагы Түндүк коомунан Н. М. Муравьев тарабынан конституциянын долбоору жазылган. Пестелдин Орус акыйкаты деп аталган конституциясы адам укуктары деп аталып, демократиялуулугу менен айырмаланган. Ал крепостнойлук укукту жоюу, иштетүүнү каалагандарга помещиктик жерлерди таркатып берүүнү каалаган. Пестель калктын эркин бөлүгү үчүн жалпы шайлоо укугун киргизүүнү сунуш кылган. Н. М. Муравьевдун конституциясында крепостнойлукту жоюу менен помещиктин жерлери ээлеринде калат. Муравьев болсо, көбүрөөк жер менчигине ээ болуу, аткаруу, мыйзам чыгаруу жана сот бийликтерине шайлануу укугун берген.

1825-жылы 14-декабрда Петербургда декабристтердин көтөрүлүшү болуп өткөн. Алар адам укугун таануунун негизинде Орусиянын коомдук жана саясый түзүлүшүн өзгөртүүгө аракеттенишкен.

### Кайталоо үчүн суроолор

1. Эркиндиктин Улуу Хартиясы качан, кантип кабыл алынган жана анда эмнелер жазылган?
2. Жаңы доордогу адам укуктарынын өнүгүшүнө өз таасирин тийгизген өлкөлөр жана окуялар.
3. П. И. Пестель жана Н. М. Муравьев тарабынан жазылган конституциялардын долбоорун салыштыр.
4. Мамы ташта качан, ким тарабынан эмнелер жөнүндө жазылган?

## § 26. СОВЕТТИК ДООРДОГУ УКУК

*Түшүнүктөр*:
- Советтик биринчи конституция.
- Советтик укуктун өзгөчөлүктөрү.
- Кайра куруудагы укук.
- Эркиндик теңдик ураааны.

***Негизги даталар***:

1918-жыл 10-январь В. И. Ленин. Эмгекчилердин жана эзилген элдин укуктарынын декларациясы.

1924-жыл СССРдин конституциясы.

1936-жыл СССРдин конституциясы.

1977-жыл СССРдин конституциясы.

***Тапшырма***:

- Советтик доордогу адам укуктарынын башка укуктардан кандай өзгөчөлүктөрү болгон? Теманы окуп, мисал келтир.
- Советтик доордогу адам укуктары өзгөчө бузулган мезгил кайсы жылдарга туура келет, анын себептери кайсылар (тарыхты эстеп көр)?

**Кыргыздардын адат укуктары**

Адат (араб тилинен – салт, үрп адат) – коомдо же белгилүү бир социалдык топто узак мезгилге колдонуунун натыйжасында көндүм болуп калган жүрүм-турум эрежелери. Адат уруулук түзүлүш мезгилинде, коомдогу адамдардын жүрүм-турумун жөнгө салуунун негизги формасы болгон.

Эскирген адаттар тарыхый өнүгүү мезгилинде жаңылар менен алмашылып өнүгүп жаткан коомдук мамилелердин калыптанышына жардам берет.

**Адат укугу** – салт түрүндө коомдо кеңири колдонуп келген адат ченемдеринин жана жүрүм-турум эрежелеринин жыйындысы. Алар көбүнчө кул ээлөөчүлүк жана феодалдык коомго мүнөздүү болуп кагаз бетине жазылган эмес. Адат укугу алгачкы жамаат коому бузулуп, жеке менчик келип чыккан мезгилде пайда болуп, эл урууларга бөлүнүп жашаган коомго тиешелүү болгон. Анын ченемдери коомдун шарттарына жараша өзгөрүп турган. Адат укугунун булактары болуп каада-салт (үрп-адат), бийлер соту, бийлер курултайынын жобосу эсептелген. Каада-салт кайсы бир жамааттагы же социалдык топтогу жүрүм-турумдун стереотиптик (эски көз караштардын негизинде калыптанган түшүнүк) үлгүсү болуп эсептелет.

Каада-салт (каада – араб тилинен – эреже) мурда эч жерде катталган эмес, кыска бирок нуска сөз катары, макал-лакап түрүндө ооздон-оозго, муундан-муунга өтүп келген. Бийлер сотунун чечимдери калк арасында акындар, аксакал адамдар тарабынан жайылтылган.

XIX кылымда азыркы Кыргызстандын аймагында, кыргыздардын адат укугунун нормалары, мусулман укугу – шарият, орустардын укук системасы менен жарыша иштеп турган.

XIX к. экинчи жарымына чейин бийлер сотунун чечимдери эч жерде жазылган эмес. Бий соту чыгарган өкүмдөр кийин бир китепке кыскача жазыла баштаган, кээде жазма документ түрүндө катталган.

Мисалы сот иштеринде жазуу түрүндөгү жалпы эрежелерге өткөн. Алар документ түрүндө жазылып, ага бийлердин чукул чакырылган курултайына келген бардык бийлер кол койгон. Эрежеде сот иштери жарандык жана жазык укугу баяндалат. 1893-ж. Токмок курултайында иштелип чыккан эреже 113 параграфтан турат.

**Эркиндик теңдик** ураны, кыргыздардын да прогрессивдүү саясый-философиялык ойчулдарынын ой пикирлеринде чагылдырылат. Бай-кедей, жамандык-жакшылык тууралу заманачы акындар өз чыгармаларын жазышкан. Алардын катарына Калыгул Бай уулу (1789–1855), Арстанбек Буйлаш уулу (1824–1878), Молдо Кылыч Шамыркан уулу (1868–1917) киришет. Алар чыгармаларында феодалдык чыр-чатактарды, байлардын зомбулугун, карапайым элдин оор турмушун чагылдырышкан. Ушул маанидеги чыгармаларды демократ акындар Т. Сатылганов, Т. Молдо, Б. Алыкуловдор дагы жазышкан. Алар Совет бийлигинин орношун зор кубаттоо менен тосуп алышкан. Чыгармаларында эркиндик теңдикке жетишкен кыргыз элинин турмушун чагылдырышкан. Демек, кыргыз коомунда да адамдын укуктары, эркиндиктери тууралуу ой жүгүрткөн акылмандар болгон.

**Советтик бийлик** орногондон кийин 1918-жылы 10-январдагы Советтердин үчүнчү съездинде В. И. Ленин тарабынан иштелип чыккан эмгекчилердин жана эзилген элдин укуктарынын декларациясы кабыл алынган. Анда расасына жана улутуна карабастан жарандардын тең укуктуулугу жарыяланган. 1918-жылы 10-июлда Советтердин V съезди биринчи Советтик конституцияны кабыл алган. Бул Конституцияга ылайык, жарандар тең укуктуу болгон эмес. Соодагерлер, дин кызматчылары, полициянын мурдагы кызматкерлери, жалданма жумушта иштегендер жана алардын үй-бүлө мүчөлөрү шайлоо укугунан ажыратылган. Адамдын жеке укугун



СШ № 32

коргоо боюнча эч кандай кепилдик жазылган эмес. 1924-жылы январда Бүткүл Союздук Советтердин II съезди СССРдин биринчи конституциясын кабыл алган. Конституцияда улуттардын мамлекеттүүлүккө болгон укугунун мыйзамдуу экендиги бекемделген. 1936-жылы Конституцияда СССРде эксплуататордук таптардын жоюлгандыгы жана социализмдин негиздеринин түзүлгөндүгү белгиленген. Конституцияда Совет адамдарынын укуктары бөлүмүн Николай Иванович Бухарин даярдаган. Бул конституциянын эң жакшы бөлүгү болгон. Анда Бухарин сталинчиликтин таасирисиз жана бурмалоосуз түзүлө турган Советтик коомду мүнөздөгөн. Шайлоо системасы жаңыртылып, жашыруун добуш берүүчү жалпы жана тике шайлоолор киргизилген. Жарандардын укуктары жана эркиндиктери кеңейтилип, сөз, басма сөз, чогулуш эркиндиктери жеке адамга кол тийбестик, сотсуз жазалабоо укуктары жарыяланган. Социалдык-экономикалык укуктар бекитилген. Бирок конституция турмушта көптөгөн карама-каршылыктарга учураган жана чыныгы турмушка тиешеси жок болгон. 1977-жылы 7-октябрда СССРдин Конституциясы кабыл алынган. Жаңы Конституцияда Коммунисттик партиянын башкаруучулук ролу көрсөтүлгөн. Анын 6-беренесинде Компартия Совет коомунун жетекчи жана багыттоочу күчү катары берилген. Конституцияда формалдуу түрдө болсо да негизги демократиялык эркиндиктер, сөз, басма сөз, чогулуштар, митингдер жарыяланган. Советтик укуктун башкы өзгөчөлүгү болуп адамдын, жарандын кызыкчылыгынан коомдук мамлекеттик кызыкчылыкты жогору коюп, идеологиялык курал катары кызмат кылгандыгы эсептелет.

### Кайра куруу мезгилиндеги укук

1985-ж. апрель Пленумунда өлкөнү ар тараптан кайра куруу каралган. Анын ичинде экономикалык жана саясый укуктар дагы бар. Мисалы, экономика тармагында жетекчилик кылуунун эскирген администрациялык-тескөөчүлүк ыкмалар (кысым көрсөтүү, буйрук, жазалоо) алмаштырыла баштаган. Алардын ордуна материалдык жактан кызыктыруу ыкмалары киргизилип, эмгекчилердин демилгеси колдоого алынган ж. б.

Саясый тармактарда да адамдар бир кыйла кенири укуктарга ээ болгон. Саясый реформалардын жүрүшүндө бий-

ликтин жогорку органдарын түзүү, шайлоо системасын жаныртуу каралган.

### Кайталоо үчүн суроолор

1. Советтик биринчи конституция жана анын өзгөчөлүктөрү.
2. Конституциядагы карама-каршылыктар жана алардын натыйжалары.
3. Кыргыз коомчулугундагы адам укуктары жана эркиндиктери тууралуу ой жүгүрткөн ойчулдар жана алардын чыгармалары.
4. Кайра куруу мезгилиндеги адам укуктары?
5. Адат укугу жана анын мааниси?

## § 27–28. БУУНУН ТҮЗҮЛҮШҮ ЖАНА АДАМ УКУКТАРЫНЫН ЖАЛПЫ ДЕКЛАРАЦИЯСЫ

*Түшүнүктөр*:
- БУУнун түзүлүшү.
- Декларация.
- Укуктардын типтелиши.
- Преамбула.
- Эл аралык Билл.

***Негизги даталар:***

1944-ж. Думбартон-Окстагы конференция БУУнун уставы.

1945-ж. 26-июнь Сан-Франциско Уставка кол коюу.

1945-ж. 24-октябрь БУУ күчүнө кирген.

1992-ж. 2-март Кыргызстан БУУга мүчө болгон.

1948-ж. 10-декабрь «Адам укуктарынын жалпы декларациясы».

1966-ж. 16-декабрь жарандык жана саясый укуктар жөнүндөгү Эл аралык пакт.

1966-ж. БУУ экономикалык социалисттик жана маданий укуктар жөнүндө Эл аралык пакт. Ал 1976-жылы күчүнө кирген.

***Тапшырма:***

- БУУ жана алардын аткарган иштери тууралуу кандай маалыматтарды билесиңер.
- Адам укуктарынын жалпы декларациясында кайсы укук эң маанилүү деп көрсөтүлгөн, эмне үчүн?
- Силер кайсы укугуңарды маанилүү деп эсептейсиңер? Алардын маанилүү экендигин далилдегиле.

• БУУнун түзүлүшүнүн жана Адам укуктарынын жалпы декларациясынын кабыл алынышынын тарыхый маанисин анализдеп айтып бергиле.

БУУ – Бириккен Улуттар Уюму Эл аралык уюм. БУУнун негиздөөчүлөрү болуп 51 мамлекет эсептелинет. Экинчи дүйнөлүк согуш мезгилинде (1939–1945) Гитлерге каршы коалицияга кирген башкы мамлекеттер, БУУнун негизги принциптерин иштеп чыгышкан. СССР, АКШ жана Улуу Британиянын тышкы иштер министрлеринин Москвада өткөн кеңешмесинде (1943) эл аралык уюмду түзүү маселеси каралган. Ошол эле жылы бул өлкөлөрдүн мамлекет башчыларынын Тегерандагы жолугушуусунда дагы ушул маселеге токтолушкан. БУУнун уставы 1944-жылы Думбартон-Окстагы конференцияда иштелип чыккан. 1945-жылы 26-июнда Сан-Францискодогу уюштуруучу конференциянын катышуучулары тарабынан кол коюлган. 1945-жылдын 24-октябрынан тартып расмий түрдө кабыл алынган жана күчүнө кирген. Ошондон баштап, жыл сайын ушул күн дүйнөлүк коомчулук тарабынан БУУнун күнү катары белгиленип келүүдө. БУУнун уставы кириш бөлүмдөн жана 111 беренеден турат. Анда БУУнун эл аралык сотунун статусу көрсөтүлгөн. БУУнун негизги максаттары уставдын 1-беренесинде жарыяланган, алар тынчтыкты, коопсуздукту коргоп жана бекемдөө, мамлекеттер арасында кызматташтыкты өнүктүрүү, адам укуктарын коргоо, дүйнөдөгү жакырчылыкты жана сабатсыздыкты жоюу агрессиячыл ар кандай аракеттерди токтотуу жана жоюу. Бириккен Улуттар деген сөздү АКШнын президенти Рузвельт сунуш кылган. БУУнун уставы бардык элдердин идеясын жана максатын чагылдырат.



БУУнун желеги.

**БУУнун принциптери:**

- бардык катышкан мамлекеттер суверендүүлүк теңчиликке ээ;
- мамлекеттердин кызматташтыгы;
- бардык катышкан мамлекеттер БУУнун уставынын жобосун аткарыш керек;
- эл аралык талаш-тартыштарды тынчтык жол менен чечүү;
- БУУ башка өлкөлөрдүн ички иштерине кийлигише албайт;
- улуттардын тең укуктуулугу, өз тагдырын өзү чечүү укугу;
- күч колдонбоо, күч менен коркутпоо.

**БУУнун негизги органдары:**

- Генералдык Ассамблея,
- коопсуздук кеңеши,
- экономикалык жана социалдык кеңеш,
- камкордук көрүү кеңеши,
- эл аралык сот жана катчы (секретариат).

БУУнун Штаб-квартирасы Нью-Йоркто, расмий жана жумушчу тилдери англис, араб, испан, кытай, орус, француз.

БУУнун өзүнүн эмблемасы, желеги, гимни бар. Анын эмблемасында дүйнөнүн картасы жана аны курчаган олива

ББУнун негизги органдары





Лао Цзы.

өсүмдүгүнүн бутагы түшүрүлгөн. Олива бутагы – бул тынчтыктын символу болуп эсептелинет.

Гимнди жазган Бенджамин Бриттен болгон. Ал бул гимнди БУУнун түзүлгөндүгүнүн 20 жылдыгында жазган. Бир нече акындардын Лао Цзы, Пенна, Евтушенко жана Камюнун сөздөрүн колдонгон. Кыргыз Республикасы 1992-жылы 2-мартта БУУнун Генералдык Ассамблеясынын 46-сессиясында БУУга мүчө болуп кабыл алынган.

## Адам укуктарынын жалпы декларациясы

Кыргын салуучу экинчи дүйнөлүк согуштан кийин адам укуктарын коргоо боюнча Эл аралык документти кабыл алуу керектигин элдер билишкен. БУУнун эң маанилүү жетишкендиктеринин бири бул – Адам укуктарынын жалпы декларациясын кабыл алуу болуп эсептелет. Ал 1948-ж. 10-декабрда БУУнун Генералдык Ассамблеясы тарабынан кабыл алынган. Ошондон бери 10-декабрь – адам укугунун күнү катары бүткүл дүйнөдө белгиленет.



Э. Рузвельт.

Декларациянын тексттин иштеп чыгуу эки жылга созулган. Даярдоочу комитет 8 кишиден туруп, аны **Элеонора Рузвельт** жетектеген. Декларациянын авторлору ар түрдүү элдердин маданий салттарын чагылдырууга жана ага дүйнөлүк системадагы мыйзам чыгаруудан мураска калган бардык баалуулуктарды киргизүүгө аракеттенишкен. Декларация преамбула менен башталат. (Преамбула деген сөз Конституциянын Эл аралык келишимдердин ж. б. актыларын киришүү бөлүгүн билдирет. **Преамбула** – бул документ эмне үчүн кандай максат менен кабыл алынгандыгын түшүндүрөт). Декларация саясый эркиндиктерге, жарандык, экономикалык, социалдык, маданий укуктарга бирдей тең маани берген. Адам укуктарынын жалпы декларациясы 30 беренеден турат. Ал 250 тилге которулган жана дүйнөдөгү адам укуктары боюнча документтердин эң маанилүүсү.

Мисалы:

- бардык адам бирдей тең укукта жарык дүйнөгө келет;
- ар бир адам жашоого укуктуу;
- эч ким кулчулукта кармалбайт;
- эч ким кыйноого алынбайт;
- бардык адам мыйзам алдында бирдей.

Адам укуктарынын жалпы декларациясында, адамдын жашоого болгон укугу биринчи катарда турат (*1-тиркеме, 129–130-бб.*)

**Эл аралык Билл. Адам укуктарынын типтелиши**

Адам укуктарын өзүнүн маанисине жана максатына ылайык төмөнкүдөй типтерге бөлсө болот:

Жарандык, саясый, социалдык, экономикалык жана маданий укуктар. Бул классификация адам укуктары боюнча Эл аралык Биллде кабыл алынган.

Эл аралык Билл үч документтен турат.

1. Адам укуктарынын жалпы декларациясы. 1948-жылы 10-декабрда БУУ тарабынан кабыл алынган.
2. Жарандык жана саясый укуктар жөнүндөгү Эл аралык пакт. 1966-жылы 16-декабрда кабыл алынган.
3. Экономикалык, социалдык жана маданий укуктар жөнүндөгү Эл Аралык пакт. БУУ тарабынан 1966-жылы кабыл алынып, 1976-жылы күчүнө кирген.

**Жарандык укук жана эркиндиктерге:**

- жашоо укугу;
- жеке өзүнө жана эркиндигине кол тийбестик укугу;
- жарандуулукка ээ болуу укугу;
- турак-жайга кол тийбестик укугу;
- ары-бери эркин жүрүү жана жашаган жерди тандоо укугу;
- жеке турмушка кол тийбестик укугу;
- эркин ой жүгүртүү жана сөз укугу;
- маалыматтарды издөө, алуу, жиберүү, таркатуу укугу;
- ысым алуу жана индивидуалдык укугу;
- жашыруун кат алышуу, телефон аркылуу сүйлөшүү укугу;
- инсандын ар намысын мамлекеттик коргоо укуктары кирет.

**Саясый укуктарга:**

• сөз жана басма сөз эркиндик укугу;

• ар бир адам өздөрү шайланган өкүлдөрү аркылуу мамлекетти башкаруу укугу (шайлоо укугу);

• тынч жыйын укугу;

• биригүү укугу (саясый партияларга, мамлекеттик эмес уюмдарга жаштардын, аялдардын уюмдарына);

**Экономикалык укуктарга:**

• эмгектенүү жана эс алуу укугу;

• жеке менчик укугу;

• иш таштоо укугу;

• ишкердүүлүк укугу;

• жумушсуздуктан коргонуу укугу;

**Социалдык укуктарга:**

• ден соолугун коргоо укугу;

• билим алуу укугу;

• социалдык камсыздандыруу укугу;

• эс алуу укуктары кирет.

**Маданий укуктарга:**

• маданий байлыктарга кирүү укугу;

• коомчулуктун маданий турмушуна катышуу укугу (адабий-көркөм илимий чыгармачылык).

• чыгармачылык укугу.

### Кайталоо үчүн суроолор

1. БУУ качан жана кимдер тарабынан түзүлгөн жана алардын негизги максаттары кайсылар?
2. БУУ кандай принциптерге негизделген жана анын негизги органдары.
3. БУУнун эмблемасын сүрөттөп жана Гимни тууралуу айтып бер.
4. Адам укуктарынын жалпы Декларациясы кимдер тарабынан иштелип чыккан жана ал качан, кайсы уюм тарабынан кабыл алынган?
5. Декларация канча беренеден туруп, канча тилге которулган? Негизги укуктарынан мисал келтир.
6. Адам укуктары кандай типтерге бөлүнөт жана кайсы документтердин негизинде кабыл алынган?

## § 29. БАЛАНЫН УКУКТАРЫ ЖӨНҮНДӨ КОНВЕНЦИЯ

***Түшүнүктөр:***

| | |
|---|---|
| • Конвенция. | • Эглантин Джеб. |
| • Декларация. | • Ратификация. |

***Негизги даталар***:

1923-ж. Эглантин Джеб. Балдар укугу боюнча декларация.

1924-ж. Улуттук Лига. Балдар укугунун декларациясы.

1959-ж. БУУ. Балдар укугунун декларациясы.

1979-ж. Балдардын Эл аралык жылы.

1989-ж. 20-ноябрь БУУ тарабынан балдардын укугун коргоо жөнүндө конвенция.

1999-ж. бул конвенцияны АКШ менен Сомалиден башкалар ратификациялашкан.

1994-ж. 12-январь Кыргызстан бул конвенцияны ратификациялаган.

***Тапшырма***:

- Кандай негизги укуктарыңды билесиң?
- Кыргызстанда балдар укуктарынын сакталышынын абалы сени канааттандырабы? – деген темада чакан эссе жаз. (*5 мүнөт*).
- Өспүрүмдөрдүн укуктарынын бузулушунун себептерин аныктаган мисалдарды келтир.
- Балдар укуктарынын конвенциясынын балдар укуктарын коргоодогу кошкон салымы жана ал Кыргызстанда канчалык деңгээлде ишке ашып жатат деп ойлойсуң?

Баланын укугу бул мамлекеттин, балдардын ата-энесинин, мугалимдердин жана башка чоң кишилердин милдети. Баланын укугу жөнүндө мурдатан эле айтылып көңүл бурулуп келген. 1923-жылы Эглантин Джеб балдар укугу боюнча декларацияны иштеп чыккан. Улуттук Лига тарабынан эң биринчи жолу балдар укугунун Декларациясы 1924-жылы кабыл алынган. Балдар укугунун тарыхы ушул документтен башталат. Ал эми 1959-жылы Бириккен Улуттар Уюму балдар укугунун Декларациясын кабыл алат. 1979-жылы балдардын эл аралык жылы жарыяланган. Дүйнө жүзүнүн көптөгөн райондорунда балдардын абалы абдан оор. Стихиялык кырсыктар, куралдуу чыр-чатактар, эксплуатациялоочулук, сабатсыздык, ачарчылык жана ар кандай оорулар балдарды өтө кыйын абалда калтырууда. Ошондуктан балдар укуктарынын отуз жылдыгына, Эл аралык балдар жылынын он жылдыгына карата 1989-жылы 20-ноябрда БУУнун Генералдык Ассамблеясы тарабынан, балдардын укугун коргоо жөнүндө конвенция кабыл алынган. 1999-жылы бул



# • БАЛДАР УКУКТАРЫНЫН КОНВЕНЦИЯСЫ •

конвенцияны АКШ менен Сомалиден башка бардык өлкөлөр ратификациялашкан. Бирок АКШ конвенцияга кол койгон, демек анын принциптерине макулдугун билдирген.

**Ратификациялоо** – бул эл аралык келишимди кабыл алуу, аны сактоого милдеттүү, улуттук мыйзамга киргизүү, анын сакталышы үчүн каражаттарды бөлүп берүү.

**Кол коюу** – бул жарыяланган эл аралык келишимдик принциптери менен макул болуу. Кыргызстан балдардын укугун коргоо жөнүндө конвенцияны 1994-жылы 12-январда ратификациялаган.

**Конвенция** – бул мыйзам. Ал балдарга зарыл болгон минималдуу укуктардын стандартын камтыйт. Конвенциянын эң негизги өзгөчөлүгү – бул жарандык саясий, социалдык, маданий жана экономикалык жактан балдардын укугун өзүнө камтыйт. Конвенция менен Декларация түшүнүгүнүн ортосунда чоң айырмачылык бар.

Конвенция – бул укуктарды аныктоочу мыйзам милдеттендирүүчү документ. Аны аткаруу менен ишке ашыруу механизмин чагылдырган документ.

**Декларация** латын сөзүнөн которгондо «жарыялоо» дегенди билдирет. Милдеттендирбейт. Расмий жарыялоо. Мамлекеттин ички же тышкы саясатынын негизги принциптери, саясий партиялардын программалык жоболору, эл аралык уюмдардын ишмердүүлүгүнүн негизги жоболору декларация түрүндө жарыяланат.

Конвенция 54 беренеден турат. Анын ичинен 43–54-беренелерде мамлекет жана чоңдор тарабынан балдардын укуктарынын сакталышы тууралуу айтылат. Ар бир өспүрүм өзүнүн негизги укуктарын билүүсү зарыл. Мисалы:

1-берене. Эгерде сен 18 жашка чыга элек болсоң, сен өспүрүм болуп эсептелесиң.

2-берене. Бардык балдар бирдей укукка ээ.

3-берене. Мамлекет сенин укуктарыңдын сакталышына жооп бериш керек.

6-берене. Сен жашоого, ден-соолукта өнүгүүгө укуктуусуң.

24-берене. Сен мыкты медициналык кызмат алууга укуктуусуң.

28-берене. Сен билим алууга укуктуусуң.

31-берене. Сен эс алууга, ойногонго жана чыгармачылык менен иштөөгө укуктуусуң.

41-берене. Сен өз укуктарыңды билүүгө укуктуусуң. Аны чоң кишилер дагы билип сыйлашы керек (*1-тиркеме, 131–133-бб.*).

**Укук бузуунун себептери**

Укук бузуулардын себептери ар кандай жана өтө эле көп. Өспүрүмдөрдүн укук бузууларынын башкы себептерине, жоопкерчиликтин жоктугу, ата-энелердин жана улуулардын балдарга болгон кайдыгер мамилеси, тарбиянын, жазаланып калам деген коркуу сезиминин жоктугун киргизсек болот. Мындай терс сапаттар ар кандай укук бузууларга түрткү берет. Тарбиясы жок балдар улууларды сыйлашпайт, жаман сөздөр менен сүйлөшөт, ата-энелерине жардам беришпейт, сабактарын начар окушат, алсыз жана кичине балдарды ызалашат.

Уурулукка, талап тоноочулукка барышат. Акырында жасаган укук бузуулары үчүн жазага тартыла башташат. Убагында ойлонуп өзүн көзөмөлгө алган балдар турмушун туура жолго салып кете алат. Ал эми кээ бири кылмыштуулуктун жолуна түшүшөт.

Укук бузуулардын себептеринин дагы бири – руханий дүйнөнүн жардылыгы. Ошондуктан, ар бир өспүрүм келечекте жакшы адам болууну көздөсө өзүнүн рухий дүйнөсүн байытып көркөм адабияттарды көп окуп, маданият, искусствонун жетишкендиктери менен таанышып, ар кандай ийримдерге, спортко катышып турууларының керек. Ар бир адам өзүн адам катары бааласа, маданияттуу болууга тийиш. Андай адамдар эч убакта ар кандай жамандыктарга барбайт. Ар бир өспүрүм азыркы заман билимдүү, маданияттуу, жаңычыл, чыгармачыл, иштерман адамдардын заманы экендигин эстеринен чыгарбоолору керек.

**Кыргыз Республикасынын эмгек кодексинен:**

• 16 жашар бала менен эмгек келишимин түзсө болот. 14 жаштагы бала ишке орношуудан мурда анын ата-энесинин (опекундарынын, багып алган адамдарынын) жазуу түрүндөгү макулдугу керек (317 берене).

• 18 жашка чейинки балдарга ден-соолукка зыян келтире турган жана оор жумуштарда иштөөгө тыюу салынат. Мисалы, оор нерселерди көтөргөнгө, жер астындагы жана уулуу зат өндүргөн ишканаларда иштөөгө тыюу салынат.

Ишке кирип жатканда мыйзам боюнча өспүрүмдөрдүн жашы такталат. Өспүрүмдөр 16 жашка толгонго чейин жумуш убактысынын узактыгы жумасына 24 саат болот. Ал эми 16 жаштан 18 жашка чейин 36 саатты түзөт. 18 жаштан жогору бардык жарандар үчүн жумуш убактысы 41 саат.

Эмгекке болгон укуктардан сырткары милдеттер да бар. Ал эмгек тартибин сактоо. Мисалы, ишти себепсиз калтырбоо, иштеген ишинден брак чыгарбоо ж. б. Эмгек тартибин бузган адамдарды администрация тартиптик жоопкерчиликке тартат. Мындай жоопкерчиликке сөгүш жарыялоо, эмгек акысы төмөн ишке которуу жана иштен бошотуу кирет.

### Кайталоо үчүн суроолор

1. Кайсы жылы жана ким тарабынан Балдар укугунун декларациясы иштелип чыккан? Качан, кайсы декларациялар кабыл алынган?

2. Балдар Укугунун Конвенциясы качан, ким тарабынан кабыл алынган жана аны Кыргызстан качан ратификациялаган? Ал канча беренеден турат?
3. Конвенция менен Декларациянын айрымачылыктары.
4. Өзүңдүн негизги укуктарыңдан айтып бер.

## § 30. УКУК ТАРМАКТАРЫ

*Түшүнүктөр*:
- Конституциялык укук.
- Административдик укук.
- Үй бүлөө укугу.
- Жарандык укук.

*Тапшырма*:
- Укук тармактарын ким кандай түшүнөт?
- Адам укуктарын эмне үчүн укук тармактарына бөлөбүз?
- Конституциялык жана жарандык укуктардын бири-биринен болгон өзгөчөлүгү?

Укук коомдогу бардык мамилелерди б. а. жарандардын, мамлекеттик органдардын жана башкалардын өз ара мамилелерин жөнгө салып турат.

Ал мамилелер көп болгондуктан, алардын өзгөчөлүктөрү боюнча тартипке келтирилип укук тармактары түзүлөт.

**Укук тармактары** негизинен укук ченемдеринин өзгөчөлөнүп жыйналган тобу болуп эсептелет. Бул ченемдердин топтору, алар жөнгө салуучу коомдук мамилелердин жалпылыгына, окшоштугуна жараша түзүлөт.

**Укуктун төмөнкүдөй тармактары бар:**

Конституциялык же мамлекеттик укук, жарандык укук, шайлоо укугу, административдик укук, эмгек укугу, турак-жай укугу, үй-бүлө укугу, салык укугу, финансы укугу жана башка. Эми ушул укук тармактарынын айрымдарына топтолуп көрөлү.

### Конституциялык укук

Бул – тармак мамлекеттик жана коомдук мамилелерди аныктап, социалдык-экономикалык жана саясый түзүлүштөрүн, адам укугу менен эркиндиктерин, жарандардын укуктарын жана милдеттерин, мамлекеттик органдардын уюштурулушун аныктоочу негизги укук тармагы болуп эсептелет. Конституциялык укукту курап турган укуктук ченемдер –

Конституциялык укуктун ченемдери деп аталат. Анын милдети Конституциялык укуктун предметин курап турган коомдук мамилелерди жөнгө салууда турат. Конституциялык укуктук ченемдерди ишке ашыруунун натыйжасында Конституциялык укуктук мамилелер келип чыгат.

Ал мамилелер Конституциялык укуктун ченемдери менен жөнгө салынган коомдук мамилелер болуп эсептелет. Конституциялык (мамлекеттик) укуктун башкы булагы болуп Кыргыз Республикасынын конституциясы эсептелет. Конституция эң жогорку юридикалык күчкө ээ болгондуктан бардык мыйзамдар жана башка актылар, Конституциянын негизинде жана ага ылайык чыгарылат.

Ченемдик укуктук актылар Кыргыз Республикасында ар түрдүү органдары: Жогорку Кеңеш, Президент, өкмөт, жергиликтүү өзүн-өзү башкаруу органдары тарабынан чыгарылат.

**Жарандык укук**

Жарандык укук – бул жарандардын өз ара жана жарандар менен юридикалык жактардын ортосундагы мамилени жөнгө салган укук тармагы болуп эсептелет. Ошондой эле юридикалык жактардын өз ара мүлктүк жана мүлктүк эмес мамилелерин жөнгө салат.

Юридикалык жак деп менчигинде же башкаруусунда мүлкү бар жана өз милдеттенмелери үчүн ушул мүлкү менен жооп берген, башкалар менен келишим түзө алган уюмдарды айтабыз.

Жарандык укук жеке укуктардын ортосундагы мамилелерди аныктаган укуктар жана милдеттер жөнүндөгү илим. Жарандык укуктун булагы Рим укугунан башталат. «Жарандык укук» деген термин б. з. ч. V к. ортосунда (б. з. ч. 449-ж.) Байыркы Римде жаралган.

Жарандык укук бардык жарандык мамилелер үчүн маанилүү жоболорду, т. а. жарандык укук жана милдеттердин келип чыгышы аларды коргоо ар кандай чечимдердин түрлөрү, доо коюу мөөнөтү, өкүлчүлүк, ишеним кат, мөөнөт ж. б. жөнүндөгү жоболорду камтыйт.

Кыргыз Республикасынын жарандары Ата Мекенди коргоого, салык жана жыйым төлөөгө милдеттүү. Социалдык камсыздандырууга, эмгектенүүгө, эс алууга, билим алууга, ден-соолугун сактоого, шайлоого ж. б. укуктуу.

Жарандык укуктун негизги булагы болуп, Кыргыз Республикасынын Конституциясы жана Кыргыз Республикасынын

жарандык Кодекси эсептелет. Бул Кодексте жарандык укуктарды ишке ашыруунун шарттары белгиленген.

**Шайлоо укугу**

Шайлоо укугу жарандардын шайлануучу органдарды шайлоого жана өздөрү шайланууга болгон укуктарын жөнгө салуучу укук тармагы болуп эсептелет. Бул укук тармагы өзүнчө укук булактарына ээ. Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин мыйзам чыгаруу жыйыны тарабынан 1999-жылдын 29-апрелинде Кыргыз Республикасындагы Шайлоо жөнүндөгү кодекси кабыл алынган.

**Администрациялыкк укук**

Мамлекеттик башкаруу органдарын уюштурууда жана аларды аткаруу иш аракетинин жүрүшүндө келип чыгуучу коомдук мамилелерди жөнгө салат. Анын негизги булактарына Кыргыз Республикасынын Конституциясы жана мыйзамдары, Жогорку Кеңештин указдары кирет.

Администрациялык укуктун ченемдери аткаруу – тескөө, иштерин жүргүзгөн органдарды түзүүнүн, өзгөртүүнүн, жоюунун эрежелерин аныктайт. Ошол органдардын, аларда иштегендердин, ошондой эле жарандардын укуктарын жана милдеттерин белгилейт. Ал органдарга финансылоо, курулуш, айыл чарба, транспорт, байланыш, билим берүү, илим, маданият, саламаттыкты сактоо, социалдык камсыздандыруу жана башка кирет. Айтылган органдардын иштөө тартиби ушул администрациялык укук менен жөнгө салынат.

**Эмгек укугу**

Эмгек укугу – жумушчулар менен кызматчылардын ишкана, уюм, мекемелердеги ж. б. иш берүүчү жайлардагы эмгегин жөнгө салат. Эмгек укугу эмгектенүүгө байланыштуу жумушчулар менен кызматчылардын жана ишкана, мекеме, уюмдардын ж. б. иш берүүчүлөрдүн ортосунда болгон мамилелерди, эмгек талаптарын коргоо боюнча мамилелерди жөнгө салат. Эмгек укугунун булагы болуп Кыргыз Республикасынын Эмгек Кодекси эсептелет.

**Үй-бүлө укугу**

Бул укуктун ченемдери нике жана үй-бүлөгө байланыштуу келип чыгуучу өздүк жана мүлктүк мамилелерди жөнгө

салат. Үй-бүлө укугунун негизги ченемдүү документи болуп Кыргыз Республикасынын нике жана үй-бүлөө Кодекси эсептелет. Бул кодексте никелешүүнүн тартиби жана шарттары, жубайлардын укуктары, милдеттери ата-эне жана балдардын укук милдеттери ж. б. аныкталган.

### Салык укугу

Укуктун бул тармагынын мааниси өтө жогору. Анткени мурда бардык ишканалар мамлекеттин менчигинде болуп, алардан түшкөн кирешелер мамлекеттин бюджетин түзүүчү. Азыр болсо, ишканалар менчиктештирилип, алардан түшкөн кирешелер менчик ээлеринин колунда калат.

Мамлекеттик бюджет болсо, алардын төлөгөн салыктарынын негизинде түзүлөт. Мындан сырткары, салыктар айлык акыдан, жерди, сууну пайдалануудан түшкөн төлөмдөрдөн топтолот.

Алардан мамлекеттик органдарды, окуу жайларын, мектептерди, ооруканаларды күтүү үчүн, мугалимдерге, врачтарга айлык төлөө үчүн, кары-картаңдарга пенсия төлөө үчүн, студенттерге стипендия берүү үчүн каражат жумшалат.

Кыргызстанда салык мамилесин жөнгө салуу үчүн «Салык Кодекси» иштелип чыккан. Салык төлөөдөн баш тартуу, кылмыш катары каралып, жоопко тартылат.

### Жер укугу

Жер, суу, токой жана жердин ички кендери жалпы элге тиешелүү элдик байлык болуп эсептелет. Ошондуктан жерге, сууга, токойго жана кен байлыктарга болгон мамилелерди жөнгө салуу үчүн ар бири өзүнчө укуктун тармагы болуп бөлүнгөн.

Жер укугу жерге карата келип чыккан мамилелерди жөнгө салат. Кыргыз Республикасында жерге жеке менчик укугу белгиленген, ошондой эле жерди ижарага алууга, сатып алууга мүмкүн. Калктуу пункттарда үй салуу, ишкердик жүргүзүү үчүн, айыл жерлеринде дыйкан чарбасын жүргүзүү үчүн жерлер бөлүнүп берилет.

**Кыргыз Республикасындагы жерлер:**

1. Айыл чарба жерлери.
2. Калктуу конуштардын жерлери.
3. Өнөр жайга, транспортко, коргонуунун ж. б. тармактарына бөлүнүп берилген жерлер.

4. Жаратылышты коргоого, тарыхый, маданий тармактарга тиешелүү жерлер.

5. Токой фондусунун жерлери.

6. Суу фондусунун жерлери.

7. Сактоодогу жерлер.

8. Бул жерлер өзгөчөлүктөрү боюнча мыйзамдар аркылуу жөнгө салынат. Жер жөнүндөгү мыйзамдардын эң негизгиси Жер кодекси болуп эсептелет.

**Суу укугу**

Суу жөнүндөгү мыйзамдардын эң негизгиси болуп Кыргыз Республикасынын Суу кодекси саналат. Анда суу мамилелерин кандай органдар жөнгө салаары, сууну пайдалануу тартиби, сууну сактоо жана анын зыяндуу таасирин алдын алуу боюнча жоболор, суу тууралуу мыйзамдарды бузгандык үчүн жоопкерчиликтер каралган.

**Турак-жай укугу**

Укуктун бул тармагы жарандар менен мамлекеттин ведомстволордун турак-жай менен байланышкан мамилелерди Турак жай кодекси аркылуу жөнгө салынат. Турак-жайды мурдагыдай мамлекет тарабынан куруу сакталып калды. Ошондой эле үй куруу үчүн жер тилкелери берилет. Мурдагы турак-жайларды менчикке өткөрүп берүү жүргүзүлгөн. Азыр каалаган адам өз квартирасын башкага сатат же сатып алат. Мурда бир үйдү гана менчигинде ээлей алса, азыр андай чектөө жок.

**Кайталоо үчүн суроолор**

1. Укук тармактары жана алардын түрлөрү тууралуу эмнелерди билдиң?
2. Конституциялык жана жарандык укук тармактарынын өз ара байланыштары тууралуу айтып бер.
3. Эмгек укугунун мааниси жана максаты тууралуу ой бөлүшкүлө.
4. Салык укугунун мааниси жана ал эмне үчүн керек?
5. Балдардын эмгек укуктары бузулган учурлардан мисал келтир.

## § 31. МЫЙЗАМ ЖАНА УКУК КОРГОО ОРГАНДАРЫ

*Түшүнүктөр*:

- Мыйзам.
- Конституциялык мыйзам.
- Жөнөкөй мыйзам.
- Укук коргоо органдары.

***Тапшырма*:**

• Заң (мыйзам) алдында бардыгын бирдей баалайм,
Жөнү жок каралабайм же актабайм. *Ж. Баласагын.*

• КРда бардык адамдар мыйзам жана сот алдында бирдей (Конституция 16-берене).

Экөөнү салыштырып окуп, окшош жактарын белгиле.

Жусуп Баласагын мурдатан эле (XI к.) бардык адамдардын мыйзам алдында бирдей экендигин айтып кеткендигин далилдеп бер.

«Мыйзам буйлаланган төө, каякка бурсаң кете берет». Элдик макал.

Мыйзам тууралуу айтылган бул макалдын азыркы учурга канчалык дал келээрин салыштырып далилдеп бер.

**Мыйзам** – бул мамлекеттик жана коомдук турмуштагы эң маанилүү маселелерди жөнгө салуучу укуктук акт. Ошондой эле, мамлекет белгилеген жалпыга милдеттүү жүрүштуруш ченемдери болуп эсептелет.

**Мыйзам эки мааниде айтылат:**

1. Кеңири мааниде алганда, бардык ченемдик укуктук актылар жана мамлекет белгилеген жалпыга милдеттүү бардык эрежелер мыйзам болуп эсептелет.

2. Укуктук мааниде болсо, мамлекеттик бийликтин жогорку өкүлчүлүк органы Жогорку Кеңеш тарабынан же жалпы референдумда кабыл алынып, өтө маанилүү коомдук мамилелерди жөнгө салуучу ченемдик актылар, буйруктар, токтомдор айтылат.

Мыйзам мааниси боюнча **конституциялык** жана **жөнөкөй** болуп бөлүнөт.

**Конституциялык мыйзам** – бул конституциядан жана конституцияга өзгөртүү киргизүү үчүн кабыл алынган мыйзамдардан турат. Коомдук жана мамлекеттик түзүлүштүн негиздерин мыйзам түрүндө бекемдейт.

**Жөнөкөй мыйзамдарга** кодекстештирилген жана учурдагы мыйзамдар кирет, мыйзамды ар бир өлкөдө ар түрдүүчө чыгарышат. Бирок жалпыга бирдей тиешелүү кээ бир белгилери бар.

Мисалы, мыйзам чыгаруу демилгесин көтөрүү, мыйзам долбоорун парламенттик комитеттерде талкуулоо, мыйзамды кабыл алуу жана жарыялоо.

**Укук коргоо органдары**

Белгиленген укук тартибин бузган адамдарга карата, мамлекеттик мажбурлоо чараларын колдонуу аркылуу, калктын таламдарын ар кандай кол салуулардан коргоочу органдар укук коргоо органдары деп аталат. Аларга: прокуратура, милиция, улуттук коопсуздук органдары, финансы полициясы кирет.

**Прокуратура**

Прокурор (лат. – *кам көрүү*) КРнын прокуратура системасындагы прокурордун көзөмөлдөө жана кылмыш иштеринин айрымдарына тергөө жүргүзүүчү, сот өндүрүшүндө мамлекеттик айыптоону ишке ашыруучу кызмат адамы.

Прокуратура органдарында юридикалык жогорку билими бар, керектүү адистик жана моралдык сапаттарга ээ, ден соолугу жагынан ишке жарактуу жараны прокурор жана тергөөчү боло алышат.

Прокуратура төмөнкүдөй иштерди аткарат:

1. Аткаруу бийлигинин органдары, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары, алардын кызмат адамдары тарабынан мыйзамдардын так сакталышын көзөмөлдөө;

2. Изин суутпай издөөнү, баштапкы тергөөнү жүзөгө ашыруучу органдар тарабынан мыйзамдардын сакталышын көзөмөлдөө;

3. Жазык иштери боюнча соттун чечимдерин аткарууда, ошондой эле жарандардын жеке эркиндигин чектөөгө байланышкан мажбурлоо мүнөзүндөгү чараларды колдонууда мыйзамдардын сакталышын көзөмөлдөө;

4. Мыйзамда белгиленген учурларда сотто жарандын же мамлекеттин кызыкчылыктарына өкүлчүлүк кылуу;

5. Сотто мамлекеттик айыптоону ишке ашыруу;

6. Мамлекеттик органдардын кызмат адамдарына карата жазык куугунтуктоо.

Башкы прокурорду Жогорку Кеңештин макулдугу менен Президент дайындайт. Башкы прокурордун сунушу боюнча Президент анын орун басарларын дайындайт жана аларды кызматтан бошотот.

Райондордун, шаарлардын прокурорлорун жана прокуратуранын жооптуу кызматкерлерин башкы прокурор дайындайт. Прокуратура органдары жергиликтүү бийликтерге көз каранды эмес.

Прокуратура кызматкерлеринин төмөнкүлөргө укугу жок, алар: педагогикалык, илимий иштерде иштөөгө, жеке ишмердик жүргүзүүгө, иш таштоого, саясый партиялардын ишине катышууга ж. б.

**Милиция органдары.** Милиция Кыргыз Республикасынын Ички иштер министрлиги жетекчилик кылган ички иштер органдарынын курамына кирет. Милициянын атайын бөлүмдөрү бар. Мисалы, кылмыш издөө, экономикалык кылмыштарга каршы күрөшүү, тергөө, коомдук тартипти сактоо. Мамлекеттик автомобиль инспекциясы (МАИ) ж. б. Милициянын райондук бөлүмүндө жашы жетпеген өспүрүмдөрдүн иштери боюнча инспекциялар иштейт. Милиция кызматкерлеринин милдеттери көп. Мисалы, коомдук тартипти сактоо, мыйзамдын ар кандай бузулушууна жол бербөө, мыйзамдын талаптарын так аткаруу.

**Улуттук коопсуздук комитет**

Бул органдар мамлекеттин коопсуздугун чет өлкөлөрдүн чалгындоочуларынан жана өлкөнүн ичиндеги мамлекеттин негизине зыянын тийгизе турган кылмыштардан сакташат.

**Финансы полициясы** – салык өндүрүү боюнча салык инспекциясына жардам көрсөтөт. Бул мамлекеттин бийлик органдарын, укук коргоо органдарын, куралдуу күчтөрдү, саламаттыкты сактоо, билим берүү социалдык камсыз кылуу мекемелерин мамлекеттик бюджеттин эсебинен каржылоону камсыз кылат. Мамлекетибиз социалисттик системада жашап турган кезинде, мамлекеттик жана коомдук ишканаларга жана чарбаларга гана ишмердикти жүргүзүүгө уруксат берилген. Алар жаап-жашырбастан салыкты мамлекетке төлөп турушкан.

### Кайталоо үчүн суроолор

1. Мыйзамдын максаттары жана мааниси.
2. Мыйзамдын түрлөрү жана алардын мааниси.
3. Кандай укук коргоо органдарын билесиң жана алар кандай иштерди аткарат?
4. Милиция органдарынын бөлүмдөрү жана алардын милдеттери.
5. Финансы полициясынын элдин турмушунда жана экономиканын өнүгүшүндө ээлеген орду, кошкон салымы тууралуу айтып бер.

## 32. АКЫЙКАТЧЫ (ОМБУДСМЕН)

*Түшүнүктөр*:
- Акыйкатчынын аталыштары.
- Акыйкатчынын иштери жана укуктары.
- Кыргызстандагы акыйкатчы.
- Акыйкатчыга ким кайрылат?

*Негизги даталар*:

1809-ж. Швецияда администрациянын мыйзамдарды колдонуусун текшерген.

1992-ж. Венада акыйкатчылардын Дүйнөлүк конференциясы болуп өткөн.

*Тапшырма*:

- Акыйкатчыны ким кандай түшүнөт жана ага кимдер эмне үчүн кайрылышат? (Турмуштан жана ММКлардан мисал келтир.)
- Кыргызстандагы акыйкатчынын иш-аракеттерине баа бер.

### 1. Акыйкатчы – адам укугун коргоонун институту

Дүйнөдө ар кандай деңгээлде адам укуктары бузулбаган бир дагы өлкө жок. Бирок ар бир мамлекет өзүнүн конституциялык түзүлүшүнө карабай өз жарандарынын укуктарын сактоонун камын көрүүдө. Ал эми мамлекеттик бийлик органдары өздөрү ошол укуктарды бузушса кандай кылыш керек? Мындай учурда расмий укуктары бар ортомчу керек. Ал акыйкатчы же акыйкатчы институту кирет.

Омбудсмен швед тилинен которгондо кызмат Адамы, укук коргоочу дегенди билдирет. Биринчи жолу ал 1809-жылы Швецияда, админстрациянын мыйзамдарды жана мыйзам актыларын колдонуусун текшерүү үчүн пайда болгон.

1992-жылы Венада 55 мамлекеттин өкүлдөрү катышкан Акыйкатчылардын дүйнөлүк конференциясы болуп өткөн. Акыйкатчы ар кандай өлкөдө ар башкача аталат. Маселен, Россияда Адам укугу боюнча өкүл (уполномочен), Польшада атуулдардын укугун коргоо боюнча комиссар, Австрия жана Грузияда «элдик коргоочу» деп аталат. Ошондой болсо да, дүйнөлүк коомчулукта Адам укуктарынын жана эркиндиктеринин бузулушунан коргоочу адамды «Акыйкатчы»

(омбудсмен) деп аташат. Акыйкатчы институту бир нече принциптерден түзүлөт:

- Карап жаткан арыздары боюнча акыйкатчы башка мамлекеттик органдарга көз каранды болбойт.
- Атуулдар үчүн кайрылууга жеңил болуш керек.
- Мыйзам түрүндө бекитилген кеңири укуктарга ээ.

### 2. Кыргыз Республикасынын акыйкатчысы

Кыргызстанда акыйкатчынын укуктук абалы (статусу) акыйкатчы жөнүндө мыйзам менен аныкталган. Акыйкатчыга талапкерликке мурда сот жообуна тартылбаган же соттолгондугу алынып ташталган атуул көрсөтүлөт.

Акыйкатчыга Президенттин, депутаттык бирикмелердин, жети адамдан кем эмес топтордун, саясый партиялардын жана коомдук бирикмелердин көргөзгөн талапкерлеринин бири парламент тарабынан шайлана алат. Шайлоодо жеңип чыккан талапкер парламенттик жыйында ант бергенден кийин акыйкатчынын ордун ээлейт. Ал беш жылга шайланат жана дагы бир мөөнөткө шайланса болот.

### Акыйкатчынын аткарган иши

Акыйкатчы мыйзамга ылайык төмөнкүдөй иштерди аткарат:

- Акыйкатчы адам укуктарынын мамлекеттик кызмат адамдары тарабынан бузулушун изилдейт.
- Атайын Адам укугун коргоого багытталган уюм.
- Ал эч качан сот бийлигинин ордун алууга, сот системасына кийлигишүүгө аракеттенбейт. Мамлекеттик бийлик органдары, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жана кызмат адамдары тарабынан адам укуктарынын бузулушун көзөмөлдөйт.
- Акыйкатчы Адам укуктарынын жана эркиндиктеринин бузулушу жөнүндө арыздарды карайт. Ошондой эле өз демилгеси менен укук бузуу фактыларынын бетин ачып, ар бир факты боюнча иликтөө иштерин жүргүзөт. Алардын жыйынтыктары боюнча мамлекеттик бийликтен кызмат адамдарынан кемчиликтердин жоюлушун талап кылат.
- Акыйкатчы жылына бир жолу Адам укуктарынын жана эркиндиктеринин сакталышынын абалы жөнүндө парламенттин астына доклад менен чыгып сүйлөйт. Ошон-

дой эле, Адам укуктарын коргоо жөнүндө мыйзамдарды өнүктүрүү боюнча сунуш киргизе алат.

• Акыйкатчы өз милдетин тез жана натыйжалуу аткарыш үчүн бардык документтерди эч кандай тоскоолсуз пайдаланат жана керек болгон учурда президентке, өкмөт мүчөлөрүнө, башкы прокурорго, соттордун төрагаларына кайрыла алат.

**Акыйкатчынын укуктары:**

• Парламенттин, өкмөттүн, Конституциялык соттун, соттордун жыйындарына, бардык деңгээлдеги кеңештерге, прокуратуранын коллегияларына жана башкаларга катыша алат.

• Конституциянын жана мыйзамдардын жоболорунун түшүндүрмөлөрүн Парламенттен сурап, кайрыла алат.

• Жапа чеккен адам маанилүү себептер менен өз алдынча сотко кайрыла албаган учурда, анын ордуна адам укуктарын коргоо жөнүндө сотко арыз менен кайрылат.

• Жарандык жазалоо иштери жана административдик укук бузуу иштери менен тааныша алат.

• Акыйкатчы кол тийбестик укукка ээ.

**Акыйкатчыга ким кайрыла алат?**

Акыйкатчыга Кыргыз Республикасынын гана жарандары эмес, туруктуу жашаган орду болбосо дагы улутуна, жаш курагына, саясый диндик ишмердигине карабай бардык адамдар кайрыла алат. Кээ бир учурда, укугу бузулган адамдын атынан анын өкүлү дагы акыйкатчыга кайрылса болот. Акыйкатчыга жеке адамдар гана эмес ар кандай уюмдар дагы кайрыла алат. Жогорку Кеңеш менен мамлекеттик эмес уюмдар да укуктарынын жана эркиндиктеринин бузулушу жөнүндө Акыйкатчыга билдире алат.

### Кайталоо үчүн суроолор

1. Акыйкатчы түшүнүгү жана ал качан, кайсы жакта пайда болгон?
2. Акыйкатчы кайсы өлкөлөрдө кандайча аталат?
3. Акыйкатчы институту кайсы принциптерден түзүлгөн?
4. Кыргызстанда омбудсменге кимдер жана кандай шартта шайлана алат?
5. Акыйкатчынын негизги аткарган иштеринен мисал келтир.
6. Акыйкатчынын кандай укуктарын билесиң?
7. Акыйкатчыга кимдер, кайсы учурда кайрыла алат?

## § 33. КОНФЛИКТ ЖАНА ТОЛЕРАНТТУУЛУК

*Түшүнүктөр*:

- Конфликттин түрлөрү.
- Конфликттин белгилери.
- Конфликттин мүнөзү.
- Консенсус.
- Толеранттуулук.

*Тапшырма*:

- Конфликт жана ал кандайча келип чыгат?
- Толеранттуулук дегенди кандай түшүнөсүң? Турмуштук тажрыйбадан мисал келтир.
- Эмне үчүн толеранттуу болушубуз керек?
- Толеранттуулуктун конфликти чечүүдөгү ролу тууралуу ой жүгүртүп, айтып бер (эл арасында жана эл аралык мамиледе).

**Конфликттин мүнөзү.**

Конфликт – деп кайсы бир маселе боюнча айрым адамдардын, топтордун, өлкөлөрдүн ортосунда пикир келишпестиктен, чыр-чатак талаш тартыш, мушташ согуш пайда болгон кырдаалды түшүнөбүз. Конфликт – бул карама-каршылыктардын курчуп кетиши жана аларды чечүү процессине катышкан эки же андан көп катышуучулардын кагылышуусу (латын сөзүнөн).

**Конфликттердин түрлөрү жана келип чыгышы.**

- Инсандын ички конфликти

Мында адамдын жекече керектөөлөрү жана баалуулуктары коомдук талаптарга туура келбей калганда пайда болушу мүмкүн.

- Инсандардын ортосундагы конфликттер

Бул эки инсандын ортосундагы кагылышуу түрүндө болот.

- Инсан менен топтун ортосундагы конфликт

Мында конфликт инсан топтун позициясына туура келбеген позицияны ээлегенде пайда болот.

- Топтордун ортосундагы конфликт

Буга мисал катары профсоюз менен ишкана администрациясынын ортосундагы конфликтти айтса болот.

- Мамлекеттер аралык конфликттер

Ар бир кичинекей конфликт, кээде глобалдуу масштабдагы мамлекеттер аралык конфликттерге айланышы мүмкүн.

**Конфликттердин айрым белгилери**

• Конфликт – бардык коомдордо күн сайын боло турган табигый процесс. Бул процесс ага катышкандарга оң дагы, терс дагы натыйжаларды алып келиши мүмкүн.

• Конфликт көбүнчө бийликти, идеяларды жана ресурстарды (каражат, байлык ж. б.) бөлүштүрүүдөгү пикир келишпестиктен келип чыгат. Ал балдардын мушташынан согушка чейинки түрдүү формаларга ээ болот.

• Конфликт дароо эле канааттандыраарлык түрдө чечилбей калышы да мүмкүн. Бирок бул конфликтти чечүүнүн жолу жок дегенди билдирбейт.

• Конфликт дайым эле түшүнбөгөндүктөн келип чыкпайт. Тил табышуу көндүмүнүн жоктугунан да келип чыгат.

• Конфликт дайыма эле ачык боло бербейт, ал башкаларга билинбей жүрө берет.

• Куралчан конфликтти башынан өткөргөн коом, конфликттен качуу жолун тандайт. Бирок конфликттен кача берүү жамандыкка алып келиши мүмкүн. Себеби конфликтти ачык айтып жөнгө салбаса, проблемалар күчөп кетет да, кээ бирөөлөр мындай кырдаалдардан күч колдонуу жолу менен гана чыгууга болот деп ойлошот.

**Конфликтти жөнгө салуу**

Конфликттин бар экендигин жана ага катышкандардын кызыкчылыктарын моюнга алуу, аны тынч жол менен чечүүгө жасалган маанилүү аракет болуп эсептелет.

Чоң, кичине дебей ар кандай конфликт оңой эле жөнгө салына койбойт. Анткени бул үчүн кимдир бирөө ушуга чейин пайдаланып келген артыкчылык абалынан баш тартуусу керек.

Биз күн сайын катышып жүргөн экономикалык конкуренция (атаандаштык) же демократиялык коомдогу шайлоо сыяктуу мелдештер конфликтти жөнгө салуу ыкмаларынан болуп саналат. Анткени жеңүүчүлөр жарыяланганда конфликттин азайышына шарт түзүлөт.

Конфликтти консенсуска (макулдашууга) жетишүү аркылуу жөнгө салууга да болот. Мында адамдар ага катышкан тараптардын баары макул болгудай чечим табылганча маселени талкуулай беришет. Кээде бөлөк бир калыс адам кырдаалды талдап көрүп анан өз чечимин таңууласа конфликт жакшы чечилет.

**Ортомчу жана анын милдети.**

Конфликтти жөнгө салуу үчүн кээде ортомчунун кийлигишүүсү талап кылынат. Бирок конфликтти кайра чыкпагыдай кылып тынч жол менен чечүү үчүн, эки тарап тең кандай гана чечим кабыл алынбасын, адамдардын укуктары менен беделин сактап калууга тийиш.

Ортомчу бул чатакташкан тараптардын бардыгы тең ишенген, алардын эч бирине жан тартпай калыстык кылуучу киши.

Арачы адегенде араздашкандардын дооматтарын аргументтерин (жүйөлөрүн, ойлорун) угуп, алар эмнени көздөп жатканын, кайсы маселелер боюнча макул же макул эместигин аныктоого тийиш. Ортомчунун милдети каршылаштардын кимиси күнөлүү, кимиси ак экендигин айтуу эмес. Ортомчу эки тараптын ар бирине өзүнчө жана чогуу жолугуп конфликтти чечүүгө аракеттенет.

**Толеранттуулук**

Толеранттуулук (сабырдуулук) бул өзүндүкүнө окшобогон башка бирөөнүн оюн, мүнөзүн, жүрүш-турушун сыйлоо жана аны кабыл алуу дегенди билдирет. Толеранттуулук бир же эки тараптан бири-бирин сыйлоо аркылуу маселен чечүүнү талап кылат.

Толеранттуулук – бул кээ бир конфликтти өз учурунда аныктап, анын алдын алуу жана аны чыр-чатаксыз чечүү. Окуучуларга конфликтти аныктап жана анын себептерин билдирүү, аны тынчтык жолу менен чечүү, толеранттуулукка жана конфликттен чыгууга үйрөтүүнүн негизги кадамы болуп эсептелет. Бирок толеранттуу болуу бул башка бирөөнү сыйлоо же урматтоо жана элпектик менен мамиле кылуу деп түшүнбөө керек.

Толеранттуу болуу – бул башка адамдардын жүрүм-турумуна же идеяларына карата конструктивдүү позицияда туруу (көз караштa болуу, мамиле жасоо, аракеттенүү). Бул бир кыйла кыйынчылыктарды пайда кылышы мүмкүн. Анткени башка адамдар менен өзүбүздүн идеяларды туура же туура эмес деп табууда, ар кандай карама-каршылыктар пайда болот. Бул толеранттуу, конструктивдүү мамиле, өзүбүздүкүнөн айырмаланган укуктар менен көз караштарды, үрп-адаттар менен жүрүм-турум формаларын сыйлоого алып келет.

Толеранттуулукка мисалдар:

а) Жакшы отургучту ээлөө үчүн эки окуучу аракет кылат. Ал үчүн экөө урушканга чейин барышат. Акыры башка балдардын бири жакшы отургучка кезектешип отургула деп сунуш кылат. Эки окуучу тең буга макул болот. Демек, экөө тең ынтымакка келип, сабырдуулукка барышты.

б) Эгерде үйгө келген конок даярдалган тамакты жегенден баш тартса, үй ээси коноктун айтканына макул болсо, ага толеранттуулукту көрсөтөт.

в) Сен туулган күндөн таңкы саат 5те келдиң. Ата-энең буга тынчсызданып түнү менен уктабай чыгышканын айтышты жана мындан кийин мындай ишке барбоону сураныштьі. Сен дагы аларды туура түшүнүп кечирим сурасаң, эки тарап тең толеранттуулукту көргөзгөн болосуңар.

**Кайталоо үчүн суроолор**

1. Конфликт жана анын түрлөрү.
2. Конфликт эмне үчүн, кантип пайда болот?
3. Конфликтти кантип жөнгө салса болот?
4. Толерантуулук жөнүндө эмне билдиң?
5. Толеранттуулук адамга эмне үчүн керек?
6. Ар кандай деңгээлдеги конфликттерге мисал келтир жана аларды кантип жөнгө салса болоор эле?
7. Толеранттуулукка мисалдарды дагы улантып көр.

## ТИРКЕМЕЛЕР

*1-тиркеме*

## АДАМ УКУКТАРЫ БОЮНЧА ЭЛ АРАЛЫК ДОКУМЕНТТЕР

БУУ түзүлгөндөн бери ал адам укуктары тармагында 100дөн ашуун эл аралык документтерди кабыл алган. Алардын негизгилери төмөндөгү таблицада келтирилген.

### Эл аралык документтер

| Кабыл алынган датасы | Документ | Түшүндүрмө |
|---|---|---|
| 1948-ж. 10-декабрь | Адам укуктарынын жалпы декларациясы | КР кол койгон |
| 1951-ж. 28-июль | Качкындар статусу жөнүндөгү конвенция | КР 1996-ж. 6-июлда ратификациялаган |
| 1959-ж. 20-ноябрь | Бала укуктарынын декларациясы | КР кол койгон |
| 1965-ж. 21-декабрь | Расалык дискриминациянын бардык формаларын жоюу жөнүндө конвенция | КР 1996-ж. 26-июлда ратификациялаган |
| 1966-ж. 16-декабрь | Жарандык жана саясый укуктар жөнүндө эл аралык пакт | КР 1994-ж. 12-январда ратификациялаган |
| 1966-ж. 16-декабрь | Жарандык жана саясый укуктар жөнүндө эл аралык пактыга карата факультативдүү протокол | КР 1994-ж. 12-январда ратификациялаган |
| 1966-ж. 16-декабрь | Качкындар статусуна тиешелүү протокол | КР 1996-ж. 6-июлда ратификациялаган |
| 1979-ж. 18-декабрь | Аялдарды дискриминациялоонун бардык формаларын жоюу жөнүндө конвенция | КР 1997-ж. 10-февралда ратификациялаган |

| Кабыл алынган датасы | Документ | Түшүндүрмө |
|---|---|---|
| 1984-ж. 10-декабрь | Кыйноо жана башка ташбоор, адамгерчиликсиз же кадыр-баркты кемсинтүүчү мамилелердин жана жазалардын түрлөрүнө каршы конвенция | КР 1996-ж. 26-июлда ратификациялаган |
| 1989-ж. 20-ноябрь | Бала укуктары жөнүндө конвенция | КР 1994-ж. 12-июлда ратификациялаган |
| 1989-ж. 15-декабрь | Жарандык жана саясый укуктар жөнүндө эл аралык пактыга кошумча, өлүм жазасына тыюу салууга багытталган экинчи факультативдүү протокол | КР кол койгон |
| 1995-ж. | КМШнын адам укуктары жана негизги эркиндиктери жөнүндө конвенциясы | КР кол койгон |
| | КМШнын башчыларынын адам укуктары жана негизги эркиндиктери жаатында. Эл аралык милдеттенмелери тууралуу декларациясы | КР кол койгон |

## АДАМ УКУКТАРЫНЫН ЖАЛПЫ ДЕКЛАРАЦИЯСЫ

*1-берене*: Тендик укугу.

*2-берене*: Дискриминациядан эркин болуу.

*3-берене*: Ар бир адам жашоого, эркиндикке жана жеке кол тийбестикке укуктуу.

*4-берене*: Кулчулуктан эркин болуу.

*5-берене*: Кыйноодон жана ар-намысты басмырлоочу мамиледен эркин болуу.

*6-берене*: Укук субъектиси катары таанылуу укугу.

*7-берене*: Мыйзам алдындагы теңдик укугу.

*8-берене*: Компотенттүү соттор аркылуу укуктарын натыйжалуу түрдө калыбына келтирүү укугу.

*9-берене*: Эч ким ээнбаштык менен камакка алынууга, кармалууга же куугунтукталууга тийиш эмес.

*10-берене*: Ачык жана адилет сотто териштирүү укугу.

*11-берене*: Мыйзамдуу тартипте белгиленгенге чейин күнөөсүз деп эсептелүү укугу.

*12-берене*: Эч ким анын жеке жана үй-бүлөлүк турмушуна ээнбаштык менен кийлигишүүгө, анын турак-жайына, жана кат-кабарларынын купуялыгына же анын абийирине жана беделине ээнбаштык менен кол салууга кабылууга тийиш эмес.

*13-берене*: Ар бир адам ар кандай өлкөдөн, анын ичинде өз өлкөсүнөн чыгып кетүүгө жана өз өлкөсүнө кайтып кетүүгө укуктуу.

*14-берене*: Ар бир адам куугунтуктоодон башка өлкөлөрдөн башбаанектен пайдаланууга укуктуу.

*15-берене*: Жарандуулукка ээ болуу жана аны өзгөртүү укугу.

*16-берене*: Никеге туруу жана үй-бүлө күтүү укугу.

*17-берене*: Мүлккө ээлик кылуу укугу.

*18-берене*: Ой-жүгүртүү, адеп-ахлак жана маалымат алуу укугу.

*19-берене*: Эркин ой-пикирде болуу жана маалымат алуу укугу.

*20-берене*: Тынч жыйындырга жана ассоциацияларга катышуу укугу.

*21-берене:* Өз өлкөсүн башкарууга жана эркин шайлоого катышуу укугу.

*22-берене*: Социалдык камсыздануу укугу.

*23-берене*: Эмгектенүү, ишти эркин тандап алуу, кесиптик биримдиктерге кирүү укугу.

*24-берене*: Бош убакытка жана эс алууга укуктуулук.

*25-берене*: Татыктуу турмуш деңгээлине укуктуулук.

*26-берене:* Билим алуу укугу.

*27-берене:* Коомдун маданий турмушуна катышуу укугу.

*28-берене*: Ар бир адам ушул декларацияда баяндалган укуктары менен эркиндиктери толук ишке ашырыла турган социалдык жана эл аралык тартипке укуктуу.

*29-берене*: Адам инсаны коомдо гана эркин жана толук өсүп-өнүгүшү мүмкүн, андыктан ар бир адамдын коом алдына милдеттери бар.

*30-берене*: Жогоруда баяндалган укуктар менен эркиндиктерди жүзөгө ашырууда мамлекеттин же айрым адамдардын кийлигишүүсүнөн эркин болуу.

## БАЛДАРДЫН УКУКТАРЫ ЖӨНҮНДӨ КОНВЕНЦИЯ

*1-берене*: Эгерде сен 18 жашка чыга элек болсоң, анда сен өспүрүм болуп эсептелесиң.

*2-берене*: Сен дискриминациядан сактанууга укугуң бар. Бардык балдар бирдей укукка ээ.

*3-берене*: Сен чоң кишилер тарабынан корголууга жана алардын камкордугун көрүүгө укуктуусуң.

*4-берене*: Сенин укуктарың сакталышы керек.

*5-берене*: Өзүңдүн зээндүүлүгүңдү өстүрүүгө укуктуусуң.

*6-берене*: Сен жашоого жана ден-соолукта өнүгүүгө укугуң бар.

*7-берене*: Сен ысым алууга жана граждандуулука укугуң бар.

*8-берене*: Сен өзүңдүн индивидуалдуулугуңду сактоого укугуң бар.

*9-берене*: Эгерде ата-энең ажырашып кеткен болсо, сен алардын кимиси менен жашагың келээри эске алынышы керек. Сен экөө менен тең катташууга укуктуусуң.

*10-берене*: Ата-энең кайсы гана өлкөдө болбосун, сен алар менен жашоого укуктуусуң.

*11-берене*: Сени алып качууга эч кимдин укугу жок.

*12-берене*: Сен ой-пикириңдин эркин болушуна укуктуусуң.

*13-берене*: Сен маалымат алууга жана аны берүүгө укуктуусуң.

*14-берене*: Сен ойлоруңдун жана дининдин эркин болушуна укуктуусуң.

*15-берене*: Сен тынч чогулуштурдын эркиндигине укуктуусуң.

*16-берене*: Сен жекече өз алдынча жашоого укуктуусуң.

*17-берене*: Сен маалыматтарга кирүүгө укуктуусуң, чоң кишилер аны силер түшүнгөндөй кылып бериши керек.

*18-берене*: Ата-энең сенин тарбия алышыңа жана өсүшүңө жооптуу.

*19-берене*: Сен зордуктоодон жана жаман мамиле кылуудан коргонууга укугуң бар.

*20-берене*: Эгерде сенин ата-энең жок болсо, анда сен мамлекет тарабынан өзгөчө корголууга укуктуусуң.

*21-берене*: Сен уул болуп асырап алынууга укуктуусуң.

*22-берене*: Качып келген (беженец) балдар үчүн укуктар.

*23-берене*: Инвалид балдар үчүн укуктар. Алар өзгөчө жардамга жана корголууга укуктуу.

*24-берене*: Сен эң жакшы медициналык кароого укуктуусуң.

*25-берене*: Сен багууну жана тарбиялоону карап чыгууга жана аны баалоого укуктуусуң.

*26-берене*: Сен социалдык жактан камсыз болууга укуктуусуң.

*27-берене*: Сен татыктуу жашоого укугуң бар.

*28-берене*: Сен билим алууга укуктуусуң. Башталгыч билимдериң бекер болушу керек.

*29-берене*: Билим алуу сенин зээндүүлүгүңдүн өсүшүнө, талантыңдын өркүндөшүнө, укуктарды, ата-энеңди сыйлоого, бизди курчап турган жаратылышты коргоону үйрөтүүгө жардам бериши керек.

*30-берене*: Азчылык балдар үчүн укуктар. Кандай гана өлкө болбосун, сен өзүңдүн маданиятыңды, диниңди тутуп, өз эне тилиңди колдонууга укуктуусуң.

*31-берене*: Сен эс алууга, ойноого жана чыгармачыл иштер менен иштөөгө укуктуусуң.

*32-берене*: Сен эксплуатациядан коргонууга укуктуусуң. Өзүңдүн ден соолугуңа зыян келтирип, окууңа тоскоол болгон жумуштарды аткарбашың керек.

*33-берене*: Сен баңги заттардан коргонууга укуктуусуң.

*34-берене*: Сен сексуалдык кыйноолордон коргонууга укуктуусуң.

*35-берене*: Чоң кишилер балдарды уурдап кетүүлөрдөн жана алар менен соода ишин жүргүзүүдөн сакташы керек.

*36-берене*: Сен эксплуатациянын бардык түрлөрүнөн корголууга укуктуусуң.

*37-берене*: Сен кыйноолордон жана мыйзамсыз түрдө камалуудан коргонууга, ошондой эле өзүңдүн укуктарың жөнүндө маалымат алууга укугуң бар.

*38-берене*: Согуш чыкса же куралдуу конфликттер болсо, анда сен алардан корголууга укуктуусуң.

*39-берене*: Эгерде сен кыйноолордун, жаман мамиле жасоонун, согуштун, кемсинткендиктин зордук-зомбулугуна учурап калсаң, реабилитация жолу менен кайра кадимки жашоого кайтуу жардамын көрүүгө укуктуусуң.

*40-берене*: Балдар жана укук коргоо органдары. Эч ким сени адилетсиздик түрдө мыйзамды бузду деп жалаа жаппашы керек. Сенин күнөөң мыйзам тарабынан далилденмейинче, күнөөсүз болуп эсептелинесиң. Эмне себептен сени күнөөлөп жатканын билүүгө жана укуктук жардам алып коргонууга укуктуусуң. Эч ким сени күбө катары түшүндүрмө берүүгө мажбурлабашы керек. Эгер сен мыйзамды бузган болсоң, анда сени ондоого жардам бериши керек.

*41-берене*: Сен эң жакшы коргонууга укуктуусуң.

*42-берене*: Сен өзүңдүн укуктарыңды билүүгө укугуң бар. Чоң кишилер да аларды билиши керек.

*43–54-беренелер*: Мамлекет менен чоңдор сенин укугуңдун сакталуусун кантип камсыз кылышат? Мамлекет өзүнүн өлкөсүндө балдар укугу кандайча сакталып жаткандыгын ООНдун ичинде атайы түзүлгөн комитетке доклад беришет.

*Өзүңдүн укугуңду сактоону үйрөн,*
*бирок башкалардыкы да бар экендигин унутпа*!

# ДҮЙНӨДӨГҮ АЙРЫМ ӨЛКӨЛӨРДҮН КОНСТИТУЦИЯСЫ

## Америка Кошмо Штаттарынын Конституциясы

(*Кыскартып алынды*)

Биз, Кошмо Штаттардын эли, кыйла өркүндөтүлгөн Союз түзүү, сот адилеттүүлүгүн орнотуу, ички тынчтыкты камсыздоо, биргелешкен коргонууну уюштуруу, жалпы жыргалчылыкта көмөктөшүү жана бизге, биздин урпактарыбызга эркиндикти камсыздоо максатында Америка Кошмо Штаттары үчүн ушул Конституцияны негиздеп, кабыл алабыз.

*I берене*

**1-бөлүм.** Мыйзам чыгаруу бийлигинин бул жерде бекитилген ыйгарымдары Кошмо Штаттардын Сенаттан жана өкүлдөр палатасынан турган Конгрессине таандык.

**2-бөлүм.** Өкүлдөр палатасы ар бир штаттан эл эки жылда бир жолу шайлап туруучу мүчөлөрдөн турат; мында ар бир штаттын шайлоочулары штаттын Мыйзам чыгаруу жыйынын эң көп сандуу палатасынын шайлоочулары үчүн бекитилген талаптарга жооп бериши керек.

Жыйырма беш жашка толо элек болсо же 7 жыл бою Кошмо Штаттардын жараны болбосо жана өзү көрсөтүлүп жаткан учурда ошол штаттын тургуну болбосо, адам өкүл болуп шайлана албайт.

**3-бөлүм.** Кошмо Штаттардын Сенатынын курамына ар бир штаттан экиден сенатор келет, алар тийиштүү штаттардын мыйзам чыгаруу жыйындары тарабынан 6 жылга шайланат. Ар бир сенатор бирден добушка ээ.

30 жашка толо элек, 9 жыл бою Кошмо Штаттардын жараны болбогон жана шайлоо учурунда өзү көрсөтүлүп жаткан штаттын тургуну болбогон адам сенатор боло албайт.

*II берене*

**1-бөлүм.** Аткаруу бийлиги Америка Кошмо Штаттарынын Президентине таандык. Ал өз кызматын төрт жылдык мөөнөткө ээлейт. Кошмо Штаттарда анык туулган жаран менен ушу Конституция кабыл алынган учурдагы жарандан башка бир дагы адам Президенттикке шайлана албайт; ошондой

эле бул кызматка 35 жашка чыга элек жана Кошмо Штаттарда он төрт жыл жашабаган адам да шайлана албайт.

**2-бөлүм.** Президент Кошмо Штаттардын армиясынын жана флотунун башкы командачысы болуп саналат.

**3-бөлүм.** Президент Конгресске маал-маалы менен Союздагы абал тууралуу маалымат берип, анын кароосуна өзү зарыл жана максатка ылайыктуу деп эсептеген чаралардын сунуштайт. Ал өзгөчө кырдаалдарда 2 палатаны тең же алардын ичинен өзү каалаганын чогулта алат.

***III берене***

**1-бөлүм.** Кошмо Штаттардын сот бийлиги жалгыз Жогорку Сотко жана Конгресс мезгил-мезгили менен түзүүчү төмөнкү сотторго таандык. Жогорку, ошондой эле төмөнкү соттордун судьялары өздөрүн таза алып жүргөндө гана кызматтарында турушат жана бекитилген мөөнөт ичинде көрсөткөн кызматы үчүн азайтылбай турган эмгек акы алышат.

1787-жыл, 17-сентябрь.

## Пакистан Ислам Республикасынын Конституциясы
## 2-март, 1956-жыл

Преамбула

Боорукер мээримдүү Алла таала үчүн, Ааламдын жогорку бийлиги бир гана эч тендеши жок Алла таалага таандык болгондуктан жана Пакистан эли жүргүзүүчү бийлик да Алланын ишенип берген ыйык салымы болгондуктан, Пакистандын негиздөөчү Каид-и-Азам Али Дисин-на Исламда көрсөтүлгөн принциптердин бири болгон социалдык акыйкат үстөмдүгү жолго салынып, Пакистан Республикасы демократиялык мамлекет болот деп жарыялагандыктан;

Пакистан элинин өкүлдөрүнөн турган Уюштуруу жыйыны эгемендүү жана көз каранды эмес Пакистан мамлекетинин Конституциясын иштеп чыгууну чечкендиктен;

Жогоруда айтылгандын негизинде мамлекет өз ыйгарымдарын жана бийлигин эл өкүлдөрү аркылуу аткарат.

Исламда жарыяланган эркиндик, теңдик, сабырдуулук, социалдык акыйкатчылык, демек, демократиянын принциптери толугу менен жүзөгө ашырылат.

Суннада жана Ыйык Куранда көрсөтүлгөндөй, Пакистандын мусулмандары ар бири жеке жана чогуу өз турмушун ислам окуусунун жана талаптарынын негизинде кура алат.

Азчылыкты түзгөндөрдүн өз динине ишенүү менен бирдикте өзүнүн маданиятын өнүктүрүү укуктары гарантияланат.

Азыр Пакистанга кирген жана кошулуп жаткан, ошондой эле кийин кошулушу мүмкүн болгон территориялар Пакистан Федерациясын түзөт жана ал Провинциялар ыйгарымдары менен бийлиги көрсөтүлүшү ыктымал болгондой чектелген автономдуу абалда болот да, негизги укуктары гарантияланат.

Юридикалык статус жана мүмкүнчүлүктөрдүн теңдиги, мыйзам алдындагы теңдик, эркин ой жүгүртүү, дин тутуу, сыйынуу, бирикмелерге биригүү сыяктуу негизги укуктар, ошондой эле экономикалык, социалдык жана саясый адилеттүүлүк коомдук моралдын жана мыйзамдын чегинде гарантияланат.

Азчылыкты түзгөндөрдүн, артта калган жана эзилген таптардын мыйзамдуу кызыкчылыктары гарантияланат.

Сот органдарынын өз алдынчалыгы толугу менен гарантияланат.

Федерациянын территориясынын бүтүндүгү анын көз карандысыздыгы, жерге, абага, деңизге карата эгемендиги менен бардык укуктары гарантияланат.

Пакистандын эли гүлдөп өнүгүп, дүйнөдөгү улуттардын арасында кадырлуу орунду ээлеп, эл аралык тынчтыкка дүйнөдөгү адамзаттын өнүгүшүнө жана бактылуу болушуна өз салымын толугу менен кошо алышы үчүн биз, Пакистан эли, Уюштуруу жыйыныбызды 1375-жылдагы Раджабдын 17-күнүнө туура келүүчү 1956-жылдын 29-февралындагы төмөндөгү Конституцияны түзөбүз жана кабыл алабыз.

## I бөлүк. Республика жана анын территориясы

**1. Республика жана анын территориясы.** Мындан ары Пакистан деп аталуучу Пакистан Ислам Республикасы деген ат менен федеративдүү республика катары түзүлөт.

## II бөлүк. Негизги укуктар

**2. Негизги укуктарга туура келбеген же аларды чектеген мыйзамдар** жараксыз деп эсептелет.

**5. Мыйзам алдында тең укуктуулук 1.** Бардык жарандар мыйзам алдында тен укуктуу жана мыйзам тарабынан бирдей корголуу укугуна ээ.

2. Бир дагы адам эркинен жана жашоосунан мыйзамсыз негизде ажыратылбоого тийиш.

**8. Сөз эркиндиги.** Ар бир жаран Пакистандын коопсуздугун, чет өлкөлүк мамлекеттер менен достук мамилесин сактоо, коомдук тартипти, адептүүлүктү же моралды карманyy, ошондой эле сотту сыйлоо, жалаа жабууга же кылмышка тукурууга жол койбоо үчүн зарыл болгон чектөөлөрдү сактоо менен эркин сүйлөөгө, өз оюн эркин билдирүүгө укуктуу.

**9. Чогулуш эркиндиги.** Бардык жарандар адеп-ахлакты жана коомдук тартипти бузбоо үчүн мыйзам тарабынан белгиленген акыл-эстүү чектөөлөрдү сактап, куралсыз чогулууга укуктуу.

**10. Бирикмелердин эркиндиги.** Ар бир жаран адеп-ахлакты жана коомдук тартипти бузбоо үчүн мыйзам тарабынан белгиленген акыл-эстүү чектөөлөрдү сактап бирикмелерди же союздарды түзүүгө укуктуу.

**11. Бир жерден экинчи жерге которулуу эркиндиги жана мүлккө ээ болуу, аны каалагандай пайдалануу укугу.** Белгилүү чектөөлөрдү сактоо, көпчүлүктүн кызыкчылыгын эске алуу менен ар бир жаран төмөнкү укуктарга ээ:

а) Пакистандын территориясынын чегинде бир жерден экинчи жерге эркин которулуу жана анын территориясынын каалаган бөлүгүндө жашоо;

б) Мүлк сатып алуу, аны ээлеп, өзү каалагандай пайдалануу.

14. Коомдук жайларга баргандарды дискриминациялоого тыюу салуу.

1. Көңүл ачуучу жана эс алуучу коомдук жайларга, эгерде алар жалаң гана диний максаттар үчүн арналган жай болбосо, барган адамдарды расасына, динине, жынысына, туулган жерине жараша дискриминациялоого жол берилбейт.

2. Ушул берене аялдарга тиешелүү болгон өзгөчө токтомдорду кабыл алууга тоскоолдук кылбайт.

**18. Динге ишенүү эркиндиги жана диний мекемелерди башкаруу эркиндиги.** Мыйзамдуу, коомдук тартипти жана моралдык принциптерин сактаган шартта:

а) ар бир жаран каалаган динине ишенүүгө, диний ырымдарды аткарууга жана диний үгүттөрдү жүргүзүүгө укуктуу;

б) ар бир диний община жана анын ар бир сектасы өздөрүнүн диний мекемелерин түзө алат.

20. Кол тийбестикти алып таштоо.

«Кол тийбестик» жоюлат. Аны ар кандай формада практикалоого тыюу салынат жана мыйзам тарабынан укук бузуу деп эсептелет

## III бөлүк. Мамлекеттин саясатынын жетектөөчү принциптери

**24. Мусулман өлкөлөрүнүн биримдигине жана эл аралык тынчтыкка көмөктөшүү.** Мамлекет мусулман өлкөлөрдү бириктирип турган алакаларды бекемдөөгө, эл аралык тынчтык менен коопсуздукка салым кошууга, адил эркти колдоого, бардык мамлекеттер ортосундагы достук мамилелерди чыңдоого жана эл аралык талаш-тартыштардын тынч жол менен чечилишине көмөктөшүүгө умтулат.

**25. Ислам принциптерин колдоо.**

1. Пакистандын мусулмандарынын ар бирине жана баарына өз турмуштарын Ыйык Курангa жана Суннага ылайык курушуна мүмкүндүк берүү үчүн бардык иш-чаралар көрүлүшү керек.

2. Пакистандын мусулмандарына карата мамлекет:

а) алар өздөрүнүн жашоосунун маңызын Ыйык Курангa жана Суннага ылайык таанып билишине өбөлгө түзүүчү каражаттарды камсыздоого;

б) Ыйык Куранды окуп-үйрөнүүнү милдеттүү кылууга;

в) исламдын моралдык принциптеринин биримдигине жана сакталышына көмөктөшүүгө умтулушу керек.

30. Сот жана аткаруу бийликтеринин бөлүнүшү.

Мамлекет мүмкүн болушунча сот жана аткаруу бийликтерин бири-биринен бөлөт.

## VI бөлүк. Федерация

**32. Президент.**

Мусулман болбогон бир дагы адам президенттик кызматка шайлана албайт; кырк жашка жетпеген болсо дагы шайланбайт.

**43. Пакистандын парламенти.**

Президенттен жана Улуттук жыйын деп аталган бир палатадан туруучу Пакистандын парламенти негизделет.

**44. Улуттук жыйындын курамы.**

1. ... он орун жалаң гана Жыйынга мүчө аялдар үчүн ажыратылат. Булардан бешөөнө Чыгыш Пакистандын шайлоо округдарынан, дагы бешөөнө Батыш Пакистандын шайлоо округдарынан шайланышат. Бул максатта аялдар үчүн атайын тийиштүү шайлоо округдары түзүлүшү керек.

**IX бөлүк. Жогорку сот**

**149. Жогорку соттун дайындалышы.**

Пакистандын башкы судьясын президент дайындайт, калган судьяларды президент башкы судья менен макулдашып дайындайт.

*2-март, 1956-ж.*

## Француз Республикасынын Конституциясы

### Преамбула

Француз эли 1789-ж. Декларацияда белгиленген жана 1946-ж. Конституциянын преамбуласында толукталган жана бекемделген улуттук суверенитеттин принциптерин жана адам укуктарын сактай тургандыгын салтанаттуу түрдө жарыялайт.

Ушул принциптерин жана өз тагдырын өзү аныктоо эркиндиги принциптеринин негизинде деңиздин ары жагындагы территорияларга эркиндиктин, тендиктин жана бир туугандыктын идеалдарына негизделген жана алардын демократиялык өнүгүшүнө кызмат кылган жаңы институттарды сунуш кылат.

**1-берене**

Республика жана ушул Конституцияны өз эрки менен кабыл алган деңиздин ары жагындагы территориялардын элдери коомчулукту уюштурат. Бул коомчулук анын курамына кирген элдердин тендигине жана тилектештигине негизделген.

**I бөлүм. Көз карандысыздык жөнүндө**

**2-берене**

Франция бөлүнгүс, дүйнөчүл, демократиялык жана социалдык мамлекет. Ал бардык жарандардын туткан дини-

не, расасына карабастан мыйзам алдындагы тең укуктуулугун гарантиялайт. Бардык диний ишенимдерди сыйлайт.

Республиканын тили француз тили болуп эсептелинет.

Улуттук эмблема – үч (көк, ак, кызыл) түстөгү желек.

Улуттук гимн – «Марсельеза».

Республиканын девизи – Эркиндик, Теңдик, Бир тууғандык.

Анын принциби – элдик башкаруу, элдин эрки менен, эл үчүн.

**II бөлүм. Республиканын Президенти**

**5-берене**

Республиканын Президенти Конституциянын сакталышына көз салат. Ал өзүнүн арбитражы менен элдик бийликтин нормалдуу иштөөсүн, ошондой эле мамлекеттеги уланмалуулукту камсыздайт.

Ал улуттук көз карандысыздыктын, территориялык бүтүндүктүн, эл аралык келишимдердин жана чечимдердин коомчулук тарабынан сакталышынын гаранты.

**6-берене**

Жалпы элдик тике шайлоо аркылуу Президент 7 жылга шайланат.

**IV бөлүм. Парламент**

**24-берене**

Парламент Улуттук жыйындан жана Сенаттан турат.

Улуттук жыйындын депутаттары түз добуш берүү жолу менен шайланат. Сенат кыйыр добуш берүү жолу менен шайланат. Ал Республиканын аймактык бирдиктеринин өкүлчүлүгүн камсыздайт. Сенатта Франциядан тышкары жашаган француздардын да өкүлдөрү болот.

**26-берене**

Парламенттин дагы бир мүчөсү өзүнүн функциясын аткарып жаткан учурда айткан пикири же берген добушу үчүн куугунтуктоого, тинтүүгө, кармалууга, камакка алынууга же соттолууга кабылууга тийиш эмес.

**V бөлүм. Парламент менен өкмөттүн мамилеси жөнүндө**

**34-берене**

Мыйзамдарды парламент кабыл алат.

**39-берене**

Мыйзам чыгаруу демилгеси премьер-министрге жана парламент мүчөлөрүнө таандык.

**64-берене**

Республиканын президенти сот бийлигинин көз карандысыздыгынын гаранты болуп саналат. Соттор алмаштырылбайт.

**Германия Федеративдүү Республикасынын негизги мыйзамы**

*(Кыскартылган)*

Преамбула

Элдин жана кудайдын алдындагы жоопкерчиликти сезип, дүйнө элине жана бирдиктүү Европа союзунун тең укуктуулугунун негизинде кызмат кылууга шыктанып, Германия эли негизги мыйзамды кабыл алат.

Ушул немистер Баден-Вюртенберг, Бавария, Берлин, Брандербург, Бреман, Гамбург, Гессен, Мекленбург-Алдыңкы Помперан, Кичи Саксония, Түндүк Рейн-Вестфалия, Рейн-Пфальц, Саар, Саксония, Саксония-Ангальт, Шлезвиг-Гольштейн жана Тюринг жеринде Германиянын биримдигин жана эркиндигин аныктай алууга жетишти. Бул Негизги мыйзам бүт Германия элине жайылтылат.

**I. Негизги укуктар.**

**1-берене**

1. Адамдын кадыр-баркы кол тийгис. Аны ар бир мамлекет бийлигиндегилер сакташы жана сыйлашы керек.

2. Немис эли укугу жана кол тийбестик дүйнө жүзүндөгү ар кандай адамзат коомчулугу жана адилеттүүлүктүн негизи деп эсептейт.

3. Төмөндөгү негизги укуктар түздөн түз колдонулуучу укуктар катары мыйзам чыгаруу, аткаруу сот бийликтери үчүн милдеттүү болуп эсептелет.

**2-берене**

1. Ар бир адам эгер ал башкалардын укуктарын, конституциялык тартипти жана адеп-ахлах мыйзамын бузбаса, өз инсанын эркин өнүктүрүүгө укуктуу.

2. Адам жашоого жана кол тийбестикке укуктуу. Инсан эркиндиги бузулгус. Бул укуктарга кийлигишүү мыйзам чегинде гана болушу керек.

**3-берене**

1. Бардык адамдар мыйзам алдында тең укуктуу.
2. Эркек жана аял тең укуктуу.

**4-берене**

1. Дин тутуу, абийир эркиндиги жана диний ишеним, дүйнө караш эркиндиги бузулгус.
2. Эч ким өзү каалабаса аскердик кызматка курал алып катышууга мажбурланбашы керек.

**7-берене**

1. Бардык мектеп иштери мамлекеттин көзөмөлүндө турат.
2. Тарбия берүүгө ыйгарымы бар адамдар баланын диний тарбия алышы керек же керек эместигин чечүүгө укуктуу.
3. Конфессионалдуу эместеринен тышкары мамлекеттик мектептерде динди окутуу милдеттүү түрдө жүргүзүлөт. Бир дагы мугалим өзү каалабаса динди окутууга милдеттендирилбейт.

**12-берене**

1. 18ге толгон эркектер Куралдуу күчтөрдүн катарына, федералдык чегара коргонуусуна жана жарандык коргонуу бөлүктөрүнө кызматка чыгарылышы мүмкүн.
2. Диний ишенимине байланыштуу курал алып аскердик кызмат өтүүдөн баш тарткан адамдар анын ордуна башкача кызмат өтөөгө милдеттүү.

**14-берене**

Менчик пайдалануу бир эле учурда коомдук жыргалчылык үчүн да кызмат кылууга тийиш.

**16-берене**

1. Эч ким Германиянын жарандыгынан ажыратылууга тийиш эмес. Жарандыкты жоюу жалаң гана мыйзамдык негизде, ал эми кызыкдар адам өзү каалабаса ал жарандыгы жок адам болуп калбаган учурда гана жүзөгө ашырылышы мүмкүн.

2. Бир дагы немис чет өлкөлүк мамлекетке кармап берилбөөгө тийиш. Саясий ишенимдери үчүн куугунттукка алынгандар баш калка алуу укугунан пайдаланышат.

**18-берене**

Ким өзүнүн эркин пикир айтуу укугун, мунун ичинде басма сөз эркиндигин (5-статьянын биринчи абзацы), сабак берүү эркиндигин (5-статьянын 3-абзацы), чогулуш эркиндигин (8-статья), биригүү эркиндиги (9-статья), кат жазышуу, почта, телеграф жана электр байланышын жашыруундугун (10-статья), менчик укугун (14-статья) же баш калка алуу укугун (16-статьянын 2-абзацы) эркин демократиялык түзүлүштүн негиздерине каршы күрөшүү үчүн пайдаланса, анын бул негизги укуктары жокко чыгарылат. Көрсөтүлгөн укуктардын жокко чыгарылыш фактысы Федералдык конституциялык соттун чечимине ылайык аныкталат.

**II. Федерация жана жерлер**

**20-берене**

1. Германия Федеративдүү Республикасы – демократиялык жана социалдык федеративдүү мамлекет.

2. Бардык мамлекеттик бийлик элден чыгат. Ал бийлик эл тарабынан шайлоо жана добуш берүү аркылуу жана мыйзам чыгаруу, аткаруу бийлиги жана сот адилеттүүлүгүнүн атайын органдары аркылуу ишке ашырылат.

**22-берене**

1. Федерациянын желеги кара-кызыл-алтын түстүү.

**III. Бундестаг**

**38-берене**

1. ГФРнын Бундестагынын депутаты бүткүл жалпы тике, тең укуктуу жана жашыруун добуш менен шайланат. Алар бүткүл элдин өкүлү болуп эсептелет, эч кандай наказдар жана көрсөтмөлөр менен байланышпайт, өзүнүн ар-намысына гана баш иет.

2. 18 жашка толгондордун бардыгы шайлоого укуктуу, ал эми шайланууга жарандык жетилген жашында гана укуктуу.

**39-берене**

Бундестаг 4 жылдык мөөнөткө шайланат.

### V. Федералдык Президент

**54-берене**

1. Федералдык Президент федералдык жыйында жарыш сөздөрдү өткөрбөй эле шайланат. Бундестагга шайлоого катышуу укугу бар жана жашы кыркка жеткен ар бир немис президент болуп шайлана алат.

2. Федералдык Президенттин ыйгарымдары 5 жылга созулат. Түздөн-түз кайра шайлоого бир гана ирет жол коюлат.

### VI. Федералдык өкмөт

**62-берене**

Федералдык өкмөт федералдык Канцлерден жана федералдык министрлерден турат.

**65-берене**

Федералдык Канцлер саясаттын негизги багыттарын аныктап, бул үчүн жоопкерчиликти өзүнө алат. Ушул негизги багыттардын чегинде ар бир федералдык министр өзүнүн тармагындагы иштерди өзүнүн жекече жоопкерчилиги менен жүргүзөт. Федералдык министрлердин пикирлери карама-каршы болуп калган учурларда талашты Федералдык өкмөт чечет. Федералдык Канцлер өкмөттүн иштерине Федералдык өкмөт кабыл алган жана Федералдык Президент жактырган регламентке ылайык жүргүзөт.

## Кыргыз Республикасынын Конституциясы

(*Үзүндү*)

## II бөлүм
## Адамдын жана жарандын укуктары менен эркиндиктери

### I глава. Негизги укуктар жана эркиндиктер

1. Адам укуктары жана эркиндиктери ажырагыс, ал ар бир адамга төрөлгөндөн эле таандык. Адам укуктары менен эркиндиктери эң жогорку баалуулук болуп эсептелет.

3. Кыргыз Республикасында мыйзам жана сот алдында бардыгы бирдей.

4. Кыргыз Республикасында эркектер менен аялдар бирдей укуктарга жана эркиндиктерге, аларды ишке ашыруу үчүн бирдей мүмкүнчүлүктөргө ээ.

**18-берене**

Ар бир адам ушул Конституцияда жана мыйзамдарда тыюу салынбаган башка дагы ар кандай иш-аракеттер менен иштерди жүзөгө ашырууга укуктуу.

**20-берене**

1. Кыргыз Республикасында адамдын жана жарандын укуктары менен эркиндиктерин жокко чыгаруучу же кемсинтүүчү мыйзамдар кабыл алынбашы керек.

4. Төмөнкүдөй тыюу салууларга Конституция кепилдик берет:

1) өлүм жазасына, кыйноого, дагы башка адамкерчиликсиз, мыкаачылык мамилеге;

3) кулчулукка, адамдарды соодалоого;

4) бала эмгегин эксплуатациялоого;

5) жарандык-укуктук милдеттенмени аткарбоонун негизинде эркиндигинен ажыратууга карата салынган;

6) инсандын ар-намысына шек келтирген маалыматты жайылткандыгы үчүн кылмыштык куугунтуктоого;

7) ой-пикирин, диний жана башка ынанымдарын билдирүүгө жана алардан баш тартууга мажбурлоого;

8) тынч чогулууга катышууга мажбурлоого;

9) өзүнүн кайсы этноско таандык экенин аныктап көрсөтүүгө мажбурлоого;

10) турак жайынан өзүм билемдик менен ажыратууга.

**II глава. Адам укуктары жана эркиндиктери**

**21-берене**

Ар бир адам ажыратылгыс жашоо укугуна ээ. Эч кимдин өмүрү өзүм билемдик менен кыйылышы мүмкүн эмес. Өлүм жазасына тыюу салынат.

**22-берене**

1. Эч ким кыйноолорго, башка адамкерчиликсиз, мыкаачылык же кадыр-баркынын басмырлаган мамилеге же жазалоого туш болушу мүмкүн эмес.

2. Эркиндигинен ажыратылган ар бир адам өзүнө гумандуу мамиле жасалышына жана адамдык кадыр-баркын сакталышына укуктуу

**23-берене**

1. Кыргыз Республикасында кулчулукка, адамдарды соодалоого жол берилбейт.

2. Бала эмгегин эксплуатациялоого тыюу салынат.

**24-берене**

1. Ар бир адам эркиндикке жана жеке кол тийбестикке укуктуу.

4. Эч ким соттун чечимисиз 48 сааттан ашык мөөнөткө кармалышы мүмкүн эмес.

**25-берене**

1. Кыргыз Республикасында ар бир адам ары-бери эркин жүрүүгө, барчу жана жашоочу жерин тандап алууга укуктуу.

2. Ар бир адам Кыргыз Республикасынын чегинен тышкары эркин чыгууга укуктуу.

**26-берене**

Ар бир адам мыйзамда каралган тартипке күнөөлүү экени далилденмейинче жана соттун чечими мыйзамдуу күчүнө киргени аныкталмайынча кылмыш жасаганга күнөөлүү деп эсептелбейт.

**29-берене**

1. Ар бир адам жеке турмушунун кол тийбестигине, ар-намысынын корголушуна укуктуу.

2. Ар бир адам кат-кабар алышууга, телефондук жана башка сүйлөшүүлөргө укуктуу.

**31-берене**

1. Ар ким эркин ой жүгүртүүгө жана өзүнчө пикирге ээ болууга укутуу.

2. Ар ким өз пикирин билдирүүгө, сөз жана басма сөз эркиндигине укутуу.

4. Улуттук, этностук, расалык, диний жек көрүүчүлүктү, гендердик жана башка социалдык үстөмдүктү үгүттөп, кодулоого, касташууга же күч колдонууга чакырган үндөөлөргө тыюу салынат.

**32-берене**

Ар кимге абийир жана дин тутуу эркиндиги кепилденет.

**33-berene**

1. Ар ким маалыматты эркин издөө, алуу, сактоо, пайдалануу жана аны оозеки, жазуу жүзүндө же башка ыкма жайылтуу укугуна ээ.

2. Ар ким мамлекеттик бийлик органдарындагы, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарындагы, мекемелериндеги же уюмдардагы өзү жөнүндөгү маалыматтар менен таанышууга укуктуу.

**34-berene**

Ар ким тынч чогулуш өткөрүү эркиндигине укуктуу. Эч ким чогулушка катышууга мажбурланууга тийиш эмес.

**35-berene**

Ар ким биригүү эркиндигине укуктуу.

**36-berene**

1. Үй-бүлө – коомдун негизи. Үй-бүлө, ата болуу, эне болуу, балалык – бүткүл коомдун камкордугуна алынат жана мыйзам менен артыкчылыктуу корголот.

2. Ар бир бала анын дене-боюнун, акыл-эсинин, ички руханий, ыймандык жана социалдык өнүгүүсү үчүн зарыл болгон жашоо деңгээлине укуктуу.

**37-berene**

1. Кыргыз Республикасында адамдын укугу менен эркиндигин кемсинтпеген элдик үрп-адаттар, каада-салттар мамлекет тарабынан колдоого алынат.

2. Улууларды урматтоо, туугандарына жана жакындарына камкордук көрүү – ар бир адамдын милдети.

**42-berene**

3. Ар ким эркин эмгектенүүгө, эмгекке жөндөмдүүлүгүн пайдаланууга укуктуу.

**43-berene**

1. Ар ким иш таштоого укуктуу.

**44-berene**

1. Ар ким эс алууга укуктуу.

**45-berene**

1. Ар ким билим алууга укуктуу.

**46-berene**

1. Ар ким турак-жайлуу болууга укуктуу.

**47-берене**

1. Ар ким ден соолугун коргоого укуктуу.

## III глава.
## Жарандык. Жарандын укугу жана милдеттери

**50-берене**

1. Жаран өзүнүн жарандыгына жараша укуктарга ээ жана милдеттерди аткарат.

2. Бир дагы жаран өзүнүн жарандыгынан жана өзүнүн жарандыгын өзгөртүү укугунан ажыратылышы мүмкүн эмес.

4. Жаран республиканын чегинен тышкары сыртка чыгарып салынбайт же башка мамлекетке берилбейт.

5. Кыргыз Республикасы өз чегинен тышкы жерлерде жарандарын коргоого жана калкалоого кепилдик берет.

**51-берене**

Жарандар Кыргыз Республикасына тоскоолдуксуз кайтып келүүгө укуктуу.

**52-берене**

1. Жарандар төмөндөгүлөргө укуктуу:

1) республикалык жана жергиликтүү маанидеги мыйзамдарды, чечимдерди талкуулоого жана аларды кабыл алууга катышууга;

2) ушул Конституцияда жана мыйзамдарда каралган тартипке мамлекеттик бийлик органдарын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдардын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарын шайлоого жана аларга шайланууга;

3) конституциялык мыйзамда каралган тартипке референдумга катышууга.

2. Жарандар мамлекеттик жана коомдук мааниси бар маселелер боюнча элдик курултайларды өткөрүүгө укуктуу.

3. Жарандар республикалык жана жергиликтүү бюджеттерди түзүүгө, ошондой эле бюджеттен иш жүзүндө чыгымдалган каражаттар жөнүндө маалымат алууга укуктуу.

**53-берене**

1. Жарандарга улгайганда, ооруп же эмгектенүүгө жараксыз болуп калганда, багып-көрөөрүнөн ажыраганда мыйзамда каралган тартипте жана жагдайларга социалдык жактан камсыз кылуу кепилдиги берилет.

**55-берене**

Жарандар мыйзамда каралган учурларда жана тартипте салыктарды, жыйымдарды төлөөгө милдеттүү.

**56-берене**

1. Ата-Мекенди коргоо – жарандардын ыйык парзы жана милдети.

*3-тиркеме*

## ИЗГИ САПАТТАР ЖАНА ПЕНДЕЛИК КҮНӨӨЛӨР

**Жети изгилик:**

Кудай эзелтен жанга берген үч изгилик – ишеним, үмүт жана кайрымдуулук: дагы төртөөнө кийин жетишилет, булар – адилеттүүлүк, элдик, токтоолук, акыл-эстүүлүк.

*Августин Аврелий*

### Владимир Мономах. «Насыят»

### (XII к.)

Үйүңөрдө жалкоолонбогула, баарына өзүңөр көз салгыла. Келген коноктор үйүңөргө да, сый тамагыңарга да күлбөгүдөй болсун.

Калп айтуудан, мас болуудан сактангыла – булар жаныңарга да, денеңерге да зыян. Конок кайдан гана келбесин, ал карапайым эле адамбы же аксөөкпү, элчиби, баары бир сыйлап, аш берип узаткыла...

Кайда барсаңар да, жолдо каерде токтоп эс алсаңар да, сурагандардын баарына тамак, суусундук бергиле... Жакшылык иштен баш тартпагыла, жалкоолук кылбагыла.

Кез келген кишилерге салам айтпай өтпөгүлө, учурашкан адамдардан жакшы сөзүңөрдү аябагыла.

Билгениңерден жакшыларын унутпагыла, билбегениңерди үйрөнүп билип алгыла... Жалкоолук – бардык жаман нерселердин башталышы: жалкоо билгенин унутат, билбегенин үйрөнүүгө умтулбайт.

## ЭРКИНДИКТИН УЛУУ ХАРТИЯСЫНАН

(*Кыскартылды*)

Иоан, кудайдын ырайымы менен Англиянын королу, Ирландиянын сеньору Нормандиянын жана Аквитаниянын герцогу, Анжунун графы, архиепископторго, епископторго, аббаттарга, графтарга, барондорго... жана бардык кызмат адамдарына жана өзүнө берилгендерге салам жолдойт. Биз кудайдын амири менен жана өзүбүздүн да, бардык ата-бабаларыбыздын, урпактарыбыздын да жан-ыйманыбызды сактоо үчүн, кудайды даңазалап, ыйык чиркөөнүн зоболосун көтөрүү максатында төмөндөгүлөрдү ырастай турганыбызды билип койгула:

1. Биринчиден, кудай алдында макулдугубузду билдирип, ушул хартия аркылуу өзүбүз үчүн жана мураскорубуз үчүн түбөлүк англис чиркөөсү эркин болушуна жана өзүнүн бүтүндүк укугуна, өзүнүн кол тийгис эрктүүлүгүнө ээ болушун жактарыбызды тастыктайбыз.

13. Лондон шаары да байыркы эрктүүлүктүн баарына жана кургактыкта да, деңизде да өзүнүн эркин үрп-адаттарына ээ болууга тийиш. Мындан тышкары биз бардык башка шаарлар менен бургдар, жерлер, порттор эрктүүлүккө жана өздөрүнүн үрп-адаттарына ээ болушун каалайбыз жана буга жол коёбуз.

16. Эч ким өзүнүн рыцарь катары ээлеген жерлери же башка эркиндиги үчүн тийиштүү болгондогудан ашыкча кызмат өтөөгө мажбурланбоого тийиш.

20. Эркин адам анча-мынча күнөөсү үчүн ошого жараша, чоң күнөөсү үчүн да ага ылайык айып (штраф) тартууга тийиш. Ошондо деле анын негизги мүлкү кол тийгис бойдон калышы керек; дал ушул сыяктуу эле соодагер (айып тартып) өзү жана товары кол тийгис болот. Вилла да ушундайча айып тартат да, эгер биз айып салбасак анын мүлкү кол тийгис болот. Аталган айыптардын эч кайсынысы чынчыл адамдар менен кошуналар ант берип күбө өтмөйүнчө салынбайт.

39. Бир дагы эркин адам кармалышы, түрмөгө отургузулушу, мыйзамдан сырткары деп жарыяланышы же куулуп чыгышы же мүлкүнөн ажыратылышы мүмкүн эмес, биз ага аны менен тең укуктуулар чыгарган мыйзамдуу өкүм бол-

моюнча же өлкөнүн мыйзамында талап кылынбаса, барбайбыз да, эч кимди жибербейбиз.

40. Эч кимге укуктарды жана адилеттүүлүктү сатпайбыз, эч кимдин укуктарын жокко чыгарбайбыз, адилеттүүлүккө баары акылуу.

52. Эгер кимдир бирөөнү өзүнүн пэрилеринин мыйзамдуу өкүмсүз жеринен, сарайларынан, эркинен же укугунан биз ажыратсак, биз аларды дароо эле ага кайрып беребиз. Эгер бул тууралуу талаш пайда болсо, анда бул жыйырма беш барондун өкүмү боюнча чечилсин.

*Англия, 1215-ж.*

*5-тиркеме*

## ЭЛ АРАЛЫК ГУМАНИТАРДЫК УКУК

**Түшүнүктөр:**

- Женева укугу
- Гаага укугу

**Негизги даталар:**

Женева укугу:

1949-ж. төрт Женева конвенциялары

1977-ж. эки кошумча протокол киргизилген

Гаага укугу:

1899-ж. түзүлгөн

1907-ж. Гаага конвенцияларынын негизинде кайра түзүлгөн.

Куралдуу жаңжалдардын курмандыктарын укуктук жактан коргоо жана алардын натыйжаларын жеңилдетүү боюнча иш аракеттерди жүргүзүү эл аралык гуманитардык укуктун милдети болуп эсептелет.

Эл аралык гуманитардык укук эки бөлүктөн турат. Биринчиси «Женева укугу» экинчиси «Гаага» укугу деп аталат.

**«Женева укугу»** – аскерде жараксыз болуп калган аскер адамдарынын жана согуштук аракеттерге катышпаган адамдардын кызыкчылыктарын коргойт. Анын курамына 1949-ж. кабыл алынган төрт Женева конвенциялары жана 1977-ж. эки кошумча протоколдор кирет. Бул документтерде куралдуу кагылышуулар учурунда адамды коргоого багытталган нормалар жана эрежелер чагылдырылган.

Негизги документтерге 1949-жылдагы төрт Женевалык конвенциялар кирет.

1. Конвенция. Согушуп жаткан армиялардагы жарадар жана оорулуу аскерлердин абалын жакшыртуу тууралуу

2. Конвенция. Деңиздеги куралдуу күчтөрдүн курамындагы жарадар оорулуу жана кеме кыйроосуна дуушар болгон адамдардын абалын жакшыртуу жөнүндө

3. Конвенция. Согуш туткандарына жасалуучу мамиле жөнүндө

4. Конвенция. Согуш убагында жарандык калкты коргоо жөнүндө Женева конвенцияларына 1977-ж. эки кошумча протоколу киргизилген.

1. Кошумча протоколу. Эл аралык куралдуу жаңжалдардан жабыр тарткан адамдарды коргоого тиешелүү.

2. Кошумча протоколу. Эл аралык эмес мүнөздөгү куралдуу жаңжалдардан жабыр тарткандарды коргоого тиешелүү.

Женева укугу Кызыл Кресттин негизги идеяларын чагылдырат.

«Гаага укугу» же «согуш укугу» согуш аракеттери болуп жаткан учурда, согушуп жаткан тараптардын укуктарын жана милдеттерин аныктайт. Анын максаты согуш аракеттерин көзөмөлдөө. Гаага укугу согуштук зарылчылыкка жана мамлекетти сактап калуу принциптерине негизделген. Бул укук 1899-жылы түзүлүп, кийин 1907-ж. кайра каралып, Гаага конвенцияларынын негизинде түзүлгөн. Гаага укугунун кээ бир бөлүгү андан алынып 1929-, 1949-жылдардагы Женева укугунун курамына киргизилген. Ага аскер туткундарынын, жарадарлардын, согуштук аракеттердин учурунда, деңизде жана басып алынган аймактагы жапа чеккен тынч жаткан калктын статусун караган бөлүмдөр кирет.

1954-ж. Гаага укугуна Гаагада кол коюлган маданий баалуулуктарды коргоо тууралуу Конвенция кирет. Ошондой эле 1980-ж. Женевада кадыресе куралдардын түрлөрүн колдонууну чектөө же тыюу салуу тууралу конвенцияда киргизилген. Эл аралык гуманитардык укуктун ченемдер 1864-ж. Женева конвенциясынан башталса, адам укугу боюнча мыйзам кабыл алуулар 1948-ж. Адам укугунун жалпы Декларациясынан башталып БУУ чоң ролду ойногон.

Гуманитардык укук аскердик кагылышуулар жана согуш учурунда күчүнө кирсе, адам укугу боюнча мыйзамдар тынчтык убагында ишке ашырылат. Дагы бир айырмачы-

лыгы адам укугу боюнча мыйзамдар мамлекет менен анын атуулунун ортосундагы мамилени көзөмөлдөсө, гуманитардык укук эки каршылаш мамлекеттин атуулунун ортосундагы мамилени өзүнө камтыйт.

## ВЕНН ДИАГРАММАСЫ

### Мамлекет менен жарандык коомдун өз ара карым-катышы

Тегеректердин кесилишинде мамлекет менен жарандык коомдун карым-катышы кайсы түзүмдөр аркылуу өтөрү көрсөткүлө.

**Мамлекет**

**Мазмуну:** социалдык топтурдун, этностордун жалпы маанидеги таламдарын жүзөгө ашыруу чөйрөсү

**Ишке ашыруу каражаты:** конституция, бийлик, мажбурлоо, укук

**Мамлекеттин негизи:** саясий институттар, мыйзам чыгаруу, аткаруу жана сот бийликтеринин органдары, лидерлер, элита

**Жарандык коом**

**Мазмуну:** жеке адамдар менен топтордун таламдарын жүзөгө ашыруу чөйрөсү

**Ишке ашыруу каражаты:** ынандыруу, укуктук жана моралдык нормалар, салт, үрп-адат, искусство ж.б.у.с.

**Жарандык коомдун негизи:** тартып алынгыс укуктары бар эркин адам жана бул укуктарды пайдаланууга жардам бере турган саясый эмес уюмдар

**Адекваттуу** – толугу менен бир нерсеге туура, дал келүүчү, окшош.

**Апатия** – турмушка кайдыгер, көңүлсүз мамиле: мындай абалда ички умтулуу, кызыкчылыктар, эмоциялык реакция начарлап кеткен же толугу менен жоголгон болот.

**Адеп-ахлах (ыйман)** – жүрүм-турумду, коомдо адамга зарыл болгон руханий жана жан дүйнө сапаттарын аныктаган эрежелер, ошондой эле бул эрежелердин аткарылышы.

**Билль** – айрым өлкөлөрдүн (Англиянын, Канаданын, АКШнын ж. б.) мыйзам чыгаруу органдарынын кароосунда киргизилүүчү мыйзам долбоору, ошондой эле кээ бир мыйзамдардын аткарылышы.

**Декларация** – кайсы бир принциптерди жар салган эл аралык укуктук документ. Декларациялар сөздүн түз маанисинде милдеттүү мүнөздө болбойт.

**Депутат** – мамлекеттик бийликтин жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына шайлануучу калктын өкүлү.

**Дискриминация** – расасына, улутуна, динине же социалдык тегине, саясый көз караштарына, жынысына ж. б. карай жарандардын айрым топторунун укуктарын чектөө же жоюу.

**Жарандык коом** – коомдук турмушта адамдар өздөрүнүн жекече максаттары менен керектөөлөрүнө жараша өз алдынча карым-катнашта болгон чөйрөсү.

**Жарандык** – адамдын жана мамлекеттин саясый-укуктук байланышы. Мында эки тараптын тең өз ара укуктары жана милдеттери болот.

**Жеке адамга сыйынуучулук** – кимдир бирөөнү өтө эле көкөлөтүп, ыйык көтөрүүчүлүк.

**Жөндөмдүүлүктөр** – адамдын жекече туруктуу сапаттары. Ар кайсы ишмердик түрлөрүндөгү ийгиликтери адамдын тийиштүү жөндөмүнө жараша болот.

**Индивид** – коомдун, элдин, таптын, кайсы бир социалдык топтун, адамзаттын өзүнчө турган өкүлү.

**Индивидуалдуулук** – жеке жандын кайталангыс өзгөчөлүктөрү, кайсы бир индивидуумду башкалардын баарынан айырмалап турган белгилердин жыйындысы.

**Индивидуум** – ар бир жеке жана өз алдынча жашаган организм, жандык (мисалы, жаңы төрөлгөн бала, ит, мышыктын мыйы ж. б. у. с.)

**Инсан** – өзүнүн социалдык ролдорун толук кандуу деңгээлде аткарууга жөндөмдүү жана даяр адам.

**Кодекс** – коомдук мамилелердин кайсы бир тарамын дааналата же түздөн-түз жөнгө салуучу укуктук ченемдердин баарын же негизги бөлүгүн камтыган мыйзам.

**Конвенция** – кайсы бир атайын маселе боюнча милдеттүү түрдө аткарылууга тийиш болгон эл аралык келишим же макулдашуу. Пактылар менен конвециялар кабыл алынып, кол коюлгандан кийин эмес, көрсөтүлгөн сандагы мамлекеттер аларды ратификациялагандан (бекиткенден) кийин гана күчүнө кирет. Пактылар менен конвенцияларга катышуучу мамлекеттер бул эл аралык документтерде камтылган милдеттемелерди моюнга алышат, аларды катуу сактоого, аткарууга тийиш.

**Конституция** – өлкөдөгү белгилүү мамлекеттик түзүлүштү, бийлик органдарынын түзүмүн жана компетенцияларын бекиткен негизги мыйзам (мыйзамдар). Ал эң жогорку юридикалык күчкө ээ, практика жүзүндө иштеп турушу керек, өзгөчө процедуралар аркылуу өзгөртүлүшү мүмкүн.

**Конформизм** – (лат. “окшош”, “жакын”) адамдын кайсы бир топ жасаган же жасады деп ойлогон кысымына көнүп берүүчүлүгү. Бул анын адегенде көпчүлүктүн позициясына туура келбеген өзүнүн жүрүм-турумунан жана көз карашынан баш тартуусунан көрүнөт.

**Коррупция** – бул бийлик ыйгарымдары бар адамдардын өз кызмат абалын жекече кызыкчылыктары үчүн пайдаланып, мамлекет менен коомго зыян келтириши.

**Кредо** – ынаным, көз караш, дүйнөкараш негизи.

**Керектөө** – организмдин, инсандын, социалдык топтун, бүтүндөй коомдун жашоосу жана өнүгүүсү үчүн анык зарыл нерсеге болгон муктаждык; активдүү болууга түрткү берүүчү ички кызыкчылык.

**Коом** – 1) жашоодо адамдар ортосунда калыптанып тарыхый өнүгүүчү мамилелердин жыйындысы; 2) адамдардын жалпылыгы.

**Лидер** – көндүрүү же жекече өрнөк көрсөтүү жолу менен башкаларды ээрчите алган адам; өзүнүн же бүтүндөй топтун максатын көздөп, топко таасир эте билген адам.

**Лоббирлөө тобу** – кайсы бир саясый кызыкчылыкты коргоо үчүн мыйзам чыгаруучуларга таасир этүүчү аларды өз тарабына тартууга аракеттенүүчү топ.

**Мораль** – адамдардын жүрүм-турумун жөнгө салуучу коомдук ченем, эрежелер.

**Мыйзам** – мамлекеттик жана коомдук турмуштагы эң маанилүү маселелерди жөнгө салуучу ченемдик укуктук акт.

**Мүнөз** – адамдардын башка адамдарга карата иш-аракетин, мамилесин аныктаган сапаттардын жыйындысы.

**Муниципалдык менчик** – жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын карамагындагы мүлк.

**Объективдүү** – калыс, туура.

**Омбудсмен (Акыйкатчы)** – мамлекеттик бийлик, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары, кызмат адамдары тарабынан адам укуктары менен эркиндиги кандай сакталып жаткандыгына көзөмөл жүргүзүүчү кызмат адамы. Омбудсмен институту Кыргызстанда 2002-жылдын баштап киргизилген.

**Пакт** – бул катышуучу мамлекеттер жоболорун тутунууга расмий түрдө макулдашкан эл аралык документ.

**Плюрализм** – пикирлердин, көз караштардын ар түрдүүлүгү.

**Преамбула** – мыйзамдын, документтин кириш, түшүндүрүүчү бөлүгү.

**Протокол** – актыга же конвенцияга тиркеме боло турган эл аралык келишим.

**Психология** – 1) иш-аракеттин кайсы бир түрүн шарттап турган психикалык процесстер жыйындысы; 2) психикалык ишмердиктин жүрүшүн жана мыйзамченемдүүлүктөрүн изилдеген илим.

**Ратификация** – эл аралык документтин мамлекеттеги эң жогорку органы тарабынан бекитилиши.

**Референдум** – эң маанилүү чечимдерди кабыл алуу максатында өткөрүлүүчү бүткүл элдик добуш берүү.

**Социалдык мүдөө** – адамдардын коомдогу жүрүм-турум, өз-ара мамилелерин шарттоочу ынанымдары.

**Субъективдүү** – адамдын жекече көз карашына, түшүнүгүнө, аң-сезимине байланышкан.

**Суверенитет** – мамлекет бийлигинин өлкө ичинде да, эл аралык деңгээлде да көз карандысыздыгы.

**Эрктүүлүк сапаттары** – бул адамдын көздөгөн максаттарына жетишүүсүнө таасир этүүчү сапаттар.

**Темперамент** – адамдын башка адамдарга, социалдык кырдаалдарга кандайча мамиле кыларын аныктаган сапаттарынын айкалышкан өзгөчөлүгү.

**Толеранттуулук (сабырдуулук)** – адамдардын башкача болуу укугун, алардын бөлөкчө экендигин таануу.

**Трайбализм** – (англ. tribe – уруу) уруунун маданий-тиричилик, сыйынуу, коомдук-саясый обочолонуусун жактагандык.

**Укук** – коомдогу мамилелерди жөнгө салып туруучу атайын чек-чемдердин системасы.

**Укуктук мамлекет** – ыйгарымдары адам укуктары жана эркиндиги менен аныкталып чектелген мамлекет.

**Харизма** – (грек. charisme – кудай тартуулаган шык, жөндөм) – лидердин абдан сейрек жөндөмдөрү бар экендигин билдирген түшүнүк.

**Хартия** – орто кылымдарда жана жаңы мезгилде коомдук-укуктук жана саясый мүнөздөгү документ.

**Эмоциялар жана мотивациялар** – сезимдер жана иш-аракетке түрткү болгон ниет.

## МАЗМУНУ

Кириш сөз....3

I глава. АДАМ, КООМ, МАМЛЕКЕТ ЖӨНҮНДӨ ТҮШҮНҮК ЖАНА КЫРГЫЗСТАН МАМЛЕКЕТТҮҮЛҮГҮНҮН ТАРЫХЫ

§ 1. Адам жана инсан жөнүндө түшүнүк....5
§ 2. Мамлекет түшүнүгү. Укуктук мамлекеттер....9
§ 3. Байыркы Кыргыз мамлекеттеринин тарыхы (б. з. ч. III – X кылымдын башы)....12
§ 4. Кыргызстанда улуттук мамлекеттин түзүлүшү....17
§ 5. Кыргыз Республикасынын Конституциясы....21
§ 6. Кыргыз Республикасынын ыйык белгилери....27

II глава. КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МАМЛЕКЕТТИК БИЙЛИГИ ЖАНА САЯСЫЙ СИСТЕМАЛАРЫ

§ 7–8. Мамлекетти башкаруунун формалары....35
§ 9. Шайлоо системалары....41
§ 11. Мамлекеттик органдар. Кыргыз Республикасынын Президенти....48
§ 12. Демократиялык мамлекетте мамлекеттик бийликтин уюштурулушу....53
§ 13–14. Кыргыз Республикасынын аткаруу бийлиги....56
§ 15. Кыргыз Республикасынын сот бийлиги....61

III глава. МАМЛЕКЕТТИК САЯСИЙ ТАРТИПТЕР ЖАНА ЖАРАНДЫК КООМ

§ 16. Мамлекеттин саясый-аймактык түзүлүш формасы....65
§ 17–18. Мамлекеттик саясый тартиптер....67
§ 19–20. Антидемократиялык тартиптер....73
§ 21–22. Коом жана жарандык коом....80
§ 23. Саясый партиялар....86

IV глава. АДАМ УКУКТАРЫ ЖАНА АЛАРДЫ КОРГОГОН ЭЛ АРАЛЫК УЮМДАР

§ 24. Укук жөнүндө түшүнүк. Адам укуктары....91
§ 25. Байыркы дүйнөдөгү, орто кылымдагы жана жаңы доордогу укуктар....96

§ 26. Советтик доордогу укук.................................99
§ 27–28. БУУнун түзүлүшү жана адам укуктарынын жалпы декларациясы.................................103
§ 29. Баланын укутары жөнүндө конвенция.................................108
§ 30. Укук тармактары.................................113
§ 31. Мыйзам жана укук коргоо органдары.................................117
§ 32. Омбудсмен (Акыйкатчы).................................121
§ 33. Конфликт жана толеранттуулук.................................124

ТИРКЕМЕЛЕР.................................128

*1-тиркеме*

Адам укуктары боюнча эл аралык документтер.................................128
Адам укуктарынын жалпы декларациясы.................................129
Балдардын укуктары жөнүндө конвенция.................................131

*2-тиркеме.* Дүйнөдөгү айрым өлкөлөрдүн конституциясы

Америка Кошмо Штаттарынын Конституциясы.................................134
Пакистан Ислам Республикасынын Конституциясы.................................135
Француз Республикасынын Конституциясы.................................139
Германия Федеративдүү Республикасынын негизги мыйзамы.................................141
Кыргыз Республикасынын Конституциясы.................................144

*3-тиркеме.* Изги сапаттар жана пенделик күнөөлөр.................................149

*4-тиркеме.* Эркиндиктин Улуу Хартиясынан.................................150

*5-тиркеме.* Эл аралык гуманитардык укук.................................151

Венн диаграммасы.................................153

Сөздүк.................................154